# АБЕПТҮҮ ПЕРЗЕНТ АТА-ЭНЕНИН СЫЙМЫГЫ

# ИСЛАМ АДЕПТЕРИ

## КИРИШ СӨЗ

Аллахка чексиз мактоо-шүгүрлөр болсун. Анткени Ал Аллах Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламды, Өзүнүн ырайымына жетүүнү каалагандар үчүн үлгү кылып жиберди. Аллах таала Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, башкаларга үлгү кылып жебергендиги тууралуу төмөнкү аятта ачык баяндады.

Аллах таала айтты:

«Чындыгында Аллахтын Элчисинде силер үчүн, Аллахтын (сооп-сыйлыгын), акыретте (Анын ырайымын) үмүт кылгандар үчүн, жана Аллахты көп эстегендер үчүн эң жакшы үлгүлөр бар».[1]

Мусулман үммөтүнө жол башчы, ыймандууларга үлгү, эң жакшы күлк-мүрөздүн ээси, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, салам-салаваттар болсун.

Аллах таала ал Пайгамбарды ыйык Куранда «улуу кулк-мүнөздүн ээси» деп баса белгилеп айткан.

Аллах таала айтты: «Чындыгында сен улуу кулк-мүнөздүн ээсисиң».[2]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, адеп-ахлагы жана анын кулк-мүнөзү эң жогорку деңгээлдеги адеп-ахлактын башаты болгон.

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Мен болгону адеп-ахлактуулукту толуктоо үчүн гана жиберилдим».[3]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, толук ишенген, аны ээрчиген жана аны менен бейиште бирге болуп бактылуу болгон адам – ал Пайгамбарыбыздын адеби менен адептенген жана анын сүннөтүн толук карманган адам. Анткени Пайгамбарыбыз: «Ким адеп-ахлагын оңдосо, анда мен ага бейиштин төрүнөн хансарай берилишине кепил боломун»[4] – деп айткан.

Ким Пайгамбарга моюн сунуп, аны ээрчип, Аллахты бардык ширктерден аруулап, жалгыз Ага гана ибадат кылып, шарыятты бекем карманып, зекетин берип, ороз кармап, ата-энесине жакшылык кылып, Аллах арам кылган нерселерден тыйылып, зынадан, арактан ж.б. арам иштерден алыс жүрсө, анда Аллах таала сөзсүз бейишке киргизет.

Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Баш тарткандардан башка менин бардык үммөтүм бейишке кирет» – деп айтты. Ошондо: «Оо, Аллахтын Элчиси! Кимдер баш тартышат?» – деп сурашты. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Ким мага моюн сунса, анда ал бейишке кирет. Ал эми ким каршы чыкса, анда баш тарткан болот» – деп айтты».[5]

---

[1] (Ахзаб сүрөөсү, 21-аят)
[2] (Калам сүрөөсү, 4-аят)
[3] («Аль-Адабу аль-Муфраду, 273», Бухари)
[4] (Сахих Абу Дауд, 4800)
[5] (Сахих Бухари, 2780)

Ар бир мусулман пайгамбардай адеп-ахлактуу болушу жана анын жолун жолдоосу менен ага татыктуу үммөт боло атат. Адеп-ахлактуулукта үлгү болгон Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын ыйык насааттары тарых барактарында алтын тамгалар менен жазылып калган. Ким Пайгамбарга чыныгы үммөт болууну кааласа, анда анын адеп-ахлагын үйрөнсүн жана үй-бүлөсүнө, балдарына үйрөтсүн. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, адеп-ахлагы жана баа жеткис асыл насааттары бул «Ислам адептери» аттуу китебинде жыйынтыктап жазылган.

Пайгамбарды ээрчип эки дүйнө бактылуулугуна жетүү үчүн анын асыл насааттарын окуп билүү зарыл. Мына ошондуктан бул баа жеткис асыл насааттарды жазып элге жеткирүүнү туура көрдүм. Мен бул китепти акыйкат жолун издеген бардык жаштардын окуусун, ата-энелер балдарына туура тарбия берүү үчүн окуп берүүсүн, аларга үйрөтүүсүн, мечит медреселерде окулуусун, жума кутбалардында айтылуусун жана Пайгамбарды ээрчүүнү каалаган ар бир мусулманга насаат кыламын.

Түбөлүктүү, Башкаруучу, Улуу Аллах. Анын «бол» деген буйругу сөзсүз болот. Бул китептин элге пайдасы тийген, адамдарды Аллахка жакындата турган, алардын туура жолго түшүүлөрүнө себепчи болгон жана Пайгамбардын сүннөттөрүн ачыктаган китептерден болуусун Аллахтан суранам.

Оо, Аллах! Өзүң Кечирүүчүсүң. Бул кирепти жазгандардын, окугандардын, тараткандардын баарын күнөөлөрүн кечирип, бейишиңе киргизе көр.

Автор: Шейх Уахид Абдусалам ибну Баали

**УЙКУДАН ТУРГАНДАГЫ АДЕПТЕР**

1. УЙКУДАН ТУРААР ЗАМАТ АЛЛАХТЫ ЭСТӨӨ

Хузайфа ибну Яман, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кечинде төшөгүнө жатканда колун бетинин астына коюп мындай дейт эле: «Оо, Аллах! Сенин атың менен жан беремин жана тирилемин. (Аллахумма бисмика амууту уа ахья)». Ал эми уйкудан турганда мындай деп айтат эле: «Бизди өлтүрүп кайра тирилткен Аллахка мактоо-шүгүрлөр болсун жана (кыяматта) кайрадан тирилип Ага гана кайтабыз. (Альхамду лиллаахиль лазии ахйаана баъда маа амаатанаа уа иляйхин-нушуур)». [1]

2. ШАЙТАН ТҮЙГӨН ТҮЙҮНДӨРДҮ ЧЕЧҮҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Уктаган кезде ар бир адамдын желкесине шайтан үч түйүн түйөт. Ар бир түйүндү уруп: «Түнүң узун, уктай тур» – дейт. Эгерде ал ойгонуп Аллахты эстесе, (биринчи) түйүн чечилет; даарат алса, (экинчи) түйүн чечилет; намаз окуса, (үчүнчү) түйүн чечилет жана ал өзүн сергек, жайдаары сезет. А эгер мындай кылбаса, анда ал эч нерсени жактырбай, шалдырап турат».[2]

3. МИСВАК КОЛДОНУУ

Хузайфа ибну Яман, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, түндө уйкудан турганда оозун мисвак менен жуучу».[3]

4. ҮЙ-БҮЛӨСҮН ТҮНКҮ НАМАЗГА ОЙГОТУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейих уа саллам, мындай деп айтты:

«Түндө уйкудан туруп намаз окуп андан кийин аялын ойготкон, аялы турбай койсо анын бетине суу чачкан эркекти Аллах Өз ырайымына алсын. Ошондой эле түндө уйкудан туруп намаз окуп андан кийин күйөөсүн ойготкон, күйөөсү турбай койсо, анын бетине суу чачкан аялды Аллах Өз ырайымына алсын».[4]

## АЖАТ ӨТӨӨНҮН АДЕПТЕРИ

1. АЖАТКАНАГА КИРГЕНДЕ АЙТЫЛУУЧУ ДУБА

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ажат канага киреерде мындай деп айтат эле:

«Оо, Аллах! Чындыгында мен Сенден эркек жана ургаачы жин-шайтандардын зыяндарынан коргооңду сураймын. (Аллахумма ин-нии аъуузу би-ка миналь-хубси уаль-хабаис)».[5]

2. ТОСМО ЖОК ЖЕРДЕ КЫБЫЛА ТАРАПТЫ КАРАП АЖАТЫН ӨТӨБӨӨ

Абу Аюб, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

[1] (Сахих Бухари, 6314)
[2] (Сахих Бухари, 3269)
[3] (Сахих Бухари, 245)
[4] (Сунан Абу Дауд, 1450)
[5] (Сахих Бухари, 142)

«Эгер ажат өтөй турган болсоңор, анда кыбыла тарапка алдын жана артын салып олтурбасын. Бирок чыгыш тарапты же батыш тарапты карап олтурсун».[1]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Эгерде силердин бирөөңөр ажатын өтөө үчүн олтурса, анда ал кыбыланы карап олтурбасын. Ошондой эле кыбылага артын салып олтурбасын».[2]

3. АЖАТ ӨТӨП ЖАТКАНДА КИЙИМДИ ЫПЛАСТАН САКТОО

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхума, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, жанаша турган эки кабырдын жанынан өтүп бара жаткан кезде: «Чындыгында бул эки кабырда жаткан адамдар азап тартып жатышат. Алар чоң күнөөсү үчүн азапталып жаткан жок. Мына бул кабырда жаткан адам заара кылганда заарасын тазалабагандыгы үчүн азап тартып жатат. Ал эми бул кабырдагы болсо, ал ар дайым адамдардын арасында ушак сөздөрдү таратып жүргөндүгү үчүн азапталып жатат» – деп айтты. Андан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, курма бутагын алып келип, аны экиге бөлүп, ал эки кабырга бир бирден сайып: «Мүмкүн ушул кабырдагылардын азабы курма бутагы кургаганга чейин жеңилдээр» – деп айтты.[3]

4. АЖАТ ӨТӨП ЖАТКАНДА СӨЗ СҮЙЛӨБӨӨ

Ибну Умар, радыяллаху анхума, айтты:

«Бир киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, заара кылып жатканда салам берет. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, анын саламына алик албады».[4]

5. АУРАТ ЖЕРЛЕРДИ ОҢ КОЛ МЕНЕН КАРМАБОО

Аурат – адам баласынын алды жанан атркы уяттуу жерлери. Тактап айтканда эркектердин киндигинин астынан тизесинин астына чейин, ал эми аялдардын бети, эки колу, эки бутунан башка бүт денеси аурат болуп саналат.

Абу Катада, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде силердин бирөөңөр заара кыла турган болсо, анда ал жыныстык мүчөсүн оң колу менен кармабасын жана ал мүчөлөрдү оң колу менен да жуубасын. Ошондой эле силердин бирөөңөр идиштен суу иче турган болсо, анда ал идиштин ичине үйлөбөсүн».[5]

6. ИЧ ДААРАТТЫ СОЛ КОЛ МЕНЕН АЛУУ

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, аялы Хафса, радыяллаху анха, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, оң колун жеп-ичишке жана кийим кийүүгө колдонот эле. Ал эми алардан башка нерсени сол колу менен кылчу».[6]

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

---

[1] (Сахих Бухари, 394)

[2] (Сахих Муслим, 265)

[3] (Сахих Муслим, 292)

[4] (Сахих Муслим, 370)

[5] (Сахих Бухари, 154)

[6] (Сунан Абу Дауд, 32)

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, таза иштерди кылганда жана жеп-ичкенде оң колун колдончу. Ал эми ажат өтөө иштеринде жана ыплас нерселерди тазалаганда сол колу менен тазалачу».[1]

Салман, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бизди кыбылага карап ажат өтөөдөн жана алды жана атркы уяттуу жерлерин оң кол менен тазалоодон тыйган».[2]

7. АДАМДАР ӨТКӨН КӨЧӨЛӨРГӨ ЖАНА КӨЛӨКӨЛҮҮ ЖЕРЛЕРГЕ АЖАТ ӨТӨӨДӨН АЛЫС БОЛУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, сахабаларына:

«Каргыш тийген эки иштен алыс болгула!» – деп айтты. Сахабалар: «Оо, Аллахтын Элчиси! Ал каргыш тийген эки иш эмне?» – деп сурашты. Пайгамбар: «Алар адамдардын жолдоруна же адамдар көлөкөлөнгөн жерлерге ажат өтөө» – деп жооп берди.[3]

Муаз ибну Жабал, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Каргыш тийген үч иштен алыс болгула! Алар: сууга бара турган жолдорго, адамдар өтө турган көчөлөргө жана адамдар көлөкөлөнгөн жерлерге ажат өтөө».[4]

8. СУУГА АЖАТ ӨТӨӨДӨН АЛЫС БОЛУУ

Жабир, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, акпай турган көлчүккө ажат өтөөдөн тыйды».[5]

Башка бир хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силердин бирөөңөр акпай турган көлчүккө заара кылып андан соң ага жуунбасын».[6]

9. ДААРАТ АЛА ТУРГАН ЖАНА ЖУУНА ТУРГАН ЖЕРЛЕРГЕ АЖАТ ӨТӨБӨӨ

Абдулла ибну Мугаффал, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Силердин бирөөңөр жууна турган жерине заара кылбасын, анткени (шайтандын) көпчүлүк азгыруулары мына ошондон».[7]

Хумейд Химарий, радыяллаху анху, айтты:

[1] (Сунан Абу Дауд, 33)
[2] (Сахих Муслим, 262)
[3] (Сахих Муслим, 269)
[4] (Сунан Абу Дауд, 26)
[5] (Сахих Муслим, 128)
[6] (Сахих Бухари, 239)
[7] (Сунан Тирмизи, 21)

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, менен Абу Хурайрадай көп жүргөн бир кишиден уктум: «Күн сайын чачын тарай берүүдөн* жана жуунган жерге заара кылуудан Пайгамбарыбыз тыйды».[1]

* «Күн сайын чачын тарай берүүдөн тыйды». Бул тыюу тазалоону көздөгөндөргө эмес саркеч болгусу келгендер үчүн айтылган.

10. МЕЧИТТЕ ЗААРА КЫЛУУДАН АЛЫС БОЛУУ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:

«Күндөрдүн биринде Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, менен мечитте отурган кезибизде чөлдөн келген араб мечитке кирип заара кыла баштады. Аны көрүп сахабалар: «Токтот! Токтот» – деп айтып башташканда, Пайгамбар: «Тим койгула, аны токтотпогула!» – деп кайтарды. Ал заара кылып бүткөндөн кийин Пайгамбар аны чакырып: «Чындыгында бул мечиттер бул заара же ыпластык үчүн ылайыктуу эмес, тескерисинче, Кудуреттүү жана Улуу Аллахты эстөө үчүн, намаз окуу үчүн жана Куран окуу үчүн ылайыктуу» – деп айтып, элдин арасынан бир кишиге бир чака сууну алып келип ал жерге куюп салууга буюрду».[2]

11. КАБЫРЛАРДА АЖАТ ӨТӨӨДӨН АЛЫС БОЛУУ

Укба ибну Аамир, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чоктун үстүндө же кылычтын мизинде басуу же бут кийимимди бутум менен тигүүм мен үчүн мусулмандын мүрзөсүндө басканга караганда жакшыраак. (Эгер мен ушул ишке бара турган болсом, анда) кабырлардын ортосунда ажат өтөймүнбү же базардын ортосундабы экөөнүн айырмасы жок»*.[3]

*Мусулмандын мүрзөсүнү басуу менен кабырлардын ортосунда же базардын ортосунда ажат өтөөнүн күнөөсү бирдей.

Бул хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, өлгөндөр тирүүлөрдөй кол тийгис урматтуу экендигин, кабырдын үстүндө муктаждыгын жоюуга тыюу салгандыгын жана мүрзөлөрдүн үстүнөн басууга тыюу салгандыгын баяндады.

12. АДАМДАРДАН ЖАШЫРЫНЫП ЖЕ АЛЫС БАРЫП АЖАТ ӨТӨӨ

Абдурахман ибну Абу Курад, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, менен бирге талаага чыккан элем. Эгерде ал ажат өтөөнү кааласа, анда ал алыска барат эле».[4]

13. КЕСЕК МЕНЕН АРЧЫГАНДА ТАК САНДАГЫ КЕСЕКТИ КОЛДОНУУ МУСТАХАБ

Мустахаб – жакшы иш-аракеттерге карата айтылат. Башкача айтканда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кээде аткарып, кээде аткарбаган иш-аракеттер. Мустахаб иш-аракеттерин аткарса сооп болот, аткарбаса күнөө болбойт.

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

---

[1] (Сунан Абу Дауд, 28)
[2] (Сахих Бухари, 221)
[3] (Сунан Ибну Маажах, 1567)
[4] (Сунан Насаи, 16)

«Эгерде силердин бирөөңөр даарат алса, анда мурдуна суу алып андан кийин чимкирсин. Ким (ажат өтөгөндөн кийин) арчыса, анда ал так санда кылып (арчысын). Эгерде силердин бирөөңөр уктап турган болсо, анда ал колун даарат суусуна салуудан алдын эки колун жуусун. Анткени силердин бирөөңөр колу кайда түнөгөнүн билбейт».[1]

14. ТЕЗЕК, СӨӨК ЖАНА ЖЕЙ ТУРГАН НЕРСЕЛЕР МЕНЕН АРЧУУДАН АЛЫС БОЛУУ

Салман, радыяллаху анху, айтты:

«Чындыгында Пайгамбарыңар, саллаллаху алейхи уа саллам, силерге бардык нерсени жада калса ажат өтөөнү да үйрөттү» – деп ага айтышканда ал: «Ооба. Албетте ал бизди ичти бошотууда же заара кылууда кыбылага жүздөнүүдөн, (ажат өтөгөндөн кийин) оң кол менен тазалоодон, үч кесектен азы менен тазалоодон, жана тезек менен же сөөк менен тазалоодон тыйды» – деп жооп берди».[2]

15. АЖАТ КАНАДАН ЧЫККАНДА АЙТЫЛУУЧУ ДУБА

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ажатканадан чыкканда: «Гуфроонака (оо, Аллах! Мени кечир)» – деп айтат эле».[3]

16. АЖАТ КАНАДАН ЧЫККАНДАН КИЙИН КОЛДУ ТАЗАРТУУЧУ САМЫН СЫЯКТУУ НЕРСЕЛЕР МЕНЕН ЖУУ

Ибну Аббас, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Маймуна, радыяллаху анха, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, гусулдун* суусун куюп бергенимде оң колуна суу алып эки колун жуугандан кийин жыныс мүчөсүн жууду. Андан кийин колун топуракка сүртүп колун жууду. Кийин оозун жана мурдун чайкап, анан бетин жууп, башына суу куйгандан кийин четке чыгып, эки бутун жууду. (Бүткөндөн) кийин сүлгү алып келишкенде аны менен арчынбады».[4]

*Гусул – эркек менен аялдын жыныстык байланышы себептүү же балгатка жеткен уул жана кыз балдардан кандайдыр бир себептер менен дүүлүгүп бел суулары атырылып чыккандыгы себептүү жуунуу. Аларга ушундай абалда гусул алуулары парз болот.

Имам Муслимдин риваятында мындай деп келет:

«Колун идишке салгандан кийин жыныс мүчөсүнө суу куюп сол колу менен жууду. Андан кийин сол колун жерге уруп, катуу сүрттү да намазга даарат алгандай даарат алды. Андан соң алаканына толтура суу алып башына үч ирет куюп андан соң бүт денесин жууду. (Жууп бүткөндөн) кийин турган жеринен четке чыгып эки бутун жууду».[5]

## ДААРАТ АЛУУНУН АДЕПТЕРИ

Даарат – эки колду муунуна чейин жуу, оозуна андан кийин мурдуна үүчтап суу алып жуу, бетин ээктин асты менен жана эки кулактын жумшактарынан бери бир да жерин калтырбай толук жуу, андан кийин оң колун чыканагына ашыра жуу. Андан кийин сол колун чыканагына ашыра жуу, андан кийин башына масх* тартуу, андан кийин оң бутун ашыгыны кошо жуу, андан кийин сол бутун ашыгыны кошо жуу. Даарат алууга ниет кылып ар бир мүчөсүн ушинтип үч жолудан жуу.

*Эки колун суулап башына сүртүү

[1] (Сахих Бухари, 162)
[2] (Сахих Муслим, 262)
[3] (Сунан Тирмизи, 7)
[4] (Сахих Бухари, 259)

[5] (Сахих Муслим, 317)

1. ДААРАТ АЛААРДАН АЛДЫН АЛЛАХТЫ ЭСТЕП «БИСМИЛЛАХ» – ДЕП АЙТУУ

Саид ибну Заид, радыяллаху анху, айтты:

«Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Дааратган алдын Аллахты эстебеген адамдын даараты толук эмес».[1]

2. МИСВАК КОЛДОНУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде мен үммөтүмө оор болуп калат деп коркпогонумда, анда мен аларга ар бир намазга даарат алууга же ар бир даарат алганда мисвак колдонууга буйруйт элем жана куптан намазын түндүн биринчи бөлүгүнүн акырына чейин кечиктирип окумакмын».[2]

3. ДААРАТТЫ ТАЛАПТАГЫДАЙ ТОЛУК КЫЛЫП АЛУУ

Нуайм ибну Абдуллах аль-Мужмир, радыяллаху айтты:

«Мен Абу Хурайранын даарат алып жатканын көрдүм. Ал бетин жууганда бетинин бир да жерин калтырбай толук жууду. Андан кийин оң колун булчуңунан ашыра жууду. Андан кийин сол колун булчуңунан ашыра жууду. Андан кийин башына масх* тартты. Андан кийин оң бутун балтырына жеткире жууду. Андан кийин сол бутун балтырына жеткире жууп анан мындай деп айтты: «Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, ушундай кылып даарат алганын көрдүм». Андан кийин ал: «Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Силер дааратты толук алганыңар себептүү кыямат күнү чекеңерде жана бутуңарда (нурдан болгон) кашкаңар болот. Ким колунан келсе, чекесинин жана бутунун кашкасын чоңойто берсин» – деп айтты».[3]

*Эки колун суулап башына сүртүү

4. СУУНУ ЫСЫРАП КЫЛБАЙ КОЛДОНУУ

Абдуллах ибну Мугаффал, радыяллаху анху, баласынын:

«Оо, Аллах! Эгерде бейишке кирсем, бейиштин оң жагынан ак сарай берүүңдү сураймын» – деп айтып жатканын угуп, ага мындай деди: «Эй, балам! Аллахтан бейишти сура жана тозоктон сактоосун сура. Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Чындыгында бул үммөттө даарат алууда жана дуба кылууда чектен ашкан адамдар болот».[4]

5. ДААРАТ АЛААРДАН АЛДЫН ЭКИ КОЛУН ЖУУ

Абдуллах ибну Заид, радыяллаху анхудан: «Бизге Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, даарат алгандай даарат алып көрсөтүп берчи» – деп сурашканда: «Ал бир идишке суу алдырып, ал идишти эңкейтип колуна суу куюп эки колун үч жолудан жууду. Андан кийин ал колун (идишке) салып суу алып оозуна жана мурдуна бир ууч суудан суу алып жууду. Ал ошентип үч жолу кайталады…».[5]

6. ЭКИ КОЛДУН МАНЖАЛАРЫН ЖАНА ЭКИ БУТТУН МАНЖАЛАРЫН АРАСЫНА СУУ ЖЕТКИРҮҮ

Лакит ибну Сабира, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгер даарат алсаң, манжалардын ортосун аралатып жуугун».[6]

---

[1] (Сунан Тирмизи, 25)
[2] («Муснад» Ахмад, 12/484, 7513)
[3] (Сахих Муслим, 246)
[4] (Сунан Абу Дауд, 96)
[5] (Сахих Муслим, 235)
[6] (Сунан Тирмизи, 38)

Ибну Аббас, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгер даарат алсаң, эки колуңдун жана эки бутуңдун манжаларын арасын аралатып жуугун».[1]

7. СУУНУ ТАҢДАЙГА ЧЕЙИН ЖЕТКИРЕ ТАРТУУ

Лакит ибну Сабира, радыяллаху анху, айтты:
«Мен Оо, Аллахтын Элчиси! Даарат жөнүндө айтып бериңизчи» – деп айттым. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Дааратты толук ал. Манжалардын ортосун аралатып жуу. Эгер орозо болбосоң сууну мурдуңа алганыңда таңдайыңа чейин тарт,» – деп айтты.[2]

8. КОЮ ӨСКӨН САКАЛГА СУУ ЖЕТКИРҮҮ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, даарат алганда колуна суу алып ээгинин астына чейин жеткирип, сакалын аралатып андан соң: «Улуу Раббим мына ушундай кылуумду буйруду» – деп айтты».[3]

9. ДААРАТ МЕНЕН ЖҮРҮҮ

Саубан, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Туура жолду эч термелбестен кармангыла, бирок толугу менен кармана албайсыңар! Иш-аракеттерди аткаргыла. Иш-аракеттердин эң жакшыларын тандагыла. Билгиле, чындыгында силердин эң жакшы иш-аракетиңердин бири бул – намаз. Ал эми (чыныгы) ыймандуу дайыма дааратты менен жүрөт».[4]

Абдуллах ибн Бурайда, радыяллаху анхума, атасынын айтканын мындайча айтып берди:

«Бир күнү эртең менен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Билалды чакырып мындай деп айтты: «Оо, Билал! Кандай (сооп ишти кылып) бейишке менден биринчи кирдиң? Чындыгында мен кээче күнү бейишке киргенимде көз алдымда сенин (бутуңдун баскан үнүн укtум». Билал: «Оо, Аллахтын Элчиси! Качан азан айтылганда ошол замат эки рекет намаз окуйм. Качан дааратым бузулганда ошол замат даарат алам» – деп айтты. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Декмек ушул себептен турбайбы!» – деди.[5]

10. ДААРАТТАН КИЙИН ДУБА КЫЛУУ

Умар ибну Аль-Хаттаб, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силерден бирөөңөр даарат алса, анда дааратын жакшылап алсын, дааратын алып бүткөндөн кийин: «Ашхаду ан лаа илааха илла Аллаху уахдаху лаа шарика лаху, уа анна мухаммадан абдуху уа

[1] (Сунан Тирмизи, 39)
[2] (Сунан Абу Дауд, 2366)
[3] (Сунан Абу Дауд, 145)
[4] («Муснад» Ахмад, 5/282)
[5] (Ибну Хузайма,1145)

расуулуху. (Жалгыз Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Анын эч кандай шериги жок жана Мухаммад Анын кулу жана Элчиси деп күбөлүк беремин) – деп айтса, анда ага бейиштин сегиз эшиги ачылат жана бейишке каалаган эшигинен кирет».[1]

11. ДААРАТ АЛГАНДАН КИЙИН ЭКИ РЕКЕТ НАМАЗ ОКУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, багымдат намазында Билалга мындай деп айтты:

«Оо, Билал! Ислам динин кабыл алганыңдан бери аткарган эң жакшы иш-аракеттериңди мага айтып берчи. Анткени мен бейиште сенин бут кийимиңдин үнүн алдымда (басып жүргөнүңдөй) уктум». Билал айтты: «Мен күндүзүбү же түндөсүбү даарат алсам, ошол даарат менен каалашымча намаз окуйт элем. Мен ушул амалдан башка жакшыраак амал кылбадым» – деп айтты».[2]

**ГУСУЛ АЛУУНУН АДЕПТЕРИ**

Гусул – эркек менен аялдын жыныстык байланышы себептүү же балгатка жеткен уул жана кыз балдардан түшүркөп же кандайдыр бир ыкмалар менен дүүлүгүп бел суулары атырылып чыккандыгы себептүү жуунуу. Аларга ушундай абалда гусул алуулары парз болот.

Гусул алуу – эки колун жуу, андан кийин сол колуна суу куюп жыныс мүчөсүн жуу, колун тазалоо үчүн жерге сүртүү же самын менен эки колун жуу, андан кийин мурдуна жана оозуна суу алып жуу, бетин жана эки колун чыканакка чейин жуу, андан кийин башынан баштап бүт денесин оң тараптан баштап жуу. Акырында жуунган жерден четке чыгып эки бутун жуу.

1. КИЙИМДИ ЧЕЧЭЭРДЕН АЛДЫН «БИСМИЛЛАХ» – ДЕП АЙТУУ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Адам баласынын уяттуу жерлери менен жиндердин көздөрүнө тосмо боло турган нерсе – бул силердин бирөөңөр чечинип жаткан кезде: «Бисмиллах» – деп айтуусу».[3]

2. АДАМДАРДЫН АРАСЫНДА УЯТТУ ЖЕРЛЕРИН ЖАБУУ

Бахз ибну Хаким атасынан жана чоң атасынан риваят кылган хадисте мындай деп айтты:

«Мен: «Оо, Аллахтын Элчиси! Денебизден кайсы уяттуу жерлерин ачабыз жана кайсы жерлерин жабабыз?» – деп сурадым. Пайгамбарыбыз: «Уяттуу жерлериңди аялыңдан жана күңдөрүңдөн башкалардан жапкын!» – деп айтты. Мен айттым: «Айтыңызчы, эгерде адамдар бири-бири менен чогуу болуп калышсачы?». Пайгамбарыбыз айтты: «Эгерде адамдардын эч кимиси көрбөй тургандай мүмкүнчүк болсо, анда эч кимге көргөзбө». Мен: «Айтыңызчы, эгерде бизден бирөө жалгыз болсочу?» – деп сурадым. Ошондо Пайгамбарыбыз айтты: «Адамдардан уялууга караганда Улуу Аллах таала уялууга татыктуу*».[4]

*Адам баласы жалгыз калганда да Аллахтын алдында адебин сактап уяттуу жерлерин жабуу зарыл.

3. БАШКА АДАМДАРДЫН УЯТТУУ ЖЕРЛЕРИН КАРООДОН САКТАНУУ

Абу Саид аль-Худри, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

---

[1] (Сахих Муслим, 234)
[2] (Сахих Бухари, 1149)
[3] (Сахих аль-Жаами, 3610)
[4] (Сунан Абу Дауд, 4017 )

«Эркек адам башка эркектин ауратына* карабасын жана аял да башка аялдын ауратына карабасын. Ошондой эле эки эркек адам бир төшөктө бири-бирине тийип жатпасын жана эки аял да бир төшөктө бири-бирине тийип жатпасын».[1]

*Аурат – адам баласынын алды жана атркы уяттуу жерлери. Тактап айтканда эркектердин киндигинин астынан тизесинин астына чейин, ал эми аялдардын бети жана эки колунан башка бүт денеси аурат болуп саналат.

4. СУУНУ ЫСЫРАП КЫЛБОО

Аллах таала айтты:
«Ысырап кылбагын. Чындыгында ысырапкорлор шайтандын бир тууганадары. А шайтан өз Раббисине каапыр болгон».[2]

Абдуллах ибну Мугаффал, радыяллаху анху, баласынын мындай деп дуба кылып жатканын угат: «Оо, Аллах! Эгер мен бейишке кирсем мен Сенден бейиштин оң жагынан ак сарай сураймын». Ошондо ал баласына: «Оо, балам! Аллахтан бейишти гана сура жана Андан тозоктон коргоосун сура. Анткени мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын укканмын: «Бул үммөттө тазаланууда (сууну) ашыкча колдонгон* жана чектен ашып дуба кылган адамдар** пайда болот».[3]

*Сууну ашыкча иштетип ысырап кылуу менен чектен ашуу. Мисалы; даарат алууда мүчөлөрүн үч жолудан ашыкча жуу.

** Чектен ашып дуба кылуу – милдет кылгандай үнүн бийик көтөрүп, кыйкырып, дуба кылуу, мусулман бир тууганына жамандык тилеп дуба кылуу, башкаларга кара дуба кылуу, элге көрүнүш үчүн үнүн бийик көтөрүп жарыя дуба кылуу жана өзү татыктуу болбогон нерсени суроо, мисалы, пайгамбарлык макамды суроо ж.б.у.с.

5. ПАЙГАМБАР КӨРСӨТКӨН ТАРТИПТЕ ГУСУЛ АЛУУ

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Маймуна, радыяллаху анха, айтты:
«Мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, гусул алып жатканда тосмо менен тосуп турдум. Ал эки колун жууду. Андан кийин оң колуна суу алып сол колуна куйду да жыныс мүчөсүн жана айланасын жууду. Андан кийин колун жерге сүрттү. Андан кийин намазга даарат алгандай даарат алды да бутун жуубады. Андан кийин башынан баштап денесин бүт баарына суу куюп жууду. Акырында жуунган жерден четке чыгып эки бутун жууду».[4]

6. ОҢ ЖАКТАН БАШТОО

Аиша, радыяллаху анха, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бут кийим кийгенде, чачын тараганда, тазаланганда жана бардык иштеринде оң жактан баштоону жактырып аткарат эле».[5]

7. АЯЛ ЗАТЫ АЙЫЗДАН ТАЗА БОЛГОНДО АТЫР ЖЫТТУУ НЕРСЕЛЕР МЕНЕН ТАЗАЛАНУ

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

---

[1] (Сахих Муслим, 338)
[2] (Исра сүрөөсү, 26-27-аяттар)
[3] (Сунан Абу Дауд, 96)
[4] (Сахих Бухари, 276)
[5] (Сахих Бухари, 168)

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдан, бир аял өзүнүн айызынан кантип тазалануу туурасында сурайт. Пайгамбар ага кантип жуунууну айткандан кийин: «Анан атыр жыттуу чүпүрөк алып ошону менен тазаланасың» – деп айтты. Ал аял: «Чүпүрөк менен кантип тазаланамын?» – деп кайра сурады. Пайгамбар: «Ошону менен тазаланасың, субханаллах!» – деп (уялганынан) бетин жапты. Ошондо мен ал аялды өзүмдүн алдыма алып келдим да Пайгамбар айта турган нерсени түшүнүп ага мындай дедим: «Ошол (чүпүрөк) менен айыздын каны тийген жерлерди аарчыгын» – деп айттым».[1]

8. ЖУМА НАМАЗЫНА ЖУУНУП БАРУУГА АРАКЕТ КЫЛУУ

Абу Саид ал-Худри, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Жума күнү жуунуу – ар бир балагатка жеткен адам үчүн милдеттүү».[2]

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Эгерде силердин бирөөңөр жума (намазына) келе турган болсо, анда жуунуп келсин».[3]

9. ЖУНУП АБАЛДА ДААРАТ АЛЫП ЖУУНУУНУ КЕЧИКТИРСЕ БОЛОТ

Жунуп – бул эркек менен аялдын жыныстык байланышынан кийинки абал, же балгатка жеткен уул жана кыз балдардан түшүркөп же кандайдыр бир ыкмалар менен дүүлүгүп бел сууларын атырылып чыккандан кийинки абал.

Умар ибну ал-Хаттаб, радыяллаху анху, Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдан:

«Биз жунуп болгон абалда уктай берсек болобу?» – деп сурады. Пайгамбар: «Ооба, эгерде даарат алсаңар, анда жунуб абалда уктай берсеңер болот» – деп айтты».[4]

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жунуп абалында* уктоону каалаcа, анда жыныс мүчөсүн жууп намазга даарат алгандай даарат алып жатат эле».[5]

Башка бир риваятта Аиша энебиз айтты:

«Эгерде Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жунуп абалында* тамактанууну же уктоону каалаcа, анда намазга даарат алгандай даарат алат эле».[6]

10. ЖАҢЫ КИЙИМ КИЙГЕНДЕ АЙТЫЛУУЧУ ДУБА

Абу Саид аль-Худрий, радыяллаху анху, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, кийимин жаңыласа «селде же көйнөк же чепкен» деп анын атын атап, анан: «Оо, Аллах! Сага мактоолор болсун. Муну мага Сен кийгиздиң. Сенден мунун жакшылыгын жана эмне үчүн жасалган (максаттарынын) жакшысын сураймын. Ошондой эле мунун жамандыгынан жана жасалган (максаттарынын) жаманынан Сенден коргоо сураймын. (Аллахумма лакал хамд, Анта касаутанихи, ас алука хойроху, уа хойро ма суниа лах, уа ауузу бика мин шаррихи, уа шарри маа сунииа лах)».[7]

[1] (Сахих Бухари, 315)
[2] (Сахих Бухари, 858)
[3] (Сахих Бухари, 877)
[4] (Сахих Муслим, 306)
[5] (Сахих Муслим, 305)
[6] (Сунан Насаи, 255)
[7] (Сунан Тирмизи, 1767)

11. КИЙИМ КИЙЕРДЕ АЙТЫЛУУЧУ ДУБА

Муаз ибну Анас, радыяллаху анху, атасынын мындай деп айтканын риваят кылат: «Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Ким тамак жегенден кийин: «Мага муну жедирген жана менин күч-кубатымсыз бул (тамакты) мага ырыскы кылып берген Аллахка мактоолор болсун! (Алхамдулиллах аллази ат амани хаазат тоьаама, уа разаканихи мин гойри хаулин минни, уа лаа кувва)» – деп айтса, анда анын өткөн күнөөлөрүн Аллах кечирет. Ким кийим кийип жатканда: «Бул кийимди мага кийгизген жана менин күч-кубатымсыз бул (кийимди) мага ырыскы кылып берген Аллахка мактоолор болсун. (Алхамдулиллах аллази касаани хаазас сауба, уа разаканихи мин гойри хаулин минни, уа лаа кувва)» – деп айтса, анда анын өткөн күнөөлөрүн Аллах кечирет».[1]

## КИЙИМ КИЙҮҮНҮН АДЕПТЕРИ

1. ОҢ ЖАКТАН БАШТАП КИЙҮҮ

Аиша, радыяллаху анха, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бут кийим кийгенде, чачын тараганда, тазаланганда жана бардык иштеринде оң жактан баштоону жактырат эле».[2]

2. ӨЗҮН ТАЗА АЛЫП, ТЫКАН КИЙИНИП ЖҮРҮҮ

Абдуллах ибну Масууд, радыяллаху анху, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Кимдин жүрөгүндө кыпынчалык текеберлик болсо, ал бейишке кирбейт» – деп айтты. Ошондо бир киши: «Адам кийген кийими жакшына, бут кийими жакшына болуусун жакшы көрөт» – деп айтканда Аллахтын Элчиси: «Чындыгында Аллах чырайлуу жана чырайлуулукту жакшы көрөт. Текеберлик – бул чындыкты четке кагып, адамдарды кемсинтүү» – деп түшүндүрдү».[3]

3. КИЙИМДИ КЫЗЫЛ АШЫКТАН ТҮШҮРҮП КИЙБӨӨ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Шымдин этегин эки кызыл ашыктан төмөн түшүргөн тозокто».[4]

Башка бир риваятта Абу Саид аль-Худри, радыяллаху анху:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын: «Ыймандуу эркектердин шымынын узундугу эки бутунун балтырынын жарымына чейин болсо, күнөө болбойт. Же балтырынан кызыл ашыкка чейин узун кийсе күнөө болбойт. Кызыл ашыктан ылдый кийсе, анда ал тозокто азап чегет. Ким бой көтөрүп шымыны сүйрөп жүрсө, анда ага Аллах кыямат күнү карабайт» – деп айтканын уктум деп айтты».[5]

## АЛ ЭИМ АЯЛДАРГА БУТТАРЫН ЖАБУУ ҮЧҮН КИЙИМДЕРИН УЗУН КИЙҮҮ МИЛТЕТТҮҮ БОЛОТ

Абдуллах ибну Умар радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Ким бой көтөрүп кийимин сүйрөп жүрсө, анда ага Аллах кыямат күнү карабайт» – деп айтты. Ошондо Умму Салама: «Андай болсо аялдар көйнөктөрүн

---

[1] (Сахих аль-Жаами, 6086)
[2] (Сахих Бухари, 168)
[3] (Сахих Муслим, 91)
[4] (Сахих Бухари, 5787)
[5] (Сахих аль-Жаами, 921)

этегин эмне кылышат?» – деп сурады. Аллахтын Элчиси: «Бир карыч узун таштасындар» – деди. Умму Салама: «Андай болсо буттары ачылып калат» – деп айтты. Аллахтын Элчиси: «Анда билектин узундугундай таштасындар да андан ашырбасындар*».[1]

*Бул аялдардын согончогун жаба турган деңгээлде узун болуусу керек.

4. ТАР ЖАНА ЖУКА КИЙИМДЕРДИ КИЙБӨӨ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Тозок элдеринен эки топ бар. Бирок аларды мен көрө элекмин*. Алардын бирөөсү: уйдун куйругундай болгон камчылары бар адамдар. Аны менен адамдарды сабашат. Алардын экинчиси: кийимчен бирок жылаңач аялдар**. Алар Аллахка ибадат кылып түз жүрүүдөн ооп кетишкен жана башкаларды ошол жамандыкка жана бузукулукка чакырышкан аялдар. Алардын баштары төөнүн өркөчүндөй***. Алар бейишке киришпейт. Бейиштин жытын да жыттапшпайт. Албетте бейиштин жыты алыстан жыттанып турат».[2]

*Бул эки топтогу адамдар Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, убагында чыга элек болчу. Бирок кыяматка чейин чыгуусун Пайгамбар кабарлап айтып кеткен. Бул Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мужизаларынан.

** «Кийимчен бирок жылаңач аялдар» деген бул – Кийимчен бирок башка жерлери ачык жүргөн жана жука кийингендиктен денелери көрүнүп турган аялдар.

** «Алардын баштары төөнүн өркөчүндөй» деген бул – аялдар чачтарын төөнүн өркөчүндөй кылып төбөлөрүнө өрүмүн ороп алуусу.

5. ЭРКЕКТЕР ӨЗДӨРҮН АЯЛДАРГА АЯЛДАР ӨЗДӨРҮН ЭРКЕКТЕРГЕ ОКШОТУУДАН САКТАНУУ

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхума, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, өздөрүн аялдарга окшоткон эркектерди жана өздөрүн эркектерге окшоткон аялдарды каргыштады».[3]

Атаа, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Хузайл уруусунан болгон бир киши айтты:

«Мен Аблудуллах ибну Амрды көрдүм. Анын үйү аль-Хилде, мечити аль-Харамда* эле. Мен анын жанында турганымда ал Абу Жахилдин кызы Умму Саидти жаа асынып, эркектердей басып бара жатканын көрүп: «Бул ким» – деп сурады. Мен: «Абу Жахилдин кызы Умму Саид» – дедим. Ал: «Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын: «Кайсы бир аял өзүн эркектерге окшотсо жана кайсы бир эркек өзүн аялдарга окшотсо, анда ал бизден эмес**» – деп айтканын укканмын» – деди».[4]

*Аль-Харам – Мекке шаарындагы ыйык кааба жайагашкан жер жана анын айланасы. Аль-Хил Харам Мечитине жакын жайгашкан жер.

**Ал Исламда жок иш-аракеттерден.

Ибну Абу Мулайка, радыяллаху анху, айтты:

[1] (Сунан Тирмизи, 1731)
[2] (Сахих Муслим, 2128)
[3] (Сахих Бухари, 5885)
[4] (Сахих аль-Жаами, 5433)

«Аиша, радыяллаху анхадан: «Бир аял эркектердин бут кийимин кийип алыптыр» – деп сурашканда, ал: «Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Өзүн эркектерге окшоткон аялдарга каргыш айткан» – деп айтты».[1]

6. ЭРКЕКТЕРГЕ ЖИБЕКТЕН КИЙИМ КИЙҮҮ ЖАНА АЛТЫН ТАГЫНУУ ХАРАМ КЫЛЫНГАН

Абу Муса аль-Ашари, рахимахуллах, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Жибек кийим кийүү жана Алтын тагынуу үммөтүмдүн эркектерине арам кылынды, аялдарына адал кылынды».[2]

7. ТӨРТ БАРМАКТЫН КӨЛӨМҮНӨН АЗ ЖИБЕК АРАЛАШКАН КИЙИМДИ КИЙСЕ БОЛОТ

Сувайд ибну Гофала, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Умар ибну Хаттаб, радыяллаху анху, Жаабия деген айылда кутба кылып жатып мындай деди:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, эки же үч же төрт манжанын көлөмүнөн көп жибек аралашкан кийимди кийүүдөн тыйды*».[3]

*Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, эркектерге жибек кийүүгө тыюу салган, бирок эки-төрт манжадан ашпаган жибек аралашып тигилген кийимдерди кийүүгө уруксат берген.

8. КҮМҮШ ЖЕ КОЛО ШАКЕК ТАГЫНСА БОЛОТ

Умар ибну Хаттаб, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, күмүш шакек алып аны тагынган. Андан кийин аны Абу Бакр, андан кийин Умар, андан кийин Арис бакчасындагы кудукка түшүп кеткенче Усман таккан. Анын оюу-чийүүлөрү Мухаммад Аллахтын Элчиси деп чегилген эле».[4]

9. ШАКЕКТИ СӨӨМӨЙГӨ ЖАНА ОРТОҢКУ КОЛГО ТАГЫНБОО КЕРЕК

Али, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, касси* кийимин кийүүдөн жана мийсарату хамраа** (жаздыгын) колдонуудан тыйды. Жана шакегимди: «Бул жана бул жакка тагынба» – деп сөөмөйү менен ортоңку колун көргөздү».[5]

*Касси бул – жибек аралашып жолчо-жолчо болуп тигилген кийим.
**Мийсара хамраа бул – жибек аралашып токулган кызыл жаздык.

10. ШАКЕКТИ ЧЫПАЛАККА ТАГЫНУУ МУСТАХАБ

Мустахаб – жакшы иш-аракеттерге карата айтылат. Башкача айтканда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кээде аткарып, кээде аткарбаган иш-аракеттер. Мустахаб иш-аракеттерин аткарса сооп болот, аткарбаса күнөө болбойт.

Анас, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, шакек жасап андан кийин мындай деди: «Чындыгында биз шакек жасадык. Ал шакектин бетине оймо чектик. Эч ким шакегине мындай оймо чекпесин».*

*Анткени Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ал шакеги менен исламга чакыруу үчүн падышаларга жана княздарга жазган каттарын мөөрлөп койчу.

[1] (Сахих аль-Жаами, 5096)
[2] (Сунан Тирмизий, 1720)
[3] (Сахих Муслим, 2069)
[4] (Сахих Бухари, 5873)
[5] (Сунан Тирмизи, 1786)

Анас, радыяллаху анху, айтты:

«Чындыгында Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, чыпалагындагы жылтыраган шакеги азырга чейин көз алдымда».[1]

11. ШАКЕКТИ ОҢ КОЛДУН ЖЕ СОЛ КОЛДУН ЧЫПАЛАГЫНА ТАКСА БОЛОТ

Али, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, шакекти оң колуна тагынчу».[2]

Жана дагы Али, радыяллаху анху, риваят кылган башка бир хадисте:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, шакекти сол колуна да тагынчу» – деп айткан.

Анас, радыяллаху анху, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам:

«Шакекти бул колуна тагынчу» – деп ишарат кылып сол колунун чыпалагын көргөздү».[3]

12. КИЙИМДИ ЧЕЧКЕНДЕ АЛЛАХТЫ ЭСТӨӨ

Аллах таала айтты:

«Ал (жиндер) жана анын уруулары силерди, силер көрбөгөн тараптан көрүп турушат».[4]

Али ибну Абу Таалиб, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Эгер ажатканага же эч ким жок жерге (кийим которгону) кире турган болсоңор: «Бисмиллах (Аллахтын аты менен)» – деп айткыла. Себеби «Бисмиллах» сөзү жиндердин көздөрүнөн* адам баласынын ауратын** тосуп туруучу тоскуч болот».[5]

*Эгер адам баласы «Бисмиллах» сөзүн айтпаса, анда жиндер анын денесин көрүп сүйүп калып ага зыян берүүсү мүмкүн.

**Адам баласынын алды жана атркы уяттуу жерлери. Тактап айтканда эркектердин киндигинин астынан тизесинин астына чейин, ал эми аялдардын бети, эки колунан башка бүт денеси аурат болуп саналат.

**ЖОЛДО ЖҮРҮҮНҮН АДЕПТЕРИ**

1. БАСЫП БАРАТКАНДА АРТТЫ БУРУЛУП КАРАБОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кажетин өтөөгө чыкканда артынан бара бердим. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, басып баратканда эч артын бурулуп карачу эмес. Мен ага жакындап барганымда: «Мага истинжа кылып тазаланганы таштардан алып кел, сөөк жана малдын тезегин алып келбе» – деп айтты. Көйнөгүмдүн этегине таштарды алып келдим да анын жанына коюп бурулуп кеттим. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам кажетин өтөп бүткөндө ал таштар менен тазаланды».[6]

Жабир, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, басып баратканда эч артын бурулуп карачу эмес».[7]

---

[1] (Сахих Бухари, 5847)
[2] (Сунан Абу Дауд, 4226)
[3] (Сахих Муслим, 2095)
[4] (Аараф, 27)
[5] (Аль-Ируаа, 50)
[6] (Сахих Бухари, 155)
[7] (Сахих аль-Жаами, 4787)

2. БОЙ КӨТӨРБӨСТӨН БАСУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Кийимине суктанып, чачын узун түшүрүп бой көтөрүп баскан адамды Аллах жерге жуткурган кезде, ал кыямат күнүнө чейин катуу титиреп азапталат».[1]

*Өзүнө-өзү суктанып бой көтөрүп текеберлик жана суктануу менен баскан адамды Аллах таала кабырда кыямат күнүнө чейин азаптайт.

3. САЛАМ АЙТУУГА ТАТЫКТУУЛАР

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

«Жаштар улууларга, өтүп бараткан адам олтурган адамга, азчылык адамдар көпчүлүк адамдарга салам берет».[2]

Имам Бухари айткан башка бир риваятта:

«Улоодо жүргөн адам жөө жүргөн адамга, басып бараткан адам олтурган адамга, азчылык адамдар көпчүлүк адамдарга салам берет» – деп айткан.[3]

4. ТААНЫГАН ЖАНА ТААНЫБАГАН БАРДЫК МУСУЛМАНДАРГА САЛАМ АЙТУУ

Абдуллах ибну Амр, радыяллаху анху, айтты:
«Бир киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдан: «Ислам growth динінде кайсы (иш-аракеттер) жакшы?» – деп сураганда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Тамактандырууң, тааныган жана таанныбаган адамдарга салам берүүң» – деп айтты.[4]

5. ЖАШ БАЛДАРГА САЛАМ БЕРҮҮ

Анас ибну Малик жаш балдардын жанынан өтүп баратып аларга салам берип:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ушундай кылган эле» – деп айтты.[5]

6. ЖОЛДОГУ ЗЫЯНДУУ НЕРСЕЛЕРДИ АЛЫП ТАШТОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Бир киши жолдо бара жатып жолдун ортосунда тикендүү бутактын жатканын көрүп аны алып салгандыктан, Аллах андан ыраазы болуп күнөөлөрүн кечирди».[6]

7. БАШКАЛАРДЫ ТУУРАП БАСУУДАН АЛЫС БОЛУУ

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхума, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, өздөрүн аялдарга окшоткон эркектерди жана өздөрүн эркектерге окшоткон аялдарды каргыштады».[7]

8. НАМАЗГА ШАШПАСТАН АКЫРЫНДЫК МЕНЕН БАРУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

---

[1] (Сахих Бухари, 5789)
[2] (Сахих Бухари, 6231)
[3] (Бухари-6232)
[4] (Сахих Бухари, 28)
[5] (Сахих Бухари, 6248)
[6] (Сахих Муслим, 1914)
[7] (Сахих Бухари, 5885)

«Эгерде коомат айтылып намаз башталып калса, анда силер чуркап келбегиле. Намазга жай басып келгиле. Силерге жай басып келүү милдеттүү. Андыктан жетишкен рекетти окугула. Ал эми жетишпей калган рекеттерди толуктагыла».[1]

9. АЯЛДАР ЖОЛДУН ОРТОСУНДА БАСПООСУ КЕРЕК

Абу Усейд ал-Ансари, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мечиттен чыкканда жолдо эркектер менен аялдар аралаш басып кетип жаткандарын көрүп аялдарга: «Жолдун четинде жүргүлө. Силер үчүн жолдун ортосунда жүрүү туура эмес. Жолдун четинде жүргөнүңөр туура болот» – деп айтты. Мына ошондон кийин дубалга жакын басып калышты. Кээ бирлердин кийимдери дубалга илинип да кетчү эле».[2]

10. АЯЛДАР БУТ КИЙИМИНЕН ҮН ЧЫГАРЫП БАСПООСУ

Аллах таала айтты:

«(Аялдар) жашырып жүргөн сулуулугун көргөзүү үчүн буттарын жерге урбасын*. Эй, момундар Аллахка баарыңар тообо кылгыла! Балким ийгиликке жетерсиңер».[3]

*Эгерде аял жолдо басса, анда ал эркектердин көңүлүн өзүнө бура турган кыймылын же сулуулугун көрсөтүп жүрүүсүнө Аллах таала бул аятта тыюу салган. Ошондуктан аял басса, бутунун таманы угулсун, же тизеси көрүнүп турсун деп бутун уруб үн чыгарып баспасын.

11. АЯЛ ҮЙҮНӨН АТЫР СЕБИНБЕСТЕН ЧЫГУУСУ ЗАРЫЛ

Абу Муса ал-Ашари, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Кайсы бир аял атыр себинип анын жытын билгизүү үчүн адамдардын алдынан өтсө, анда ал зынакор сымал болот. Жана аны (караган) ар бир көз да зынакор* болот».[4]

*Анткени ал аял эркектерди тыюу салынган көз караш менен кароого мажбур кылат. Эркектердин бөтөн аялдарга кумарданyу көзү менен кароосу тыюу салынган.

## МЕЧИТТИН АДЕПТЕРИ

1. МЕЧИТКЕ БАРАТКАНДА АЙТЫЛУУЧУ ДУБА

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхума, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, үйүнө барганда андан көргөнүн мындайча риваят кылат:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, үйүндө түнөп калганымда ал уйкудан туруп мисвак колдонуп, даарат алды. Анан ал: «Чындыгында асмандар менен жердин жаратылышында жана түн менен күндүн алмашып туруусунда акыл ээлери үчүн аят-белгилер бар» – деп бул (Аалу Имран сүрөөсүнүн 190-аятынан) баштап сүрөөнүн аягына чейин окуду. Кийин намазда кыямды, рүкүнү, сажданы узун кылып эки рекет намаз окуду. Андан кийин намазынан туруп барып дем алуусу угулганга чейин терең уктады. Ушинтип үч жолу кайталап алты рекет окуду. Ар бир эки рекетти баштаганда мисвак иштетип, даарат алып жана жанагыл аяттарды окуду. Андан соң үч рекет витир* намазын окуду. Азанчы азан айтканда намазга чыгып баратып: «Оо, Аллах! Жүрөгүмдү жана тилимди нурландыр. Кулагымды жана көзүмдү нурландыр. Арка тарапты жана алды тарапты нурландыр. Үстү жана асты тарапты нурландыр. Оо, Аллах! Мени нурландыр» – деп айткан эле. (Аллахуммаж ал фии колбии нууроо, уаж ал фии лисаании нууроо, уаж ал фии сам ии нууроо, уаж ал

[1] (Сахих Бухари, 908)
[2] (Сунан Абу Дауд, 5272)
[3] (Нур сүрөөсү, 31-аят)
[4] (Сахих ибну Хиббан, 4424)

фии басории нууроо, уаж ал мин холфии нууроо, уа мин амаамии нууроо, уаж ал мин фаукии нууроо, уа мин тахтии нууроо, Аллахумма аатинии нууроо!)».[1]

*Витир намазы – куптан намазынан кийин же түндүн акырында окулуучу үч рекеттүү намаз.

2. МЕЧИТКЕ ШАШПАЙ, ЖАЙ БАСЫП БАРУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде коомат* айтылып намаз башталып калса, анда силер чуркап келбегиле. Намазга жай басып келгиле. Силерге жай басып келүү милдеттүү. Андыктан жетишкен рекетти окугула. Ал эми жетишпей калган рекеттерди толуктагыла».[2]

*Коомат – бул парз намаз башталганда азан сөздөрүнө «код кооматис-солаат» сөзүн кошуп, ар бир азан сөздөрүн эки жолу кайталап айтуу. Парз намаз башталаарда эркек киши коомат айтат. Ал эми аялдар коомат айтышпайт.

3. НАМАЗГА КООМАТ АЙТЫЛГАНЧА ШАШЫП БАРСА БОЛОТ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде силер кооматты уксаңар,* анда жай басып келгиле. Силерге акырын жай басып келүү милдеттүү. Шашпагыла. Андыктан жетишкен рекетти окугула. Ал эми жетишпей калган рекеттерди толуктагыла».[3]

*Намазга коомат айтылганын укпаса. б.а. коомат айтыла элек болсо, анда намазга шашып барса болот. Бул хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Эгерде силер кооматты уксаңар, анда жай басып келгиле» – деп айтып жатат. Эгерде коомат айтылып калган болсо, анда жай басып баруу милдеттүү болуп калат.

4. МАНЖАЛАРДЫ КАЙЧЫЛАШТЫРЫП КАРМАБОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким даарат алып, намаз окуу үчүн (үйүнөн) чыкса, анда ал үйүнө кайтып келгенче намазда болот. (Силер бул аралыкта) мындай кылбагыла!» – деп манжаларын кайчылаштырып көргөздү».[4]

5. МЕЧИТКЕ САРЫМСАК ЖАНА ПИЯЗДЫН ЖЫТЫ МЕНЕН КИРБӨӨ

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким сарымсак же пияз жеген болсо, анда ал бизге жакындабасын. Мечитибизге жолобосун. Үйүндө олтурсун»*.[5]

*Башкаларга оозунан чыккан жыт менен болсо да зыян бербей үйүндө олтурсун деп айтылды.

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

[1] (Сахих Муслим, 763)
[2] (Сахих Бухари, 908)
[3] (Сахих Бухари, 636)
[4] (Дарими, 1406)
[5] (Сахих Бухари, 855)

«Ким пияз, сарымсак жана көк пияз жеген болсо, анда ал мечитибизге жакындабасын. Анткени адам баласы зыян таркан нерседен периштелер да зыян тартат».[1]

Абу Саид ал-Худри, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, пияздан, көк пияздан жана сарымсактан тыйды». Биз: «Булар арамбы?» – деп сураганыбызда ал: «Жок, бирок Аллахтын Элчиси булардан тыйды» – деп жооп берди».[2]

6. МЕЧИТКЕ КИРЭЭРДЕ АЙТЫЛУУЧУ ДУБА

Абу Усайд, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде кимдир бирөө мечитке кире турган болсо, анда ал: «Аллахуммафтах лии абвааба рахматика. (Оо, Аллах! Мага ырайым эшиктериңди ач)» – деп айтсын. А эгерде мечиттен чыга турган болсо, анда ал: «Аллахумма иннии ас-алука мин фадлика. (Оо, Аллах! Сенин жакшылыктарыңдан сураймын)» – деп айтсын».[3]

7. МЕЧИТКЕ ОҢ БУТ МЕНЕН КИРИП СОЛ БУТ МЕНЕН ЧЫГУУ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:

«Мечитке кирип жатканда оң бут менен кирүүң жана чыгып жатканда сол бут менен чыгууң сүннөт».[4]

8. МЕЧИТКЕ КИРГЕНДЕ ЭКИ РЕКЕТ ТАХИЙЯТУЛЬ МАСЖИД НАМАЗЫН ОКУУ

Тахийятуль-масжид – бул эки рекеттен турган нафил намаз. Мусулман мечитке кирээри менен эки рекет нафил намаз окуусу керек. Мечиттер Аллахтын үйү. Ошондуктан мечитке киргенде Аллахка салам берүү ниетинде эки рекет нафил намазы окулат.

Абу Катада аль-Ансари, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Силердин бирөөңөр мечитке кирсе, анда ал отурардан алдын эки рекет намаз* окусун».[5]

*Тахийятуль-масжид намазы.

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жума күнү адамдарга кутба кылып жатканда бир киши келип отурду. Пайгамбар андан: «Эй, баланча! Намаз окудуңбу?» – деп сурады. Ал: «Жок» – деп жооп берди. Ошондо Пайгамбар ага: «Тур да эки рекет намаз* оку!» – деп айтты».[6]

*Тахийятуль-масжид намазы.

9. МЕЧИТКЕ ЭРТЕ БАРЫП НАМАЗДА БИРИНЧИ КАТАРДА ТУРУУГА УМТУЛУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде адамдар азан айтуунун жана биринчи катарда туруунун сообу кандай экенин билишип, андан кийин ага орун таппай калышып, ал үчүн чүчү кулак кармаш керек болсо, анда алар сөзсүз чүчү кулак кармашмак. Ошондой эле намазга эрте баруунун сообу кандай экенин билишкенде, анда ага жарышып барышмак. А эгерде куптан жана багымдат намаздарында кандай сооп бар экенин билишкенде, анда ал экөөсүнө жөрмөлөп болсо да барышмак».[7]

[1] (Сахих Муслим, 564)
[2] («Муснад» Ахмад, 11805)
[3] (Сахих Муслим, 713)
[4] (Хаким, 1/338)
[5] (Сахих Бухари, 444)
[6] (Сахих Бухари, 930)
[7] (Сахих Бухари, 615)

10. КУРАН ЖАТТАГАНДАРДЫ ЖАНА ИЛИМДҮҮЛӨРДҮ БИРИНЧИ КАТАРГА ӨТКӨРҮҮ

Абдуллах ибну Масууд, радыяллаху анху, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Мага (намазда) балагатка жеткендер жана акыл-эстүүлөр жакын турсун. Андан соң алардан кийинкилер*» – деп үч жолу айтты. – Ошондой эле (мечитте) базарлардын ызы-чуусундай ызы-чуу кылбагыла» – деди.[1]

*Намаз окуу үчүн катарга турушканда имамдын аркасында кураан жаттаган илимдүүлөр, андан кийин акыл-эси жайында кишилер, андан кийин алардын артынан келгендер, андан кийин балагатка жете элек жаш балдар андан кийин аялдар турат.

11. НАМАЗГА КООМАТ АЙТЫЛГАНДА САПТАРДА ТЕГИЗ ТУРУУ

Коомат – парз намаз башталганда азан сөздөрүнө «код кооматис-солаат» сөзүн кошуп, ар бир азан сөздөрүн эки жолу кайталанып айтылуусу.

Саптарда тегиз туруу – жамаат менен намазга турганда катарды түздөп туруу.

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:

«Намазга коомат айтылганда Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, келип бизге карап мындай деди: «Саптарыңарды түздөгүлө жана бири-бириңерге жакын тургула. Чындыгында мен силерди артымда болсоңор да көрүп* турамын».[2]

*Бул көрүнүш - көз менен болгон чыныгы көрүнүш. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, намазда артында турган сахабаларды көргөн. Бул – Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, бир өзгөчөлүгү. Бул өзгөчө кырдаалда адамдарды артынан көрөт, бирок башка учурда ал көрбөйт. бул – Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, берилген бир өзгөчөлүк.[3]

Анас ибну Малик, радяллаху анху, риваят кылган башка хадисте мындай дейт:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты: «Намазда саптарыңарды тегиз кылып тургула. Анткени сапты тегиз кылып туруу – намаздын толук болуусунан».[4]

12. АЗАН АЙТЫЛГАНДАН КИЙИН ҮЗҮРСҮЗ МЕЧИТТЕН ЧЫГУУГА БОЛБОЙТ

Абу Шаъса Мухариби айтты:
«Мен Абу Хурайра, радыяллаху анхудан, уктум. Ал азан айтылгандан кийин бир адамдын мечиттен сыртты көздөй басып бара жатканын көрүп: «Бул адам Абу Аль-Касимге (Пайгамбардын сүннөтүнө) каршы иш кылды» – деп айтты.[5]

13. НАМАЗ ОКУП ЖАТКАН АДАМДЫН АСТЫНАН ӨТПӨӨ

Абу Жухайма, радыяллаху анху, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Намаз окуп жаткан адамдын астынан өтүүчү адамдын күнөөсү канчалык экенин билгенде, анда ал анын астынан өтпөстөн кырк* күтүп турганы өзү үчүн жакшы болмок».[6]

*Бул хадисти риваят кылгандардын бири Абу Надр Салим ибну Абу Умайя:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кырк күн же кырк ай, же кырк жыл» деп айттыбы мен билбедим» – деп айтты.

---

[1] (Сахих Муслим, 432)
[2] (Сахих Бухари, 719)
[3] («Фатх аль-Баари» Ибну Хажар, 1/514)
[4] (Сахих Муслим, 433)
[5] (Сахих Муслим, 655)
[6] (Сахих Бухари, 510)

Ибну Мажа риваятында:

«Мен кырк жылбы, айбы, таңбы же саатпы билбейм», жана аль-Баззардын риваятында: «Кырк күзбү» – деп айтты. Бул риваяттардын баары эгерде ал намаз окуп жаткан адамдын алдынан өтүп кетсе, анда күнөө болот. Ал адам намазды бүтмөйүнчө аны күтүп туруу жакшыраак.

14. ЖОГОЛГОН НЕРСЕСИН МЕЧИТТЕ ЖАРЫЯЛАБОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким мечитте жоголгон нерсесин жарыялап жатканын укса, анда ал адамга мындай деп айтсын: «Жоготкон нерсеңди Аллах сага кайтарып бербесин. Чындыгында мечиттер мындай нерселер үчүн курулган эмес».[1]

15. МЕЧИТКЕ ТҮКҮРБӨӨ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мечиттин кыбыла тарабынан түкүрүк көрүп калып ачуусу келгенинен бети кызарып кетти. Ошондо ансарлардан болгон бир аял ал жерди тазалап, жыпар жыттуу нерседен сээп койгондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Бул кандай сонун» – деп айтты».[2]

## ЗИКИР КЫЛУУНУН АДЕПТЕРИ

1. КӨП-КӨП ЗИКИР КЫЛУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам:

«Муфарридундар озуп кетишти» – деп айтканда сахабалар: «Оо, Аллахтын Элчиси! Муфарридуундар деген кимдер?» – деп сурашты. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Аллахты көп-көп зикир кылган (эстеген) эркектер жана аялдар» – деп айтты.[3]

Саад ибну Абу Ваккас, радыяллаху анху, айтты:

«Биз Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, жанында болгонубузда: «Силердин бирөөңөр күн сайын миң жакшылыкка жетүүгө алсыздык кылабы?» – деп айтты. Ошондо чогуу олтургандардын бирөөсү: «Бизден бирөө эле кантип миң жакшылыкка ээ боло алат?» – деп сураганда Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Ал жүз жолу тасбих* айтса ага миң жакшылык жазылат же андан миң күнөөсү кечирилет» – деп айтты».[4]

*Тасбих – бул субханаллах деп айтуу. Мааниси; Аллахты бардык кемчиликтен аруулаймын.

2. ЧЫН ЖҮРӨК МЕНЕН ЗИКИР КЫЛУУ

Аллах таала айтты:

[1] (Сахих Муслим, 568)
[2] (Насааи, 718)
[3] (Сахих Муслим, 2676)
[4] (Сахих Муслим, 2698)

«Алар динде чын ыклас менен жана ширктен* алыс болгон абалда Аллахка гана ибадат кылууга, намаз окууга жана зекет берүүгө буйрулушту. Мына ушул гана туруктуу дин».[1]

3. ЗИКИР КЫЛЫП ЖАТКАН КЕЗДЕ АЛЛАХТЫН УЛУКТУГУН ЖҮРӨГҮНӨ ТУТУУ

Аллах таала айтты:

«Мына ошол (Аллахтын буйругу). Жана ким Аллахтын (динин) белгилерин улуктаса, албетте ал белгилерди кармоо жүрөктүн такыбалыгынан».[2]

Аллах таала айтты:

«Чындыгында Аллахка ыйман келтиргендер – (аларга) Аллахтын аты айтылганда жүрөктөрү титирейт. А эгерде аларга Куран аяттары окулганда ыймандары көтөрүлөт жана алар Раббилерине таваккуль кылышат».[3]

Аллах таала айтты:

«Аларга (кичипейил ыймандуулар) Аллахтын аты айтылганда алардын жүрөктөрү титирейт жана өздөрүнө жеткен кыйынчылыктарга сабыр кылышат, намазды өз убагында окушат жана алар Биз берген ырыскылардан садака кылышат».[4]

5. ӨЗҮ ЖАЛГЫЗ АЛЛАХТЫ ЭСТЕГЕНДЕ КӨЗҮНҮН ЖАШКА ТОЛУУСУ

Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эч бир көлөкө болбогон кыямат күнүндө жети түрлүү адамды Аллах Таала Өз көлөкөсүнө* алат. Алар: Адилеттүү падыша. Жаштайынан Аллахтын динин бекем карманып жашаган адам. Жүрөгү мечитке байланган адам. Аллах үчүн бири-бирин жакшы көргөн адамдар. Сулуу аял төшөккө зына кылууга чакырган кезде «Мен Аллахтан коркомун» – деп зынаадан баш тарткан адам. Оң колу берген садаканы сол колу билбеген адам. Жана эч ким жок жерде Аллахты эстеп зикир кылып, көздөрү жашка толгон адам».[5]

* «Аллах Таала Өз көлөкөсүнө алат» – деген хадистен максат: «Арштын көлөкөсүндө болот» – деген маанини түшүндүрөт.[6]

6. ЭРТЕҢ МЕНЕН ЖАНА КЕЧИНДЕ ЗИКИРЛЕРДИ АЙТЫП ЖҮРҮҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким эртең менен жана кечинде: «Субханаллахи уа бихамдихи» (Аллхка мактоо айтуу менен Аны бардык кемчиликтерден аруулаймын) деп жүз жолу айтса, кыяматта андан башка жакшы (иш-аракети) менен эч ким келбейт. Бирок бир гана ушул дубаны айткан же андан да көбүрөөк айткан адам жакшы (иш-аракети) менен келет».[7]

Таабийин* Абаан ибну Усман, рахимахуллах, айтат:

«Усман ибну Аффан, радыяллаху анху, айтты: «Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Кайсыл бир адам күн сайын эртең менен жана кечинде: «Аллахтын ысмы менен коргоо сураймын. Анын ысмы менен (каргоо суранган адамга) жердеги жана асмандагы эч нерсе зыян жеткире албайт. Ал Угуучу жана Билүүчү. (Бисмиллахил лазии лаа ядурру маъас михи шай ун фил арди уа лаа фис самааи уа хувас Самииъул Алиим» – деп үч жолудан айтып

[1] (Баййина сүрөөсү, 5-аят)
[2] (Хаж сүрөөсү, 32-аят)
[3] (Анфал сүрөөсү, 2-аят)
[4] (Хаж сүрөөсү, 35-аяттар)
[5] (Сахих Бухари, 1423)
[6] («Фатх аль-Баари» Хаафиз ибну Хажар, 2/144)
[7] (Сахих Муслим, 2692)

жүрсө, анда таң атканча ага кокустан балээ жетпейт. Жана ушуну таң аткан кезде айтса, анда кеч киргенче ага кокустан балээ жетпейт».

Күндөрдүн биринде табийин* Абаан ибну Усмандын денесинин жарымы шал болуп калат. Ошондо бул хадисти Абаандан уккан киши Абаанды таң калып караганда, ага Абаан: «Эмнеге мени таң калып карап жатасың? Аллахка ант болсун! Мен Усман, радыяллаху анхунун, атынан жалган хадис айткан жокмун. Усман, радыяллаху анху, да Пайгамбардын атынан жалган хадис айкан эмес. Бирок мен бүгүн бир себептерден улам ачуум келип бул дубаны айтууну унутупмун» – деп айтат.[1]

*Таабийин – Сахабалардан кийинки келген муун.

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, бир киши келип: «Оо, Аллахтын Элчиси! Кечээ күнү кара курт чагып алса болобу...» – деп айтып калды. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ага: «Эгерде сен: «Аъуузу бикалимаатил-лаахит-таammaати миң шарри маа холак. (Аллахтын толук болгон сөздөрү менен (Куран) жараткан нерселердин жамандыгынан сактанам)» – деп кеч киргенде айтканыңда, ал сага зыян бербейт эле» – деп айтты.[2]

7. АДАМГА КЫЙЫНЧЫЛЫК КЕЛГЕНДЕ ЗИКИРДИ КӨП АЙТУУ

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхума, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, кыйынчылык башына түшкөндө ушул дубаны айтат эле: «Лаа илааха иллаллахул Азиимул Халиим. Лаа илааха иллаллаху Раббул аршил Азиим. Лаа илааха иллаллаху Раббус самаавaати уа Раббул арди уа Раббул аршил кариим. (Улуу жана тезден азапка Салбоочу Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Улуу арштын Ээси Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Асмандардын Ээси жана жердин Ээси ошондой эле улуу арштын Ээси Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок)».[3]

**КУРАН ОКУУНУН АДЕПТЕРИ**

1. ДААРАТ АЛУУ

Даарат алуу – эки колду муунуна чейин жуу, оозуна андан кийин мурдуна уучтап суу алып жуу, бетин ээктин асты менен жана эки кулактын жумшактарынан бери бир да жерин калтырбай толук жуу, андан кийин оң колун чыканагына ашыра жуу. Андан кийин сол колун чыканагына ашыра жуу, андан кийин башына масх* тартуу, андан кийин оң бутун ашыгыны кошо жуу, андан кийин сол бутун ашыгыны кошо жуу. Даарат алууга ниет кылып ар бир мүчөсүн ушинтип үч жолудан жуу.

*Эки колун суулап башына сүртүү

Ибну Умар, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Куранды даараты бар адам гана кармашы керек».[4]

2. КЫБЫЛАГА ЖҮЗДӨНҮҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

[1] (Сунан Тирмизи, 3388)
[2] (Сахих Муслим, 2709)
[3] (Сахих Бухари, 6346)
[4] (Табарини, 13217)

«Ар бир нерсенин улуулугу бар, ал эми мажлистердин эң улуусу – кыбылага жүздөнүп отуруу».[1]

3. МИСВАК КОЛДОНУУ

Мисвак - Сауд Аравия Мамлекетинде Араб жарым аралынын аймагында кездешкен, дайыма жашыл бойдон турган Араак дарагынын тамырынан алынган таякча. Мисвак ошондой эле Ашал, Башам жана Зуру дарактарынан алынат, бирок Араак дарагынын мисвагы алардын эң жакшысы. Тишти жана ооз көңдөйүн жагымсыз жыттардан тазалоо үчүн колдонулат.

Аиша, радыяллаху анха, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Мисвак оозду тазартат жана Раббини ыраазы кылат».[2]

Самурат ибну Жундуб, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Оозуңарды мисвак менен тазалагыла. Чындыгында оозуңар (силердин жүрөгүңөргө карай) Курандын жолдору».[3]

4. КУРАНДЫ КЫРААТ МЕНЕН ОКУУ

Кыраат – бул Куранды орточо ылдамдыкта тажвит эрежелери менен Аллах Таалага ибадат кылуу ниети менен туура оукуу.

«Куранды кыраат менен оку».[4]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Куранды кыраат менен окубаган адам бизден эмес*».[5]

*Исламдан эмес. б.а. Куранды ыр сыяктуу кылып окуу күнөө болуп эсептелет.

5. КУРАНДЫ КОРКУУ МЕНЕН ОКУУ

Аллах таала айтты:

«(Оо, Мухаммад! Мушриктерге) айткын: «Силер ага (Куранга) ыйман келтирсеңер да, же ыйман келтирбесеңер да (ал чындык). Андан мурунку илимдүү адамдар өздөрүнө Куран окулганда жүздөрү менен саждага жыгылышып: «Раббибиз Аруу-Таза! Раббибиздин (Акырет жөнүндөгү) убадасы сөзсүз аткарылат!» – деп айтышат. Алар ыйлаган бойдон жүздөрү менен (саждага) жыгылышты жана (Куран) алардын (Аллахка болгон) баш ийүүлөрүн арттырды».[6]

Жабир, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Куранды окуган адамдардын арасынан үнү эң коозу – анын (Куранды) окуп жатканын уксаң Аллахтан коркоорун билесиң».[7]

6. КУРАНДЫ ЫКЛАС КОЮП ОКУУ

---

[1] («Аль-Аусут» Табарини, 2354)
[2] (Сахих Бухари, баб-27)
[3] (Байхаки, 3939)
[4] (Муззаммил сүрөөсү, 4-аят)
[5] (Сахих Бухари, 7527)
[6] (Исра сүрөөсү, 107-109-аяттар)
[7] (Сунан Ибну Маажах, 1339)

Абу Умама аль-Бахили, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чындыгында Аллах чын ыкластан аткарылган жана Анын ыраазылыгы гана көздөлгөн иш-аракеттерди кабыл кылат».[1]

Аллах таала айтты:

«Алар динде Аллахка гана чын ыкластан ибадат кылууга буйрулушкан».[2]

7. КУРАНДАГЫ КЭЭ БИР АЯТТАРДЫ ОКУП ЖАТКАНДА ДУБА КЫЛУУ

Имам Муслим Хузейфа ибну Яман, радыяллаху анхудан риваят кылып мындай деп айтат:

«Бир күнү Хузейфа, радыяллаху анху, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, аркасында түнкү намазды окуп калат. Намазда Пайгамбар Бакара, Аалу Имран жана Ниса сүрөөлөрүн окуйт. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ырайымдуулук туурасында айтылган ар бир аятты окуган сайын Аллахтан ырайымдуулукту сураган. Ошондой эле азап туурасында айтылган ар бир аятты окуган сайын Аллахтан азаптан сактоосун сураган».[3]

8. КУРАНДЫ КЫРК КҮНДӨН КӨБРӨӨК УБАКЫТТА БАШЫНАН АЯГЫНА ЧЕЙИН ОКУП ТУРУУ

Абдуллах ибну Амр, радыяллаху анхума, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мага: «Куранды ар ай сайын бир жолу башынан аягына чейин оку» – деп айтты. Мен: «Андан да көбүрөөк окуй алам» – деп айттым. Ал: «Анда жыйырма түндө бир башынан аягына чейин оку» – деди. Мен кайра: «Мен андан да көбүрөөк окуй алам» – деп айттым. Ошондо ал: «Анда жети түндө бир башынан аягына чейин оку жана андан ашырба» – деп айтты».[4]

9. КУРАНДЫ ҮЙРӨНҮП ЖЕ ҮЙРӨТҮП ЖАТКАНДА ЫКЛАС КОЮП ОКУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Чындыгында Кыямат күнү адамдардын арасынан эң биринчи сурак бере турган адамдардын бири – шейит болгон адам. Аны сурак берүүчү жайга алып келишкенден кийин Аллах ага берген нээматтарын эстетет. Ал баарын эстеп мойнуна алат. Ошондо Аллах андан: «Сен ал нээматтарды эмне кылдың?» – деп сурайт. Ал: «Шейит болгончо Сен үчүн согушуп жүрдүм» – дейт. Аллах таала: «Жалган айттың! Элдер сени эр жүрөк деп айтышы үчүн согуштуң. Ал сөз айтылып (тилегиң ишке ашты)» – деп айтты. Андан соң аны (тозокко ыргытууга) буйрук берди. (Периштелер) аны бети менен сүйрөп барып тозокко ыргытышты. Ошондой эле (кыямат күнү эң биринчи сурак бере турган адамдардын бири) илим алып аны үйрөткөн жана Куран окуган адам. Аны сурак берүүчү жайга алып келишкенден кийин Аллах ага берген нээматтарын эстетет. Ал баарын эстеп мойнуна алат. Ошондо

[1] (Сунан Насаи, 3140)
[2] (Байина сүрөөсү, 5-аят)
[3] (Сахих Муслим, 772)
[4] (Сахих Муслим, 1159)

Аллах андан: «Сен ал нээматтарды эмне кылдың?» – деп сурайт. Ал: «Илим алдым жана аны үйрөттүм ошондой эле Сен үчүн Куран окудум» – деп айтат. Аллах таала: «Жалган айттың! Адамдар сени аалым деп айтышы үчүн илим алгансың. Ошондой эле сени каары* деп айтышы үчүн Куран окугансың. Ал сөздөр айтылып (тилегиң ишке ашты)» – деп айтты. Андан соң аны (тозокко ыргытууга) буйрук берди. (Периштелер) аны бети менен сүйрөп барып тозокко ыргытышты. Ошондой эле (кыямат күнү эң биринчи сурак бере турган адамдардын бири) Аллах ырыскысын кең кылып, бардык мал-мүлктүн түрүн берип койгон (бай) адам. Аны сурак берүүчү жайга алып келишкенден кийин Аллах ага берген нээматтарын эстетет. Ал баарын эстеп мойнуна алат. Ошондо Аллах андан: «Сен ал нээматтарды эмне кылдың?» – деп сурайт. Ал: «Сен мал-мүлктүн сарпталуусун жакшы көргөн кандай гана жаат болбосун мен ошол жаатта Сен үчүн мал-мүлкүмдү сарптадым» – деп айтат. Аллах таала: «Жалган айттың! Адамдар сени берешен деп айтышы үчүн кылгансың. Ал сөздөр айтылып (тилегиң ишке ашты)» – деп айтты. Андан соң аны (тозокко ыргытууга) буйрук берди. (Периштелер) аны бети менен сүйрөп барып тозокко ыргытышты».[1]

*Каары – Куранды жатка окуган инсандар. Бул хадисте Куранды эл көзүнө же мактануу же өзүнүн жеке кызыкчылыгы үчүн окуган адамдардын акыбети кандай болоорун айткан. Куранды ибадат кылуу ниети менен Аллахтын ыраазылыгын көздөп чын ыкластан окуу керек.

10. КУРАН ОКУУДАН АЛДЫН ИСТИЪАЗАНЫ АЙТУУ

Истиъаза – бул аъуузу биллахи минаш-шайтонир-рожийм деп айтуу.

Бул туурасында Аллах таала ыйык Куранда мындай деп айтты:

«Качан сен Куран окусаң, анда (Аллахтын ырайымынан) куулган шайтандын (азгырыгынан) Аллахтан коргоо сура».[2]

11. КУРАНДЫ КООЗ ҮН МЕНЕН ОКУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Пайгамбардын Куранды сыртынан кооз үнү менен окуганын кулак төшөп уккандай Аллах башка нерсени ошончолук жакшы көрүп укпайт».[3]

Бараа ибну Аазиб, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Куранды үнүңөр менен кооздогула».[4]

12. КУРАНДЫ ЖАРЫЯ ЖЕ КУПУЯ ОКУУ

Укбат ибну Аамир, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Куранды жарыя окуу садаканы ашкере кылып бергенге барабар, ал эми Куранды купуя окуу садаканы жашыруун бергенге барабар».[5]

13. ҮРГҮЛӨП ЖАТКАНДА КУРАН ОКУУНУ ТОКТОТУУ

---

[1] (Сахих Муслим, 1905)
[2] (Нахл сүрөөсү, 98-аят)
[3] (Сахих Бухари, 7544)
[4] (Сахих аль-Жаами, 3581)
[5] (Сунан Тирмизи, 2919)

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгер силердин бирөөңөр түнкү намазга туруп, Куран окуганда тили булдуруктап эмне айтып жатканын билбесе, анда жатып (эс алсын)».[1]

14. КУРАНДЫ КООЗДОП ОКУУ МУСТАХАБ

Мустахаб – жакшы иш-аракеттерге карата айтылат. Башкача айтканда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кээде аткарып, кээде аткарбаган иш-аракеттер. Мустахаб иш-аракеттерин аткарса сооп болот, аткарбаса күнөө болбойт.

15. Абдуллах ибну Масууд, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мага: «Куран окуп берчи» – деди. Ошондо мен: «Сизге Куран окуп берейинби? Куран сизге түшкөн го?» – дегенимде Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Чындыгында мен Куранды башкалардан укканды жакшы көрөм» – деп айтты. Ошондо мен Ниса сүрөөсүн окуп келе жатып: «Эгер Биз ар бир элден күбө алып келсек, а сени буларга каршы күбөгө өткөрсөк (каапырлардын абалы) кандай болоор экен?» — деген аятка жеткенимде (Ниса сүрөөсү, 41-аят) Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Болду, жетиштүү» – деп айтты. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, карасам көздөрүнөн жаш агып жаткан экен».[2]

16. КУРАН ОКУП ЖАТКАНДА АЯТТАРДЫН МААНИЛЕРИНЕ КӨҢҮЛ БУРУУ

Хузайфа, радыяллаху анху, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, аркасында намаз окуп жатканында Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Бакара, Ниса, Аалу Имран сүрөөлөрүн окуп жатып мактоо айтылган аяттарга келгенде жети жолу кайталап окучу. Ал эми сурана турган аяттарга жеткенде сурачу, коргоо туурасында айтылган аяттарга жеткенде коргоо сурачу.[3]

17. НАМАЗДА РҮКҮ ЖАНА САЖДА КЫЛГАНДА КУРАН ОКУЛБАЙАТ

Рүкү – бул Аллах таалага баш ийип ибадат кылууну ниет кылып, алакандары менен тизесин кармап далысын түз алып туруу.

Сажда – Аллахка моюн сунуп ибадат кылуу ниети менен маңдайын, мурдун, эки алаканын, эки тизесин жана эки бутунун манжаларын жерге коюу.

Ибну Аббас, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чындыгында мага рүкүдө жана саждада турганда Куран окуу тыюу салынды. Анткени рүкүдө улуу Аллахты улуктагыла! Ал эми саждада болсо көп дуба кылгыла! Анткени дубаңар тез кабыл болот».[4]

## ОРОЗО КАРМООНУН АДЕПТЕРИ

1. ЖАҢЫРГАН АЙДЫ КӨРГӨНДӨ ДУБАСЫН АЙТУУ

Ибну Умар, радыяллаху анху, айтты:

---

[1] (Сахих Муслим, 787)
[2] (Сахих Бухари, 4582)
[3] (Сахих Муслим, 772)
[4] (Сахих Муслим, 479)

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, жаңырган айды көргөндө мындай деп дуба кылат эле: «Аллаху акбар, аллахумма ахиллаху алайна бил-амни уал-иймаан, уас-салаамата уал-ислам, уат-тауфики лима тухиббу уа тардо, Раббуна уа Раббука Аллах. (Аллах Улуу, Оо, Аллах! Бул айда бизге бейпилдик жана ыйман бергин, тынчтык жана исламга береке бергин, Сен сүйүп ыраазы болгон нерседе ийгилик бергин, Раббибиз жана Раббиң Аллах)».[1]

2. ЧЫН ЫКЛАСТАН ОРОЗО КАРМОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллалаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Ким Рамазан айында (орозонун парз экенине) ыйман келтирип жана сообун үмүт кылып орозо кармаса, анда анын өткөн күнөөлөрү кечирилет».[2]

3. ПАРЗ ОРОЗО КАРМОО ҮЧҮН ТҮНҮ НИЕТ КЫЛУУ

Хафса, радыяллаху анха, айтты:

«Ким таң атаардан алдын (парз орозо кармоого) ниет кылбаса орозосу кабыл болбойт».[3]

4. РАМАЗАН АЙЫНДА САДАКА БЕРҮҮНҮ КӨБӨЙТҮҮ

Ибну Аббас, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, адамдардын эң берешени болгон. Рамазан айында Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, Жебреил периште түшкөн кезде берешендиги дагы да күчөгөн. Жебреил периште Рамазан айында ар бир түнү Пайгамбарыбызга түшүп Куранды үйрөтөт эле. Себеби Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, жакшылык кылууда катуу соккон жел сыяктуу өтө берешен болчу».[4]

5. ОРОЗО КАРМАГАН АДАМ СӨГҮШ УКСА «МЕН ОРОЗОМУН» ДЕП АЙТСЫН

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Аллах айтты: «Адам баласынын орозодон башка бардык иш-аракеттери өзү үчүн болот. Ал эми анын орозосу Мен үчүн. Анын сообун Мен гана беремин. Орозо бул – (күнөөдөн тосуучу) калкан. Силердин бирөөңөр орозо кармаган күнү жаман сөз сүйлөбөсүн жана үнүн көтөрбөсүн! Эгерде кимдир бирөө аны тилдесе же урушса «мен орозомун» деп айтсын. Мухаммаддын жаны Анын колунда болгон Затка ант болсун! Орозо кармаган адамдын оозунан чыккан жыт Аллахтын алдында атырдын жытынан да жыттуу. Орозо кармаган адам эки кубаныч менен кубанат. Ооз ачканда кубанат жана Раббисине жолукканда кармаган орозосу үчүн кубанат».[5]

6. ООЗ АЧУУНУ КЕЧИКТИРБӨӨ

Сахл ибну Саад, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ооз ачууну кечиктирбеген адамдар жакшылык үстүндө боло беришет».[6]

7. ШАМ НАМАЗЫН ОКУУДАН АЛДЫН КУРМА МЕНЕН ООЗ АЧУУ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:

[1] (Аддарими, 1687)
[2] (Сахих Бухари, 28)
[3] (Насааи, 2340)
[4] (Сахих Бухари, 1902)
[5] (Сахих Бухари, 1975)
[6] (Сахих Бухари, 1975)

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, намаз окуудан алдын бышкан курмалар менен ооз ачат эле. Эгерде ал болбосо кургатылган курма менен ооз ачкан. Эгерде ал болбосо суу менен ооз ачкан».[1]

8. ООЗ АЧАРДАГЫ ДУБАСЫН АЙТУУ
   Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, ооз ачканда бул дубаны айтат эле: «Захабат зомау, уаб таллатил уърууку, уа сабаталь ажру ин шаа Аллах. (Чанкагандык кетти, тамакка суу жетти жана сооптор жазылды ин шаа Аллах)».[2]

9. РАМАЗАН АЙЫНДА КУРАНДЫ КӨП ОКУУ
   Аллах таала айтты:

«Рамазан айында адамдарды туура жолго салган жана туура жолду баяндаган, акыйкат менен жалганды ажыратуучу далилдерди баяндаган Куран түшүрүлдү».[3]

Ибну Аббас, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, адамдардын эң берешени болгон. Рамазан айында Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, Жебреил периште түшкөн кезде берешендиги дагы да күчөгөн. Жебреил периште Рамазан айында ар бир түнү Пайгамбарыбызга түшүп Куранды үйрөтөт эле. Себеби Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, жакшылык кылууда катуу соккон жел сыяктуу өтө берешен болчу».[4]

Аллахтын Элчиси Куран окуудагы бериле турган сооптор туурасында мындай деп айткан:

«Ким Куран китептен бир тамга окуса, анда ага бир сооп жазылат да, андагы бир сооп он соопко көбөйтүлөт. Мен «Алиф, Лям, Мим» бир тамга деп айтпаймын, тескерисинче «Алиф» бир тамга, «Лям» өзүнчө бир тамга, «Мим» да өзүнчө бир тамга».[5]

10. ОРОЗО УЧУРУНДА ДУБА КЫЛУУ
    Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте:

«Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Үч түрлүү адамдын дубасы кайтарылбайт. Алар: орозо кармаган адамдын ооз ачканга чейин кылган дубасы, адилеттүү падышанын (дубасы) жана зулум чеккен адамдын дубасы. Аллах зулум чеккен адамдын дубасын булуттардын үстүнө көтөрүп, асман эшиктерин ачат да ага: «Улуулугума ант! Албетте Мен сага бир канча убакыттан кийин болсо да сөзсүз жардамымды беремин» – деп айтат.[6]

11. СААРЛЫК КЫЛУУ
    Саарлык – бул орзо тутуучунун таң атканга чейинки тамактануусу.

Анас, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Саарлык кылгыла. Чындыгында саарлык кылууда береке бар».[7]

---

[1] (Сунан Абу Дауд, 2356)
[2] (Сунан Абу Дауд, 2357)
[3] (Бакара сүрөөсү, 185-аят)
[4] (Сахих Бухари, 1902)
[5] (Сунан Тирмизи, 2910)
[6] (Сунан Тирмизи, 3598)
[7] (Сахих Бухари, 1923)

Ибну Умар, радыяллаху анхума, риваят кылат: «Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чындыгында Аллах жана Анын периштелери саарлык кылуучуларга салават* айтышат».[1]

*Аллахтын пенделерине салават айтуусу – Аллахтын пенделерине болгон ырайымы, алардын даражаларын көтөрүүсү жана периштелердин алдында аларды мактап, эскерүүсү.

Периштелердин пенделерге айткан салаваты – Периштелердин мусулмандар үчүн Аллахтан кечирим суроосу.

Абу Кайс, радыяллаху анху, айтты:

«Амр ибну Аас, радыяллаху анху, ал саарлык кылуу үчүн бизди тамак жасоого буйруйт эле. Бирок өзү андан көп жечү эмес. Анан биз ага: «Бизди тамак жасоого буйруп, өзүңүз андан көп жебейсиз?» – деп айттык. Ошондо ал: «Чындыгында мен силерди ага буйрубаймын. Чындыгында мен саарлыкты жегим келет. Бирок мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтып жатканын укканмын: «Биздин орозобуз менен китеп ээлеринин* орозосунун ортосундагы айырма – бул саарлык кылуу».[2]

*Яахудтар (Жөөттөр) жана Христиандар.

12. САARЛЫКТА КУРМА ЖЕГЕН МУСТАХАБ

Мустахаб – жакшы иш-аракеттерге карата айтылат. Башкача айтканда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кээде аткарып, кээде аткарбаган иш-аракеттер. Мустахаб иш-аракеттерин аткарса сооп болот, аткарбаса күнөө болбойт.

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ыймандуулардын эң жакшы сааркы тамагы – бул курма».[3]

13. СААРЛЫКТЫ АКЫРКЫ УБАКТЫСЫНА ЧЕЙИН КЕЧИКТИРҮҮ

Зайд ибну Сабит, радыяллаху анху, айтты:

«Биз Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, менен саарлык ичкенибизден кийин ал намазга турду». Мен: «Азан менен саарлыктын ортосунда канча убакыт бар эле» – деп сураганымда ал: «Элүү аяттын окулушунча убакыт бар» – деп жооп берди».[4]

Абу Атийята, радыяллаху анху, айтты:

«Мен Аиша, радыяллаху анхага: «Бизде Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, сахабаларынан эки киши бар. Алардын бири оозду эрте ачып, саарлыкты кечиктирет. Экинчиси оозду кеч ачып, саарлыкты эртелетет» – деп айттым. Ал: «Кайсы бири оозду эрте ачып, саарлыкты кечиктирет» – деп сурады. Мен: «Абдуллах ибну Масууд, радыяллаху анху» – деп жооп бергенимде ал: «Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, ошондой кылат эле» – деп айтты».[5]

14. ТОЁ ЖЕБӨӨ

Микдам ибну Маади Якриб, радыяллаху анху, айтты:

[1] (Ибну Хиббан, 8/246)
[2] (Сахих Муслим, 1096)
[3] (Сунан Абу Дауд, 2345)
[4] (Сахих Бухари, 1921)
[5] («Муснад» Ахмад, 25399)

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп жатканын уктум: «Адамдын толтурган нерселеринин эң жаманы курсак. Адам баласынын тулку боюн кармап турган аз гана тамак жетиштүү болот. Эгер сөзсүз жеш керек болсо, анда (ашказанынын) үчтөн бирин тамак үчүн, үчтөн бирин суусундук үчүн жана калган үчтөн бирин аба үчүн калтырсын».[1]

15. ОРОЗО АДАМДАРДЫН ООЗУН АЧЫРЫП ТАМАКТАНДЫРУУ

Зайд ибну Халид ал-Жухани, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Ким орозо туткан адамды ооз ачырып тамактандырса, анда ага орозо туткан адамдын сообундай сооп берилет жана орозо туткан адамдын сообунан эч нерсе кемитилбейт».[2]

16. ТАРАВИХ НАМАЗЫНА УМТУЛУУ

Таравих намазы – бул Рамазан айында куптан намазынан кийин витр намазынын алдынан окулуучу 20 рекеттүү намаз. Таравих намазын эркектер жана аялдар окууга тийиш. Жамаат менен окуу сүннөт. Жеке өз алдынча окуса да болот. Бирок жамаат менен окуу абзел.

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким ыйман келтирип* жана сооп үмүт кылып рамазан айында орозо кармаса, анда анын өткөн күнөөлөрү кечирилет».[3]

*Аллхтын буйругуна ишенип, парз экенин билип, аны таштоонун жазасынан коркуп орозо кармаса... .

## РАМАЗАН АЙЫНЫН АДЕПТЕРИ

1. РАМАЗАН АЙЫНДА ТАРАВИХ НАМАЗЫН ОКУУ

Таравих намазы – бул Рамазан айында куптан намазынан кийин витр намазынын алдынан окулуучу 20 рекеттүү намаз. Таравих намазын эркектер жана аялдар окууга тийиш. Жамаат менен окуу сүннөт. Жеке өз алдынча окуса да болот. Бирок жамаат менен окуу абзел.

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким Рамазан айында (Аллахка) ыйман келтирип* жана сооп үмүт кылып (намаз) окуса, анда анын өткөн күнөөлөрү кечирилет».[4]

*Аллхтын буйругуна ишенип, парз экенин билип, аны таштоонун жазасынан коркуп орозо кармаса... .

2. РАМАЗАН АЙЫНЫН АКЫРКЫ ОН КҮНҮНДӨ КӨП ИБАДАТ КЫЛУУ

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, (Рамазандын акыркы) он күнү кирип келгенде, белин бекем бууп, түндөрүн (ибадат менен) өткөрчү жана үй-бүлөсүн да ойготчу».[5]

3. ЭТИКАФКА ОТУРУУ

---

[1] (Сунан Тирмизи, 2380)
[2] (Сунан Тирмизи, 807)
[3] (Сахих Муслим, 759)
[4] (Сахих Муслим, 759)
[5] (Сахих Бухари, 2024)

Этикаф – бул жүрөгүн дүнүйөлүк иштерден бошотуп, жалгыз Аллахка моюн сунуп, ибадат кылуу максатында Аллахтын ыраазылыгына жетүүнү ниет кылып, мечитте күн боюу же түн боюу же бир күн түнү менен калуу.

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, айтты:

«Рамазандын акыркы он күнүндө Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, этикафка отурчу эле».[1]

4. БИТИР САДАКА БЕРҮҮ

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Рамазандын битир садакасын ар бир эркин же кул жана эркек же аял мусулмандарга бир соо* курма жана бир соо арпадан берүүнү парз кылды».[2]

*(Төрт кош ууч. б.а. 2.400 грамдан 3.600 грамга чейинки өлчөм)

## САДАКА БЕРҮҮНҮН АДЕПТЕРИ

1. САДАКАНЫ АДАЛ ЖОЛ МЕНЕН ТАПКАН МАЛ-МҮЛКТӨН БЕРҮҮ

Аллах таала айтты:

«Эй, ыйман келтиргендер! Өзүңөр иштеп тапкан адал нерселерден жана Биз силерге жерден чыгарып берген (азык-түлүк, мөмө-жемиш ж.б.у.с.) нерселерден садака кылгыла».[3]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чындыгында Аллах таала таза. Ал тазадан башка эч нерсени кабыл кылбайт. Чындыгында Аллах таала элчилерге буйруган нерсени ыймандууларга да буйруду».

Андан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Аллах тааланын бул сөзүн окуду: «Эй, Элчилер! Адал ырыскылардан жегиле жана жакшы иш-аракеттерди кылгыла. Албетте Мен силердин эмне кылганыңарды Билүүчүмүн».[4]

Жана Аллах таала айтты: «Эй, ыйман келтиргендер! Биз силерге ырыскы кылып берген нерселердин адалдарынан жегиле».[5]

Андан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, үстүн чаң баскан, чачтары жүдөгөн, алыскы сапардан келе жаткан адам туурасында мындый деп айтты. Ал адам колун асманга көтөрүп: «Оо, Раббим! Оо, Раббим!» – деп дуба кылат. Бирок анын жегени арам, ичкени арам, кийгени арам, ал арам менен азыктанган. Анан анын дубасы кантип кабыл болмок эле?!» – деп айтты.[6]

[1] (Сахих Муслим, 1171)
[2] (Сахих Муслим, 984)
[3] (Бакара сүрөөсү, 267-аят)
[4] (Муъминуун, 51-аят)
[5] (Бакара сүрөөсү, 172-аят).
[6] (Сахих Муслим, 1015)

2. САДАКАНЫ ЭҢ НАЧАР МАЛ-МҮЛКҮНӨН БЕРБӨӨ

Аллах таала айтты:

«Ал нерселердин начарларынан садака кылууну көздөбөгүлө. Аны өзүңөр да албайт элеңер. Алсаңар да андан көзүңөрдү жумуп (жактырбай) алмаксыңар. Билгиле! Чындыгында Аллах – Бай (Муктаж эмес), Макталуучу».[1]

Аллах таала айтты:

«Силер өзүңөр жакшы көргөн нерсени (Аллах жолунда) сарптамайынча жакшылыкка жете албайсыңар. Силер эмнеден садака кылган болсоңор, Чындыгында аны Аллах Билүүчү!».[2]

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:

«Абу Талха Мадинадагы ансарлардын арасынан курма багы көп эң бай адамдардан болгон. Ага байлыктарынын арасынан эң жакшысы Байруха деген курма багы эле. Ал курма багы Пайгамбардын мечитине карама-каршы жайгашкан. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кээде ал курма бакка кирип таза суусунан ичип турган. Анас, радыяллаху анху, айтты: «Качан гана Аллахтын: «Силер өзүңөр жакшы көргөн нерсени (Аллах жолунда) сарптамайынча жакшылыкка жете албайсыңар» – деген аяттары түшкөн кезде, Абу Талха Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: «Оо, Аллахтын Элчиси! Чындыгында Аллах таала: «Силер өзүңөр жакшы көргөн нерсени (Аллах жолунда) сарптамайынча жакшылыкка жете албайсыңар» – деп айтты го? Чындыгында менин байлыгымдын арасынан мага жакканы бул – Байруха (курма багы). Ал курма багым Аллах ыраазылыгы үчүн садака болсун! Ушул жакшы иш аркылуу (сооп) камдоону Аллахтан үмүт кылам. Оо, Аллахтын Элчиси! Каалаганыңыздай иштете бериңиз. (Бул ишти) Аллах көрүп турат» – деп айтты. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Эң жакшы! Бул байлык жакшы киреше алып келет, өтө кирешелүү байлык! Сен ушул (садаканы) жакын тууганадарыңа бөлүп бергениңди туура көрүп турам» – деп айтты. Абу Талха: «Оо, Аллахтын Элчиси! Сиз айткандай кылам» – деп айтты да, тууганадарына жана агаларынын балдарына бөлүп берди».[3]

3. ЗЕКЕТТИ ӨЗ УБАКТЫСЫНАН КЕЧИКТИРБЕЙ БЕРҮҮ

Зекет – бул Аллах таала бай мусулмандарга жыл сайын акчасынан жана мал-мүлкүнөн төлөп турууну милдеттендирген садака жана ал мусулмандардын жакырларына, алсыздарына жана татыктууларына Аллахтын буйругуна моюн сунуп, Ага жакындоо үчүн берилет.

Ибну Умар, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ислам беш нерсеге курулган. Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Аллахтын Элчиси деп күбөлүк берүү, намаз окуу, зекет берүү, ажылык кылуу жана Рамазанда орозо кармоо».[4]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

---

[1] (Бакара сүрөөсү, 267-аят)

[2] (Аалу Имран сүрөөсү, 92-аят)

[3] (Сахих Бухари, 1461)

[4] (Сахих Бухари, 8)

«(Кыямат күнү) Аллах берген байлыктан зекет чыгарбаган адамга, ошол байлыгы уулуу тиштүү чоң жыланга айланып келет да, мойнуна оролуп алып бетинен тиштеп: «Мен сенин байлыгыңмын, мен сенин кениңмин» – деп айтат. Андан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Курандан бул аяттарды окуду, Аллах таала айтты: «Аллах Өз берешендиги себептүү берген (байлык, мансап, илим, ж.б.у.с.) нерселерден сараңдык кылган адамдар, бул жоругу өздөрүнө жакшы (пайда) деп ойлобосун. Бул алар үчүн жамандык. Жакында, кыямат күндө сараңдык кылган нерселери алардын мойнуна оролуп муунтат. Асман жана жер Аллахка гана таандык. Аллах силердин ишиңерден кабардар».[1]

Аллах таала айтты:

«Аллах силерге тирелип өсүүчү бактарды (жүзүм багы сыяктуу) жана өзүнүн сөңгөгү менен өскөн бактар (курма, алма, бактарды) жана курма ар түркүн мөмөлүү эгиндерди (бутак жалбырагы бири-бирине окшогон, (мөмөсү менен даамы) окшошпогон зайтун, анарларды өстүрдү. Түшүм алган кезде андан жегиле жана түшүм жыйнаган кезде акысын (зекетин) бергиле. Жана ысырап кылбагыла! Ал ысырап кылуучуларды жакшы көрбөйт».[2]

4. ЗЕКЕТТИ МАЛ-МҮЛКТҮН ОРТОЧОСУНАН ЧЫГАРУУ

Абдуллах ибну Муавия Гаадири, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Үч нерсени кылган адам ыйман даамын татат; Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок деп, жалгыз Аллахка гана ибадат кылса жана өзүнө ыраа көргөн мал-мүлктүн зекетин жыл сайын берсе. Зекет чыгарганда картаң, котур, оорулуу, өтө кичененекей, өтө начарын бергенге болбойт. Бирок орточо мал-мүлкүңөрдөн бергиле. Чындыгында Аллах (мал-мүлкүңөрдүн) жакшысын сураган жок жана жаманын да бергиле деп буйруган жок».[3]

5. АЛТЫН КҮМҮШТӨН БОЛГОН СӨЙКӨ ШАКЕКТЕРДИН ЗЕКЕТИН БЕРҮҮ

Амр ибну Шуайб, радыяллаху анху, атасынан жана чоң атасынан риваят кылат:

«Бир аял Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келди. Ал аял менен бирге кызы да болгон. Кызынын колунда алтындан болгон калың эки билериги бар эле. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ал кыздан: «Сен булардын зекетин бердиңби?» – деп сурады. Ал кыз: «Жок» – деп айтты. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ал кызга: «Кыямат күнү Аллах сага оттон болгон эки билерик тагуусун каалайт белең?» – деди. Ошондо ал кыз билериктерин чечип Пайгамбарга берип: «Булар Улуу Аллах таалага жана Анын Элчисине болсун» – деп айтты».[4]

6. САДАКАНЫ МИЛДЕТ КЫЛБАСТАН БЕРҮҮ

Аллах таала айтты:

«Эй, ыймандуулар! Садакаңарды милдет кылып же (башкаларга) ыза берип текке кетирип албагыла».[5]

Абу Зар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Кыямат күнү Аллах үч түрдүү адамга сүйлөбөйт. Алар: Садакасын милдет кыла берген адам, жалган касам ичип соода кылган адам жана шымынын багалегин кызыл ашыктан ашырып кийген адам».[6]

7. САДАКАНЫ ЧЫН ЫКЛАСТАН БЕРҮҮ

[1] (Аалу Имран сүрөөсү, 180-аят)
[2] (Анъам сүрөөсү, 141-аят)
[3] (Сунан Абу Дауд, 1582, 2/103)
[4] (Сунан Абу Дауд, 1568)
[5] (Бакара сүрөөсү, 264-аят)
[6] (Сахих Муслим, 106)

Аллах таала айтты:
«Мал-мүлктөрүн Аллахтын ыразылыгын көздөп жана өз напсилеринен (сооп болоорун) бекемдешип садака кылгандардын мисалы дөңсөөдөгү бакчага окшош. Ага нөшөрлөгөн жамгыр жааса эки эселеп түшүм берет. Эгер нөшөрлөгөн жамгыр жаабаса ага себелеген жамгыр деле жетиштүү. Аллах силер аткарып жаткан нерселерди Көрүүчү».[1]

Ибну Умама аль-Бахили, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чындыгында Аллах Өзү үчүн гана аткарылган жана Анын ыраазылыгыны көздөп аткарылган иш-аракеттерди гана кабыл кылат».[2]

8. ЖАШЫРУУН САДАКА КЫЛУУ

Аллах айтты:
«Эгер силер садаканы жашыруун кылсаңар жана аны кедейлерге берсеңер, анда ал силер үчүн жакшы. Ал силердин жамандыктарыңарды өчүрөт. Аллах силер жасап жаткан иштериңерден кабардар».[3]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эч бир көлөкө болбогон кыямат күнүндө жети түрлүү адамды Аллах Өз көлөкөсүнө* алат. Алар: Адилеттүү падыша. Жаштайынан Аллахтын динин бекем карманып жашаган адам. Жүрөгү мечитке байланган адам. Аллах үчүн бири-бирин жакшы көргөн адамдар. Сулуу аял төшөккө зына кылууга чакырган кезде «Мен Аллахтан коркомун» – деп зынадан баш тарткан адам. Оң колу берген садаканы сол колу билбеген адам. Жана эч ким жок жерде Аллахты эстеп зикир кылганда көздөрү жашка толгон адам».[4]

*Аллах таала арштын көлөкөсү менен көлөкөлөндүрөт.

9. ҮЛГҮ БОЛУУ ҮЧҮН САДАКАНЫ АЧЫК БЕРҮҮ

Аллах айтты:

«Эгер садаканы ачык кылып берсеңер, анда ал кандай жакшы!».[5]

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, айтты:

«Эртең менен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, жанында турганыбызда жарым-жылаңач жыртык кийим кийинишкен, кылычтарды асынышкан адамдар келишти. Алардын дээрлик баары Мудар уруусунан экен. Алардын кедейлигин көрүп Аллахтын Элчисинин жүзү өзгөрө түштү. (Аларга аз болсо да бир нерсе тартуулоо үчүн) дароо үйүнө кирип чыкты да Билалды азан айтууга буйруду. Ал азан айтып, коомат айткандан кийин намаз окуду. Андан кийин минбарга чыгып мындай деп айтты: «Эй, адамдар! Силерди бир жандан жараткан Раббиңерден корккула!» – деп аятты окуп баштады да: «Чындыгында Аллах силерди Көзөмөлдөөчү» – деп айтып аятты аягына чейин окуду. (Ниса сүрөөсү, 1-аят) «Аллахтан корккула! (Ар бир жан) эртеңки күнгө эмне даярдаганын карасын!». (Хашр сүрөөсү, 81-аят) Ар бириңер «динарынан, дирхамынан, кийиминен бир соо* буудайынан жана бир соо курмасынан садака берсин!». Жада калса «жарым курма болсо да (садака берсин)» – деп айтты».[6]

[1] (Бакара сүрөөсү, 265-аят)
[2] (Сунан Насаи, 3140)
[3] (Бакара сүрөөсү, 271-аят)
[4] (Сахих Бухари, 1423)
[5] (Бакара сүрөөсү, 271-аят)
[6] (Сахих Муслим, 1017)

*(Төрт кош ууч. б.а. 2.400 грамдан 3.600 грамга чейинки өлчөм)

Жабир, радыяллаху анху, айтты:

«Ошондо ансарлардан болгон бир киши түйүнчөктү кыйынчылык менен көтөрүп келди. Андан кийин адамдар биринин артынан бири алып келе башташты. Кийин эки үйүлгөн тамак-ашты жана кийимдерди көрдүм. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, жүзү жаркырап кубанганын да көрдүм. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты: «Ким Исламда жакшы ишти баштаса, анда ага ал иштин сообу жана андан кийинки ал ишти аткарган адамдын сообу да ага эч кемибестен берилет. Ал эми ким Исламда жаман (бидаат) ишти баштаса, анда ага ошол иштин күнөөсү жана ал ишти кылган адамдын күнөөсү эч кемибестен ага жазылат».[1]

## АЖЫЛЫК ЖАНА УМРАНЫН АДЕПТЕРИ

1. АЖЫЛЫК САПАРГА ЖӨНӨРДӨН АЛДЫН ЧЫН ДИЛДЕН ТООБО КЫЛУУ

Аллах таала айтты:

«Эй, ыймандуулар! Баарыңар Аллахка тообо кылгыла. Балким ийгиликке жетесиңер».[2]

Ибну Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Оо, адамдар! Аллахка тообо кылгыла. Чындыгында мен күн сайын Аллахка жүз жолу тообо кыламын».[3]

2. ЭГЕРДЕ АДАМДАРГА ЗУЛУМДУК КЫЛГАН БОЛСО АНДА АЛАРДЫН АКЫСЫН КАЙТАРСЫН

Ибну Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Зулумдук кылуудан сак болгула. Анткени зулумдук кылган (адам) кыямат күнүндө караңгылыктарда калат».[4]

Абу Зар аль-Гифари, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кудсий хадисте* Аллах тааланын мындай деп айтканын айтты:

«Оо, пенделерим! Чындыгында Мен зулумдук кылууну Өзүмө арам кылдым жана аны силерге да арам кылдым. Ошондуктан силер эч качан бири-бириңерге зулумдук кылбагыла!».[5]

*Хадис Кудси – бул Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан хадис. Бирок хадис кудсийдин мааниси Аллахтан келген жана ал Аллахтын сөзү. Хадис Кудси Куран менен бирдей эмес, анткени Куран Аллахтын сөзү, кереметтүү, анын окулушу ибадат болуп саналат жана ал Куран намазда окулат. Ал эми хадис кудсийдин сөздөрүн Мухаммад пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айткан. Хадис кудсийде Курандын өкүмдөрү жок, бирок ал Аллахтын сөзү.

3. АДАЛ ЖОЛ МЕНЕН ТАПКАН БАЙЛЫКТАН ГАНА САРПТОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

---

[1] (Сахих Муслим, 1017)
[2] (Нур сүрөөсү, 31-аят)
[3] (Сахих Муслим, 2702)
[4] (Сахих Бухари, 2447)
[5] (Сахих Муслим, 2577)

«Чындыгында Аллах таала таза. Ал тазадан башка эч нерсени кабыл кылбайт. Чындыгында Аллах таала элчилерге буйруган нерсени ыймандууларга да буйруду».

Андан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Аллах тааланын бул сөзүн окуду: «Эй, Элчилер! Адал ырыскылардан жегиле жана жакшы иш-аракеттерди кылгыла. Албетте Мен силердин эмне кылганыңарды Билүүчүмүн».[1]

Жана Аллах таала айтты: «Эй, ыйман келтиргендер! Биз силерге ырыскы кылып берген нерселердин адалдарынан жегиле».[2]

Андан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, үстүн чаң баскан, чачтары жүдөгөн, алыскы сапардан келе жаткан адам туурасында мындый деп айтты. Ал адам колун асманга көтөрүп: «Оо, Раббим! Оо, Раббим!» – деп дуба кылат. Бирок анын жегени арам, ичкени арам, кийгени арам, ал арам менен азыктанган. Анан анын дубасы кантип кабыл болмок эле?!» – деп айтты.[3]

4. АЖЫГА БАРУУГА ДАЯРДАНУУ ЖАНА АНЫ ЧЫН ЫКЛАСТАН ӨТӨӨ

Момундардын башчысы Абу Хафс Умар ибну аль-Хаттаб, радыяллаху анху, айтты: «Мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Чындыгында иш-аракеттер ниеттерге гана жараша болот жана ар бир адам ниет кылганына гана жетет».[4]

Абу Умама ал-Бахили, радыяллаху анху, айтты:

«Бир киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: «Айтыңызчы, эгерде бирөө сооп үмүт кылып жана атактуу болуусун каалап (Аллах жолунда) согушса, анда ал соопко жете алабы?» – деп сурады. Анда Пайгамбар: «Ал эч кандай соопко жетпейт» – деп жооп берди. Ал киши бул суроосун үч жолу кайталап сурады. Пайгамбар ага кайра эле: «Ал эч кандай соопко жетпейт – деп жооп берип мындай деди – Чындыгында Аллах Өзү үчүн чын ыкластан аткарылган иш-аракеттерди жана Анын ыраазылыгы көздөлгөн максаттарды гана кабыл кылат».[5]

5. АЖЫГА САПАР КЫЛААРДА ЖАКШЫ ШЕРИК ТАНДОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Адам өз досунун docunun дининде болот. Андыктан кимди дос тутуп жатканына карасын».[6]

Абу Саид аль-Худрий, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ыймандууну гана дос туткун жана тамагыңды такыба адам гана жесин».[7]

Абу Муса, радыяллаху анху, риваят кылат. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чындыгында жакшы жана жаман адам менен отуруунун мисалы, алар атыр сатуучу киши менен көрүк үйлөөчү киши сымал. Атыр саткан адам сага атырынан берет, же андан сатып аласың же андан

[1] (Муъминуун, 51-аят)
[2] (Бакара сүрөөсү, 172-аят)
[3] (Сахих Муслим, 1015)
[4] (Сахих Бухари, 54)
[5] (Сунан Насаи, 3140)
[6] (Сунан Тирмизи, 2378)
[7] (Сунан Абу Дауд, 4832)

жагымдуу жытты табасың. Ал эми көрүк үйлөгөн адам сенин кийимиңди күйгүзөт же андан жагымсыз жытты табасың».[1]

6. КАЛТЫРГАН МУРАСЫНЫН ОСУЯТЫН ЖАЗУ

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Мусулман кишинин осуят кыла турган нерсеси болсо, анда анын осуяты эки түндө жазылуусу керек. (Андай кылбоого) мусулман адамдын акысы жок».[2]

Бул хадисте, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, күтүүсүз өлүмдөн мурда мурасты (керээзди) жазууга үндөп баса белгиледи жана мурасты жазбай коюу мусулманга ылайыксыз экенин ачык айтты. Мурасты эркекпи же аялбы баары жазып калтырыш керек. Мурас – артында калган жетим балдарын, байлыгын, өтөй албай калган карызын, зекетин ж.б. өтөй албай калган укуктарын артында калган жакындарына жазып калтыруу.

7. АЖЫЛЫКТЫН ӨКҮМДӨРҮН ҮЙРӨНҮҮ

Зирру ибну Хубайш айтты:

«Сафван ибну Ассал ал-Мурадиге келгенимде ал: «Эмне себептен келдиң?» – деп сурады. Мен: «Илим алганы келдим» – деп жооп бердим. Ал: «Чындыгында мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтып жатканын уктум: «Ким болбосун, илим аламын деп үйүнөн чыккан болсо, анда анын кылып жатканына ыраазы болгон абалда периштелер ага канаттарын төшөшөт». Мен: «Маасыга масх* тартуу туурасында сурап келдим» – деп айттым. Ал: «Ооба, мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, жөнөткөн аскерлердин арасында болдум. Ошондо ал жуп маасыга масх тартууга бизди буйруду, эгерде биз даараттын үстүнөн кийген болсок. Сапарда болсок үч күн, жерибизде болсок бир күн бир түн (масх тартууга буйруду). Маасыны кичи заара кылганда, чоң заара кылганда жана уктаганда чечпейбиз, бир гана жунуп** болгондо гана чечебиз» – деп айтты».[3]

*Эки колун суулап маасыга сүртүү

** Жунуп – бул эркек менен аялдын жыныстык байланышынан кийинки абал, же балгатка жеткен уул жана кыз балдардан түшүркөп же кандайдыр бир ыкмалар менен дүүлүгүп бел сууларын атырылып чыккандан кийинки абал.

Хумайд ибну Абдуррахман айтты:

«Муавиянын кутба кылып жатып мындай дегенин уктум: «Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп жатканын уктум: «Аллах кимге жакшылык каалаласа, анда аны динди түшүнүүчү кылып коёт. Мен болгону бөлүштүрүүчүмүн, Аллах берет. Бул үммөт Аллахтын динин кармана берет. Аллахтын буйругу келмейинче Аларга каршы чыккандар аларга зыян бере алышпайт».[4]

## МЕДИНА ШААРЫН ЗЫЯРАТ КЫЛУУ АДЕПТЕРИ

1. ПАЙГАМБАРДЫН МЕЧИТИНДЕ КӨП НАМАЗ ОКУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

[1] (Сахих Бухари, 2101)
[2] (Сахих Бухари, 2738)
[3] («Муснад» Ахмад, 17627)
[4] (Сахих Бухари, 71)

«Үч мечиттен башка мечиттерди зыярат кылууга болбойт: Харам мечити, Пайгамбардын мечити жана аль-Акса мечити».[1]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Менин ушул мечитимде окулган намаз Харам мечитинен башка бардык мечиттерде окулган намаздардан миң эсе артык».[2]

2. АЛЬ-БАКИ МҮРЗӨСҮНДӨГҮ УХУД СОГУШУНУН ШЕЙИТТЕРИН ЗЫЯРАТ КЫЛУУ

Аль-Баки мүрзөсү Медина шаарында Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мечитинин жанында.

Ыйык Куранда периштелер ал шейиттерге мындай деп айтканы келген:

«Сабыр кылганыңар себептүү силерге Аллахтын саламы болсун! Акырет үйү (Бейиш) кандай жакшы».[3]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хаидсте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Кабырларды зыярат кылгыла! Анткени ал өлүмдү эстетет».[4]

3. КУБАА МЕЧИТИН ЗЫЯРАТ КЫЛУУ

Кубаа мечити Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, курган биринчи мечит болуп саналат. Ал мечит Медина шаарынын түштүк-батышында, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мечитинен 3,5 чакырым алыстыкта шаар четинде жайгашкан.

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Кубаа мечитине кээде жөө кээде атчан келип, ал мечитте эки рекет намаз окуйт эле».[5]

4. ПАЙГАМБАРГА КӨП САЛАВАТ АЙТУУ

Аллахтын пенделерине болгон салаваты: «Аллах мусулмандарга салават айтат» десе, анда ал Аллахтын пенделерине болгон ырайымын, алардын даражаларын көтөрүүсүн жана периштелердин алдында аларды мактап, эскерүүсүн түшүндүрөт.

Периштелердин пенделерге карата айткан салаваты: «Периштелер мусулмандарга салават айтат» десе, анда бул: Периштелердин мусулмандар үчүн кечирим суроосун билдирет.

Пайгамбарга салават айтуунун үлгүсү: «Саллаллаху алейхи уа саллам» – деп айтуу же: «Аллахумма солли алаа Мухаммад, уа алаа аали Мухаммад, камаа соллайта алаа Ибрахима, уа алаа аали Ибрахим, иннака хамиидум мажиид. Аллахумма баарик алаа Мухаммад, уа аали Мухаммад, камаа бааракта алаа Ибрахима, уа алаа аали Ибрахим, иннака хамиидум мажиид» – деп айтуу.

[1] (Сахих Бухари, 1189)
[2] (Сахих Муслим, 1394)
[3] (Раад, 24)
[4] (Сахих Муслим, 976)
[5] (Сахих Муслим, 1399)

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Үйүңөрдү кабырга айлантып албагыла! Жана менин кабырымды көп зыярат кылбагыла. Бирок мага салават айткыла. Анткени силердин салаватыңар кайда болсоңор да мага жетип турат».[1]

Абдуллах ибну Амр, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким мага салават айтса, анда Аллах ага (ошол себептүү) он салават айтат».[2]

5. ПАЙГАМБАРДЫН МЕЧИТИНДЕ ДУБА КЫЛЫП ЖАТКАНДА ҮНДҮ БИЙИК ЧЫГАРБОО

Аллах таала ыйык Куранда айтты:

«Эй, ыйман келтиргендер! Үнүңөрдү Пайгамбардын үнүнөн бийик көтөрбөгүлө! Билбестиктен улам (сооптуу) иштериңер күйүп кетпеши үчүн, бири-бириңерге кыйкырып сүйлөгөндөй ага кыйкырып сүйлөбөгүлө!».[3]

6. РОУДА АШ-ШАРИФАДА НАМАЗ ОКУУГА УМТУЛУУ

Роуда аш-шарифа – Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, кабыры менен минбарынын ортосундагы жер.

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Менин үйүм менен минбарымдын ортосу – бейиш бакчаларынын бир бакчасы».[4]

## ЖУМА КҮНДҮН АДЕБИ

1. ЖУМА КҮНҮ ПАЙГАМБАРГА САЛАВАТ АЙТУУ

Аллахтын пенделерине болгон салаваты: «Аллах мусулмандарга салават айтат» десе, анда ал Аллахтын пенделерине болгон ырайымын, алардын даражаларын көтөрүүсүн жана периштелердин алдында аларды мактап, эскерүүсүн түшүндүрөт.

Периштелердин пенделерге карата айткан салаваты: «Периштелер мусулмандарга салават айтат» десе, анда бул: Периштелердин мусулмандар үчүн кечирим суроосун билдирет.

Пайгамбарга салават айтуунун үлгүсү: «Саллаллаху алейхи уа саллам» – деп айтуу же: «Аллахумма солли алаа Мухаммад, уа алаа аали Мухаммад, камаа соллайта алаа Ибрахима, уа алаа аали Ибрахим, иннака хамиидум мажиид. Аллахумма баарик алаа Мухаммад, уа аали Мухаммад, камаа бааракта алаа Ибрахима, уа алаа аали Ибрахим, иннака хамиидум мажиид» – деп айтуу.

Аус ибну Аус, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чындыгында силердин күндөрүңөрдүн эң жакшысы бул – жума күн. Ал күнү мага көп салават айткыла. Чындыгында силердин айткан салаватыңар мага жетип турат. Ошондо сахабалар: «Оо, Аллахтын Элчиси! Биздин айткан салаваттарыбыз сизге кантип жетип турат, ал учурда (денеңиз) чириндиге айланып кетет го?!» – деп айтышканда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, аларга:

[1] (Сунан Абу Дауд, 2042)
[2] (Сахих Муслим, 384)
[3] (Хужурот сүрөөсү, 2-аят)
[4] (Сахих Бухари, 1888)

«Чындыгында Аллах таала пайгамбарлардын денелерин жер чиритпей турган кылып койгон» – деп айтты.[1]

2. ЖУМА КҮНҮ ЖУУНУУ

Абу Саид Худри, радыяллаху анху, риваят кылгын хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Жума күнү жуунуу ар бир балагатка жеткен адамга милдет болот».[2]

Салман Фариси, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгер силердин бирөөңөр жума (намазына) бара турган болсо, анда жуунсун!».[3]

3. ЖУМА НАМАЗЫНА ЧЕЙИН НАФИЛ НАМАЗДАРДЫ ОКУУ ЖАНА ЖЫПАР ЖЫТТАН СЕБИНҮҮ

Салман Фариси, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

«Эгер (бир адам) жума күнү жуунса, колунан келишинче тазаланып, (чачын жана денесин) жыттуу атырлар менен сүртүп же үйүндө кандай жыттуу нерсе болсо ошону менен сүртүнсө, андан кийин (мечитке кирген кезде) отурган адамдарды түрткүлөп зыян келтирбесе, (жума намазы башталганча каалаган) намазын окуса, андан кийин имам кутба* кылып баштаганда унчукпай угуп отурса, анда ал адамдын ошол жумадан кийинки жумага чейинки күнөөлөрү кечирилет».[4]

*Кутба – бул мечит имамынын жума намазын окуганга чейинки минбарда айткан баяны.

4. ЖУМА НАМАЗЫНА ООЗДУ ТАЗАЛАП БАРУУ

Абу Саид аль-Худри, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ар бир бойго жеткен мусулман жума күнү жуунуусу зарыл. Жана (тишин) мисвак* менен тазалап, мүмкүнчүлүгүнө карап жыпар жыттуу нерселерди себинүүсү керек».[5]

*Мисвак - Сауд Аравия Мамлекетинде Араб жарым аралынын аймагында кездешкен, дайыма жашыл бойдон турган Араак дарагынын тамырынан алынган таякча. Мисвак ошондой эле Ашал, Башам жана Зуру дарактарынан да алынат, бирок Араак дарагынын мисвагы алардын эң жакшысы. Мисвак тиш жана ооз көңдөйүн жагымсыз жыттардан тазалайат.

5. ЖУМА НАМАЗЫНА ЭҢ ЖАКШЫ КИЙИМДЕРДИ КИЙИП БАРУУ

Абу Саид аль-Худри жана Абу Хурайра, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким жума күнү жуунуп, (тишин) мисвак* менен тазалап, өзүндө бар жыпар жыттуу нерселерин колдонуп, эң жакшы кийимин кийип, андан кийин мечитке барган кезде адамдардын үстүнөн аттабай, каалашынча (нафил) намазын окуп, андан кийин имам кутба кылып намаз окулуп бүткөнчө унчукпай отурган болсо, анда анын ошол жумадан кийинки жумага чейинки күнөөлөрү кечирилет».[6]

*Мисвак - Сауд Аравия Мамлекетинде Араб жарым аралынын аймагында кездешкен, дайыма жашыл бойдон турган Араак дарагынын тамырынан алынган таякча. Мисвак ошондой эле Ашал,

---

[1] (Сунан Абу Дауд, 1531)
[2] (Сахих Бухари, 846)
[3] (Сахих Бухари, 788)
[4] (Сахих Бухари, 883)
[5] (Сахих Бухари, 858)
[6] (Сунан Абу Дауд, 343)

Башам жана Зуру дарактарынан да алынат, бирок Араак дарагынын мисвагы алардын эң жакшысы. Мисвак тиш жана ооз көңдөйүн жагымсыз жыттардан тазалайат.

6. МЕЧИТКЕ ЖӨӨ БАРУУ

Аус ибну Аус, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким жума күнү башын, андан кийин бүт денесин жууп, эрте менен же кутба* башталганча барып, (имамга) жакын отуруп, унчукпастан кутба укса ага ар бир баскан кадамына бир жыл бою орозо кармагандай жана намаз окугандай сооп болот».[1]

*Кутба – бул мечит имамынын жума намазын окуганга чейинки минбарда айткан баяны.

7. МЕЧИТКЕ ЭРТЕ БАРУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

«Ким жума күнү жунуп* болгондо жуунгандай жуунуп, андан кийин эрте менен (күн чыккандан кийин мечитке) барса, анда ал төөнү курмандык чалгандай сооп алат. Ким экинчи убакта барган болсо, анда ал уйду курмандык чалгандай сооп алат. Ким үчүнчү убакта барган болсо, мүйүздүү кочкорду курмандык чалгандай сооп алат. Ким төртүнчү убакта барган болсо, тоокту курмандык чалгандай сооп алат. Ким бешинчи убакта барган болсо, бир жумуртканы садака кылгандай сооп алат. Имам (минбарга) чыкканда (сооптorду жазып турган) периштелер келип кутбаны угушат».[2]

* Жунуп – бул эркек менен аялдын жыныстык байланышынан кийинки абал, же балгатка жеткен уул жана кыз балдардан түшүркөп же кандайдыр бир ыкмалар менен дүүлүгүп бел сууларын атырылып чыккандан кийинки абал.

8. ЖУМА КҮНҮН БАГЫМДАТ НАМАЗЫНДА САЖДА ЖАНА ИНСАН СҮРӨӨЛӨРҮН ОКУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Чындыгында Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жума күнүн багымдат намазынын биринчи рекетинде «Алиф лаам миим танзилу» (Сажда сүрөөсү) жана экинчи рекетинде «Хал атаа алал инсаани хинум минад дахри лам якун шай ам мазкууроо» (Инсан сүрөөсүн) окуйт эле».[3]

9. ЖУМА НАМАЗЫНДА МУНАФИКУУН, ЖУМА, АЬЛАА ЖАНА ГООШИЯ СҮРӨӨЛӨРҮН ОКУУ

Ибну Аббас, радыяллаху анху, айтты:

«Чындыгында Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жума намазында жума жана мунафикуун сүрөөлөрүн окуйт эле».[4]

Нуман ибну Башир, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, орозо жана Курбан айт намаздарында жана жума намазында «Саббихисма раббикал аала» (Аьлаа) жана «Хал атаака хадиисул гоошиях» (Гаашия) сүрөөлөрүн окуйт эле».

Нуман ибну Башир айтты:

[1] (Сунан Тирмизи, 496)
[2] (Сахих Бухари, 881)
[3] (Сахих Бухари, 791)
[4] (Сахих Муслим, 879)

«Айт намазы менен жума намазы бир күндө болсо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, ал эки намазда ал экөөсүн (Аьлаа, Гаашия сүрөөлөрүн) окуйт эле».[1]

10. КУТБА УЧУРУНДА АДАМДАРДЫ АРАЛАП БАСПОО

Кутба – бул мечит имамынын жума намазын окуганга чейинки минбарда айткан баяны.

Абдуллах ибну Буср, радыяллаху анху, айтты:

«Жума күнү Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кутба айтып жатканда бир киши адамдарды аралап келди. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ага: «Отур! Адамдарга ыза берип жатасын» – деп айтты».[2]

11. ИМАМГА ЖАКЫН ОТУРУУ

Самурат ибну Жундуб, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«(Жума) намазга келгиле жана имамга жакын отургула. Анткени адам (имамдан) алыстай бергендиктен, бейишке кирсе да кечиктирилиет».[3]

12. ТАХИЙЯТУЛЬ-МАСЖИД НАМАЗЫН ОКУУ

Тахийятуль-масжид намазы – бул эки рекеттен турган нафил намаз. Мусулман мечитке кирээри менен эки рекет нафил намаз окуусу керек. Мечиттер Аллахтын үйү. Ошондуктан мечитке киргенде Аллахка салам берүү ниетинде эки рекет нафил намазы окулат.

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Кимде-ким жума намазга келген учурда имам кутба кылып жаткан болсо же (минбарга) чыккан болсо, анда эки рекет намаз окусун».[4]

13. ДУБАЛАР КАБЫЛ БОЛО ТУРГАН УБАКЫТТЫ ИЗДӨӨ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, жума күнү туурасында айтып жатып мындай деди: «Анда бир убакыт бар. Эгерде мусулман адам ошол убакытка туш болуп намаз окуп Аллахтан бир нерсе сураса, анда Аллах ага сөзсүз сураган нерсесин берет» – деп айтты да, ал кыска убакыт экенин колдору менен ишарат кылып көрсөттү».[5]

14. ЖУМА КҮНДӨГҮ КАБЫЛ БОЛО ТУРГАН УБАКЫТТЫН ТАК МӨӨНӨТҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылан хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Күндөрдүн эң жакшысы – жума күн. Жума күнү Адам, алейхи салам, жаратылган жана жума күнү бейишке кирген. Жума күнү бейиштен түшүрүлгөн. Жума күндө бир убакыт бар. Эгерде бир мусулман ошол убакытка туш болуп намаз окуп Аллахтан бир нерсе сураса, анда Аллах ага сөзсүз сураган нерсесин берет».

---

[1] (Сахих Муслим, 878)
[2] (Сунан Абу Дауд, 1118)
[3] (Сунан Абу Дауд, 1108)
[4] (Сахих Бухари, 1170)
[5] (Сахих Муслим, 852)

Абу Хурайра айтты:

«Күндөрдүн биринде Абдуллах ибну Салам, радыяллаху анхуга, жолугуп ага ушул хадисти айттым. Ал:

– Мен бул убакыт кайсыл экенин билем – деди. Мен:

– Ошол убакытты мага айтчы. Мага ичи тардык кылбачы – дедим.

– Ал убакыт асыр намазынан кийин күн батканга чейинки убакыт» – деп айтты.

– Кантип эле? Пайгамбарыбыз: «Эгерде бир мусулман адам ошол убакытка туш болуп намаз окуп...» – деп айтып жатпайбы? Сен айткан убакытта намаз окулмак беле? Анда Абдуллах ибну Салам:

– Пайгамбар: «Ким намазды күтүп отурса, анда ал намаз окугандай боло берет» – деп айтпады беле?

– Ооба, ошондой деген

– Мына ошол убакыт асырдан кийин – деди.[1]

Башка бир риваятта Абдуллах ибну Салам, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, биз менен отурган кезде мен мындай дедим: «Биз Аллахтын Китеби (Инжилде) жума күндө бир убакыт бар. Эгерде ыймандуу адам ошол убакытка туш болуп намаз окуп Аллахтан бир нерсе сураса, анда Аллах анын муктаждыгын берет» – деген сөздү окуганбыз. Ошондо Пайгамбар:

– Ал убакыт жума күндүн кээ бир убакыттары бекен? – дегендей ишарат кылды. Мен:

– Туура айтасыз. Кээ бир эле убакыттары – дедим да – Айтыңызчы, ал кайсыл убакыт? – деп сурадым.

– Күндүздүн акыркы убакыттары - деп айтты.

– Ал намаз окуй турган убакыт эмес беле? – дедим.

– Ооба, намаз окуй турган убакыт эмес. Чындыгында бир ыймандуу адам намаз окуп бүтүп башка намазды күтүп отурса, анда ал намаз окугандай боло берет – деп айтты.[2]

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, риваят кылган башка бир хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Жума күнүндө он эки убакыт бар. Эгерде мусулман адам ошол убакытта Аллахтан бир нерсе сураса, анда Аллах таала ага сөзсүз сураган нерсесин берет. Ал убакытты асыр намазынын* акыркы убакыттарында издегиле».[3]

*Асыр намазынын акыркы убактысы күн батканга чейнки убакыт.

## 15. ЖУМА КҮНҮН БАШКА КҮНДӨРДӨН ӨЗГӨЧӨЛӨП ОРОЗО КАРМОО БОЛБОЙТ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

[1] (Сунан Тирмизи, 491)
[2] (Сунан Ибну Маажах, 1139)
[3] (Сунан Абу Дауд, 1048)

«Силердин бирөөңөр жума күнү орозо кармабасын. Жума күндөн алдыңкы же кийинки күнү кармаса гана (жума күнү кармаса) болот».[1]

Момундардын энеси Жувайрия бинту Харис, радыяллаху анха, риваят кылат. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жума күнү Жувайрия бинту Харис, радыяллаху анхага келгенде ал орозо эле. Ошондо Аллахтын Элчиси ага:

«Кечээ орозо кармадыңбы?» – деп сурады. Ал: «Жок» – деп жооп берди. Кайра: «Эртең дагы орозо кармайсыңбы?» – деп сурады. Ал: «Жок» – деп жооп берди. Ошондо: «Андай болсо оозуңду ач» – деп айтты».[2]

16. ЖУМА КҮНҮН БИР ИБАДАТ МЕНЕН БАШКА КҮНДӨРДӨН ӨЗГӨЧӨЛӨП АЛБОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Түндөрдүн арасынан жума түнүн түнкү намазга туруу менен өзгөчөлөп албагыла. Ошондой эле күндөрдүн арасынан жума күнүн орозо кармоо менен өзгөчөлөп албагыла. Силердин бирөөңөр (мурунтан) орозо кармап келе жаткан болсо гана (улантып жума күнү орозо кармаса болот)».[3]

17. ОРДУНА ОЛТУРУУ ҮЧҮН БАШКА БИРӨӨНҮ ТУРГУЗУУ БОЛБОЙТ

Жабир, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силердин бирөөңөр жума күнү мусулман бир тууганын ордунан тургузуп анын ордуна барып олтуруп албасын. Бирок «жылышкыла» деп айтсын».[4]

18. УЙКУ КЕЛИП ҮРГҮЛӨП ЖАТКАНДА ОРУН АЛМАШТЫРУУ ЗАРЫЛ

Ибну Умар, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силердин бирөөңөр жума күнү (кутба угуп жатып) үргүлөсө, анда ал олтурган жерин өзгөртсүн».[5]

## АЙТ МАЙРАМЫНЫН АДЕПТЕРИ

1. БИТИР САДАКАНЫ АЙТ НАМАЗГА БАРААРДАН АЛДЫН БЕРҮҮ

Битир садака – Рамазан айында орозо кармаган адамдын кетирген кемчиликтерин толуктоо үчүн жана мусулмандардын кедей-кембагалдарына азык-түлүк берип жардам көрсөтүү үчүн берилген садака. Ал битир садаканы Аллах таала күнүмдүк тамак-ашы бар ар бир мусулман эркекке жана аялга, жашына жана карысына парз кылды. Анын өлчөмү бир соо деп белгиленген. б.а. 3,600 килограмм курмадан, арпадан, күрүчтөн, ундан, фасолдон, жалпысынан айтканда өлкөнүн негизги азыктарынан берилет.

[1] (Сунан Абу Дауд, 1048)

[2] (Сахих Бухари, 1985)

[3] (Сахих Муслим, 1144)

[4] (Сахих Муслим, 2178)

[5] («Муснад» Ахмад, 4741)

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, битир садаканы адамдар намазга чыкканга чейин берүүнү буйруган».[1]

2. АЙТ КҮНДӨРҮ ГУСУЛ АЛУУ

Гусул – эркек менен аялдын жыныстык байланышы себептүү же балгатка жеткен уул жана кыз балдардан түшүркөп же кандайдыр бир ыкмалар менен дүүлүгүп бел суулары атырылып чыккандыгы себептүү жуунуу. Аларга ушундай абалда гусул алуулары парз болот.

Гусул алуу – эки колун жуу, андан кийин сол колуна суу куюп жыныс мүчөсүн жуу, колун тазалоо үчүн жерге сүртүү же самын менен эки колун жуу, андан кийин мурдуна жана оозуна суу алып жуу, бетин жана эки колун чыканакка чейин жуу, андан кийин башынан баштап бүт денесин оң тараптан баштап жуу. Акырында жуунган жерден четирээк чыгып эки бутун жуу.

Зазана Абу Умар аль-Киндий айтты:

«Бир киши Али, радыяллаху анхудан, гусул жөнүндө сураганда, Али: «Эгер кааласаң күнүгө гусул ала бер» – деп жооп берди. Жанагы киши: «Мен (шарияттагы) гусул туурасында сурап жатам» – деп айтат. Ошондо Али, радыяллаху анху: «Жума күнү, арафа күнү жана курман айт менен орозо айт күндөрү гусул ал» – деп айтты».[2]

3. АЙТ КҮНҮ ЭҢ ЖАКШЫ КИЙИМДЕРДИ КИЙҮҮ

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхума айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айт күнү кызыл чепкен кийчү эле».[3]

4. ОРОЗО АЙТ КҮНҮ НАМАЗГА БАРААРДАН АЛДЫН КУРМА ЖЕП АЛУУ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, орозо айт күнү курма жемейинче үйүнөн чыкпайт эле».[4]

Ушул хадистин башка риваятында мындай уландысы бар:

«Ал курмаларды так санда жечү».[5]

Ал эми ибну Хиббандын риваятында мындай деп келет:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, орозо айт күнү үч же беш же жети курма жемейинче үйүнөн чыкпайт эле».[6]

5. КУРМАН АЙТ КҮНҮ НАМАЗДАН КАЙТЫП КЕЛИП ӨЗ КУРМАНДЫГЫНАН ЖЕГЕНГЕ ЧЕЙИН ЭЧ НЕРСЕ ЖЕБЕЙ ТУРУУ

Бурайда ибну Хусайб, радыяллаху анху, айтты:

[1] (Сахих Бухари, 1509)
[2] (Байхаки, 3/278)
[3] (Табарани, 7609, 7/316)
[4] (Сахих Бухари, 953)
[5] (Ибну Хузайма, 1342)
[6] (Сунан Ибну Хиббан, 1861)

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, орозо айт күнү бир нерседен даам татмайынча үйүнөн чыкчу эмес эле. Ал эми курман айт күнү намаздан кайтып келгенге чейин эч нерсе жечү эмес».[1]

Ал эми имам Ахмад риваят кылган хадисте мындай деп келген:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, орозо айт күнү бир нерсе жемейинче үйүнөн чыкчу эмес. Ал эми курман айт күнү намаздан кайтып келип өз курмандыгынан жегенге чейин эч нерсе жебейт эле».[2]

6. АЙТ КҮНДӨРҮ САДАКАНЫ КӨП БЕРҮҮ

Абу Саид аль-Худри, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айт намазына барган кезде элдер менен эки рекет намаз окуп салам бергенден кийин ордунан туруп отурган элдерге карап: «Садака бергиле, садака бергиле!» – деп кутба кылды. Ошондо садака кылгандардын көпчүлүгү аялдар болду. Алар сөйкөлөрүн жана шакектерин садака кылышты».[3]

7. АЙТ НАМАЗГА БАРГАНДА БИР ЖОЛ МЕНЕН БАРЫП КАЙРА КАЙТКАНДА БАШКА ЖОЛ МЕНЕН КАЙТУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айт күнү бир жол менен бара турган болсо, кайра кайтканда башка жол менен кайтаар эле».[4]

8. АЙТ НАМАЗ ОКУЛА ТУРГАН ЖЕРГЕ ЖӨӨ БАРУУ

Али ибну Абу Тоолиб, радыяллаху анху, айтты:

«Айт намазга чыкканга чейин бир нерсе жеп алуу жана айт намазга жөө баруу сүннөт амалдарынан болот».[5]

9. АЯЛДАР АЙТ НАМАЗЫНА ЖАСАНБАСТАН, АЧЫК-ЧАЧЫК КИЙИНБЕСТЕН ЖАНА АТЫР СЕБИНБЕСТЕН БАРУУСУ КЕРЕК

Умму Атыя, радыяллаху анха, айтты:

«Айызы келип жаткандарыбыз жана бойго жеткен кыздарыбыз да эки айт намазына барууга буйрулдук. Мусулмандардын жамаатын жана алардын дааваттарын көрдүк. Айызы келген аял айт намазына бара албастыгын билдирип мындай деп айтты: «Оо, Аллахтын Элчиси! Биздин арабызда кээ бирибиздин кийерге көйнөгүбүз жок». Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Ага курбусу кийимдеринен кийгизип турсун» – деп айтты.[6]

10. ОРОЗО ЖАНА КУРМАН АЙТ МАЙРАМДАРЫНДА ТАКБИР АЙТУУ

Такбир айтуу

Жыл сайын мусулмандар зул-хижжанын онунчу Арафат күнү аяктагандан кийин Курман айтты белгилешет жана эки рекет Курман айт намазын окушат. Айт күнү бир малдан курмандык чалып, тууган-туушкандарына, кедей-кембагалдарга таратып, бир бөлүгүн үйүндөгүлөрүнө калтыруу менен Аллах таалага ибадат кылышат. Ал эми орозо бүткөндөн кийин орозо айт түнү күн баткандан баштап орозо айт намазынан кутба бүткөнгө чейин такбир айтуу менен ибадат кылышат. Орозо айт түнү күн баткандан баштап айт намазынан кийин кутба бүткөнгө чейин такбир айтылат.
Курман айтта такбир айтуу зул-хижжа айынын онунчу күнү башталып, зуль-хижжа айынын он үчүнчү

[1] (Сунан Тирмизи, 542)
[2]Ким (Сунан Ибну Хиббан, 2812)
[3] (Сунан Ибну Маажах, 1288)
[4] (Сунан Тирмизи, 541)
[5] (Сунан Ибну Маажах, 1296)
[6] (Сахих Бухари, 351)

күнү аяктайт. Ал күндөр ташрик күндөрү деп аталат жана ал күндөрдө Курман айт такбирлери төрт күн катары менен айтылат.

Эки айтта айтылуучу такбирлердин түрлөрү көп. Эки айтта эң негизги айтылуучу такбир:

«Аллаху Акбару, Аллаху Акбару, Лаа илааха илла Аллаху, Аллаху Акбару, Аллаху акбару, уа Лиллахил хамд. (Аллах улуу, Аллах улуу, Аллахтан башка илах жок, Аллах улуу, Аллах улуу, Аллахка мактоо-шүгүрлөр болсун)».

Аллах таала айтты:

«Рамазан айында адамдарды туура жолго салган жана туура жолду баяндаган, акыйкат менен жалганды ажыратуучу далилдерди баяндаган Куран түшүрүлдү».[1]

Ошондой эле Курман айт майрамы тууралуу да мындай деп айтты:

«Белгилүү күндөрдө (ташрик күндөрдө) Аллахты эстегиле».[2]

Зухрий, радыяллаху анху, айтты:

> «Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, орозо айт күнү (үйүнөн) чыгып намаз окулуучу жайга келип намаз башталганча такбир айтат эле. Айт намазын окуп бүткөндөн кийин такбир айтууну токтотчу».[3]

Ибну Умар, радыяллаху анху, эртелеп мечиттен айт намазы окулуучу аянтка барчу. Ал жерге барганча үнүн көтөрүп имам келгенге чейин такбир айтып турат эле.[4]

11. АЙТ МАЙРАМЫ МЕНЕН КУТТУКТОО

Жубайр ибну Нуфайр, радыяллаху анху айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, сахабалары айт күнү бири-бирин куттуктап: «Такббалал Аллах минаа уа минкум». (Аллах бизден жана силерден кабыл кылсын) деп айтышат эле».[5]

12. КУРМАН АЙТ НАМАЗЫ ОКУЛГАНДАН КИЙИН КУРМАНДЫК ЧАЛУУ

Анас, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, эки ала кочкорду курмандыкка чалды. Ошондо мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, буту менен ал кочкорлордун мойну тарабын басып «Бисмиллахи Аллаху акбар»* деп такбир айтып ал экөөнү өз колу менен мууздаганын көрдүм».[6]

*Мал жандыктарды «Бисмиллахи Аллаху акбар» – деп айтып мууздаса адал болот.

13. КУРМАНДЫК ЧАЛГАН АДАМ КУРМАНДЫК ЧАЛГАНГА ЧЕЙИН ЧАЧЫН ЖАНА ТЫРМАКТАРЫН АЛБАЙТ

Умму Салама, радыяллаху анха, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

---

[1] (Бакара сүрөөсү, 185-аят)
[2] (Бакара сүрөөсү, 203- аят)
[3] (Ибну Абу Шайба, 3/12)
[4] (Даарукутний, 180; Аль-Ируаа, 650)
[5] (Шарх Сахих Бухари)
[6] (Сахих Бухари, 5557)

«Эгер силер Зулхижжа айын көрүп силердин бирөөңөр курмандык чалууну кааласа, анда чачын жана тырмагын албасын».

Башка бир риваятта:

«Сөзсүз чачын да тырмагын да албасын» – деп айткан.[1]

Умму Салама, радыяллаху анха, риваят кылган башка бир хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейх уа саллам, мындай деп айтты:

«Ким курмандык чалууну кааласа, анда Зулхижжа айын баштапкы он күнүндө тырмактарын албасын жана чачын бир талын да албасын».[2]

## САЛАМДАШУУ АДЕБИ

1. МУСУЛМАНДАРДЫН АРАСЫНДА САЛАМ БЕРҮҮНҮ ЖАЙЫЛТУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисе Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Менин жаным Анын колунда болгон Затка ант! Силер ыйман келтирмейинче бейишке кирбейсиңер. Ал эми бири-бириңерди жакшы көрмөйүнчө толук ыйман келтире албайсыңар. Мен силерге бири-бириңерди жакшы көрүүгө себеп болгон бир ишти айтайынбы? Өз араңарда саламдашууну жайылткыла».[3]

Бараа ибну Аазиб, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бизди жети түрдүү ишке буйруду жана жети түрдүү иштен тыйды. Бизди ооруулуу адамды зыярат кылууга, жаназага барууга, чүчкүргөн адамга жооп берүүгө, айткан антты өтөөгө, зулум чеккен адамга жардам берүүгө, чакырган жерге барууга жана саламдашууну жайылтууга буйруду. Жана бизди алтын шакек тагынуудан, күмүш идиш менен ичүүдөн, жибектен ат жабдык токуудан жана кийимдерге кошуп тигүүдөн, жибектин өзүн кийүүдөн, истабрак жана дибаж аттуу жибек кийимдерин кийүүдөн тыйды».[4]

2. ТААНЫГАН ЖАНА ТААНЫБАГАН АДАМДАРГА САЛАМ АЙТУУ

Абдуллах ибну Амр, радыяллаху анху, айтты:

«Бир киши Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдан: «Исламдын кайсыл (иштери) жакшыраак?» – деп сурады. Пайгамбар: «Тамак берүүң жана сен тааныган, таанылбаган адамдарга салам берүүң» – деп айтты.[5]

3. ПАЙГАМБАР КӨРГӨЗГӨНДӨЙ САЛАМДАШУ

Имран ибну Хусайн, радыяллаху анху, айтты:

«Бир киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: «Ассаламу алейкум» – деп айтты. Пайгамбар: «Он (сооп)» – деп айтты. Андан кийин башка бирөө келип: «Ассаламу алейкум уа рахматуллах» – деп айтты. Пайгамбар: «Жыйырма (сооп)» – деп айтты. Андан кийин дагы башка бирөө келип: «Ассаламу алейкум уа рахматуллахи уа бараакатух» – деди. Пайгамбар: «Отуз (сооп)» – деп айтты.[6]

4. САЛАМДАШКАНДА АЛЕЙКА АССАЛАМ ДЕП АЙТПОО

Жабир ибну Сулайм айтты:

[1] (Сахих Муслим, 1977)
[2] (Сунан Насаи, 4362)
[3] (Сахих Муслим, 54)
[4] (Сахих Бухари, 5175)
[5] (Сахих Муслим, 39)
[6] (Сунан Тирмизи, 2689)

«Мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: «Алейкас салам деп саламдаштым. Ошондо ал: «Алейкас салам деп саламдашпа. Ассаламу алейка деп саламдаш» – деп айтты».[1]

5. БИР ЖЫЙЫНГА КЕЛГЕНДЕ ЖАНА АЛ ЖЕРДЕН КЕТИП ЖАТКАНДА САЛАМ БЕРҮҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силердин бирөөңөр адамдар отурган бир жыйынга келсе, анда салам берсин. Эгерде ал жыйынга отурууну кааласа, анда отурсун. Андан кийин жыйындан кетип бара жатканда да салам берсин. Анткени биринчи салам бергени (туруп жатканда берген) саламынан артык эмес».[2]

6. САЛАМДЫ БИРИНЧИ БОЛУП БЕРҮҮ

Абу Умама, радыяллаху анху, риваят кылган хадисе Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Аллахка эң жакын адам – биринчи салам берген адам».[3]

7. МУСУЛМАН МУСУЛМАН БИР ТУУГАНЫНА САЛАМ БЕРҮҮСҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгер силердин бирөөңөр мусулман бир тууганына жолукса, анда ага салам берсин. Ал эми ал экөөнүн ортосун дарак же дубал же таш тосуп калып кайра дагы жолукса, анда да салам берсин».[4]

8. САЛАМДЫ УКПАЙ КАЛСА, УГУЗУУ ҮЧҮН ҮЧ ЖОЛУ САЛАМ БЕРҮҮ

Анас, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бир сөздү сүйлөсө ал сөз түшүнүктүү болуусу үчүн аны үч жолу кайталайт эле. Эгерде адамдарга келип салам бере турган болсо, анда аларга үч жолу салам берет эле».[5]

9. МУСУЛМАН АДАМ ҮЙГӨ КИРГЕНДЕ ҮЙ ИЧИНДЕГИЛЕРГЕ САЛАМ БЕРҮҮСҮ ЖАНА ҮЙҮНДӨ ЭЧ КИМ ЖОК БОЛСО, АНДА ӨЗҮНЧӨ САЛАМ АЙАТУУСУ

Аллах таала айтты:

«Эгер үйлөргө кирсеңер, анда Аллахтан тынчтык, береке жана жакшылык тилеп бири-бириңерге салам бергиле».[6]

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мага мындай деп айтты:

«Эй, балам! Үй-бүлөңдүн алдына киргениңде салам бергин, ошондо сага жана үй-бүлөңө береке болот».[7]

10. ЖАШ БАЛДАРГА САЛАМ БЕРҮҮ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, жаш балдардын жанынан өткөндө аларга салам берип мындай деп айтты:

[1] (Сунан Тирмизи, 2722)
[2] (Сунан Тирмизи, 2706)
[3] (Сунан Абу Дауд, 5197)
[4] (Сунан Абу Дауд, 5200)
[5] (Сахих Бухари, 95)
[6] (Нуур сүрөөсү, 61-аят)
[7] (Сунан Тирмизи, 2698)

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ушундай кылат эле».[1]

Башка хадисте Анас, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бизге келди. Мен ал кезде жаш балдардын арасындагы бир жаш бала элем. Ошондо ал бизге салам бергенден кийин менин колумдан тартып мага кат берип мени бир жака жөнөтүп, мен кайтып келгенге чейин дубалдын көлөкөсүндө олтурду».[2]

11. АТЧАН АДАМДЫН ЖӨӨ АДАМГА ЖАНА АЗ АДАМДАРДЫН КӨП АДАМДАРГА САЛАМ БЕРҮҮСҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Атчан адам жөө адамга жана басып бараткан адам отурган адамга, ошондой эле аз адамдар көп адамдарга салам берүүсү керек».[3]

12. КИЧҮҮЛӨР УЛУУЛАРГА ЖАНА ӨТҮП БАРАТКАН АДАМ ОТУРГАНДАРГА САЛАМ БЕРҮҮСҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Кичүүлөр улууларга, өтүп бараткан адам отурган адамга жана аз адамдар көп адамдарга салам берүүсү керек».[4]

13. ЖЫЛМАЙЫП САЛАМ БЕРҮҮ ЖАНА АЛИК АЛУУ

Абу Зар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Эч качан жакшылык иштердин бирин да кичинекей деп санаба. Жадакалса бир тууганыңа жылмаюуң да (жакшылык иштерден)».[5]

Абу Зар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Сенин мусулман бир тууганыңдын жүзүнө жылмайганың – сен үчүн садака. Жакшылыкка чакырганың жана жамандыктан кайтарганың сен үчүн садака. Бир жерде адашып жүргөн адамга жол көрсөткөнүң сен үчүн садака. Көзү көр адамга жардам бергениң сен үчүн садака. Жолдо жаткан ташты, тикенекти жана сөөктү алып койгонуң сен үчүн садака. Өзүңдүн чакаңдагы (сууну) бир тууганыңдын чакасына куюп бергениң да сен үчүн садака».[6]

14. САЛАМ БЕРГЕНДЕ КОЛ АЛЫШЫП САЛАМДАШУУ

Катада, рахимахуллах, айтты:

«Мен Анас, радыяллаху анхудан: «Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, сахабалары кол алышып учурашчу беле?» – деп сурадым. Ал: «Ооба» – деп жооп берди».[7]

---

[1] (Сахих Бухари, 6247)
[2] (Сунан Абу Дауд, 5203)
[3] (Сахих Бухари, 6232)
[4] (Сахих Бухари, 6234)
[5] (Сахих Муслим, 2626)
[6] (Сунан Тирмизи, 1956)
[7] (Сахих Бухари, 6263)

Бароо ибну Аазиб, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эки мусулман бири-бири менен жолукканда кол алышып учурашса, анда ал экөөсү ажырап кеткенге чейин Аллах алардын күнөөлөрүн кечирет».[1]

15. САЛАМ АЙТУУ МЕНЕН БИРГЕ КОЛДУ КӨТӨРҮП ИШАРАТ КЫЛУУ

Асма бинту Язид, радыяллаху анха, айтты:
«Бир күнү Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мечиттен өтүп бараткanda бир топ аялдар мечитте отурушкан болчу. Ошондо Пайгамбар салам берип жатканда колу менен ишарат кылып өттү».[2]

16. САЛАМДАШУУ АДЕБИН БИЛБЕГЕНДЕРГЕ ҮЙРӨТҮҮ

Калада ибну Ханбали, радыяллаху анху, айтты:
«Сафван ибну Умайяа, мага сүт, ууз жана бадыраңга окшогон жашылчасын берип Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, жөнөттү. Ошол учурда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Меккеде экен. Мен салам айтпастан жана уруксат сурабастан Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, кирип барганымда Пайгамбар: «Эшикке чыгып: «Ассаламу алейкум, кирүүгө уруксатпы?» – деп айткын» – деди. Бул окуя Сафван Исламды кабыл алгандан кийин болгон».[3]

17. МУСУЛМАН ЭМЕСТЕРГЕ БИРИНЧИЛЕРДЕН БОЛУП САЛАМ АЙТПОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Жөөттөргө жана христиандарга биринчи болуп салам бербегиле».[4]

18. МУСУЛМАН ЭМЕСТЕРДИН САЛАМЫНА ЖООП БЕРҮҮ

Анас, радыяллаху анху, айтты:

«Сахабалар Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдан: «Чындыгында китеп ээлери* биз менен саламдашат. Ошол учурда аларга кантип жооп беребиз?» – деп сурашты. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Уа алейкум (силерге да ошондой болсун)» – деп айткыла деди.[5]

*Жөөттөр (яхудийлер) жана христиандар

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам:

«Эгер силердин бириңерге жөөт (яхудий) салам айта турган болсо, анда ал: «Саам алейкум (силерге өлүм болсун)» – деп айтат. Ошол учурда: «Уа алейкум (жана силерге да ошондой болсун)» – деп жооп бергиле» – деп айтты.[6]

19. МУШРИКТЕР МЕНЕН МУСУЛМАНДАР АРАЛАШЫП ТУРГАН ТОПКО САЛАМ АЙТУУ

Усама ибну Зайд, радыяллаху анху, айтты:

---

[1] (Сунан Тирмизи, 2727)
[2] (Сунан Тирмизи, 2697)
[3] (Сунан Тирмизи, 2167)
[4] (Сахих Муслим, 2167)
[5] (Сахих Муслим, 2163)
[6] (Сахих Бухари, 6928)

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мусулмандар менен яхудийлер аралаш отурган топтун жанынан өтүп бара жатып, аларга салам айтты».[1]

## ҮЙГӨ КИРҮҮНҮН АДЕПТЕРИ

1. ҮЙ ЭЭСИНЕН УРУКСАТСЫЗ ҮЙГӨ КИРБӨӨ

Аллах таала айтты:

«Эй, ыйман келтиргендер! Өз үйүңөрдөн башка үйлөргө уруксат сурамайынча жана үй ээлерине салам бермейинче кирбегиле! Ушул салам айтып уруксат суроооңор силер үчүн эң жакшы. Силер эсиңерге келүүңөр үчүн».[2]

2. «АССАЛАМУ АЛЕЙКУМ, КИРҮҮГӨ УРУКСАТПЫ?» ДЕП АЙТУУ

Рибий, радыяллаху анху, айтты:

«Бану Аамир уруусунан бир киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, үйүндө жүргөндө кирүүгө уруксат сурап: «Кире берейинби?» – деп айтты. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кызматчысына: «Чыккын да «ассаламу алейкум, кирсем болобу?» деп айтып, ага уруксат суроону үйрөткүн» – деп айтты.

Ошондо ал киши бул сөздөрдү укту да: «Ассаламу алейкум, кирсем болобу?» – деп сурады. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салам, ага уруксат бергенде ал (үйгө) кирди».[3]

3. ЭШИК АЛДЫНДА ҮЧ ЖОЛУ УРУКСАТ СУРАГАНДАН СОҢ ЖООП БЕРБЕСЕ КАЙТЫП КЕТҮҮ

Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде силердин бирөөңөр үч жолу уруксат сурагандан кийин жооп берилбесе, анда кайтып кете берсин».[4]

4. МЕН ДЕБЕСТЕН АТЫН АЙТУУ

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анхума, айтты:

«Мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, атамдын карызын алып келгенимде эшикти кактым. Ошондо ал: «Ким бул?» – деп сураганда: «Мен» деп айттым. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ал сөзүмдү жактырбагандай болуп: «Мен! Мен! (дейсиңби?)» – деп айтты».[5]

5. ЭШИКТЕН УРУКСАТ СУРАГАН АДАМ ҮЙ ИЧИНЕ КАРАБАСЫН

Абдуллах ибну Буср, радыяллаху анхума, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, элдердин үйүнө келгенде эшикке беттенип турбастан эшиктин оң же сол тарабына туруп: «Ассаламу алейкум, ассаламу алейкум» – деп айтат эле. Ошол учурда коргондордун тоскучу жок болчу».[6]

[1] (Сахих Бухари, 4566)
[2] (Нур сүрөөсү, 27-аят)
[3] (Сунан Абу Дауд, 5177)
[4] (Сахих Бухари, 6245)
[5] (Сахих Бухари, 6250)
[6] (Сунан Абу Дауд, 5186)

6. КАЙРА-КАЙРА УРУКСАТ СУРАБОО

Аллах таала айтты:

«Эгерде силерге (уруксат берилбей) кайткыла деп айтылса, анда кайтып кеткиле. Мына ошол силер үчүн жакшыраак».[1]

7. ЖАКЫН ТУУГАНДАРЫНЫН АЛДЫНА КИРҮҮ ҮЧҮН ДА УРУКСАТ СУРОО

Атаа ибну Ясаар, радыяллаху анху, айтты:

«Бир киши Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдан: «Оо, Аллахтын Элчиси! Мен энемдин алдына кирүүгө да уруксат сураймбы?» – деп сурайт. Пайгамбар ага: «Ооба» – деп жооп берет. Ал киши: «Мен энем менен бир үйдө жашаймын» – деп айтат. Пайгамбар: «Андан уруксат сурагын» – деп кайра жооп берет. «Мен ага кызмат кылсамчы?» – дейт. Пайгамбар: «Сен энеңди жылаңач көрүп калганды каалайсыңбы?» – деп айтат. Ал киши: «Жок» – дегенде: «Анда энеңден уруксат сурагын» – деп жооп берет.[2]

Бир киши Хузайфа, радыяллаху анхуга:

«Апамдын алдына кирүү үчүн уруксат сураймбы?» – деп айтат. Анда Хузайфа: «Сен апаңды ар бир абалында карагың келбейт!» – деп жооп берет.[3]

Башка риваятта Хузайфа, радыяллаху анху, мындай деп жооп берет:

«Эгерде сен апаңдан уруксат сурабай кирип барсаң, анда өзүңө жакпаган нерсеге туш болушуң мүмкүн».[4]

8. БОЙГО ЖЕТЕ ЭЛЕК ЖАШ БАЛДАРДЫН АЛДЫНА ДА КИРҮҮ ҮЧҮН УРУКСАТ СУРОО

Атаа, рахимахуллах, айтты:

«Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхудан: «Мен жаш карындашымдын алдына кирүү үчүн уруксат сураймбы?» – деп айттым. Ал: «Ооба» – деп жооп берди. Мен кайрадан: «Менде эки карындашым бар. Мен ал экөөнө тамак-ашын берип каржылап турамын. Ал экөөнүн алдына кирүү үчүн уруксат сураймбы?» – деп айттым. Ал: «Ооба, сен ал экөөнү жылаңач көрүп калганды каалайсыңбы? – деп айтып, бул аятты окуду – «Эй, ыйман келтиргендер! Силерден күңдөрүңөр жана балагатка жете элек балдар үч маалда уруксат сурашсын: багымдат намазынан кийин, түштө (уктоо үчүн) кийимиңерди чечкен кезде жана куптан намазынан кийин. Ушул үч маал жылаңач жерлер (көрүнгөн) убакыт. Ушул үч маалдан башка убактары уруксатсыз кирип жүрсө силерге да аларга да күнөө болбойт. Анткени бири-бириңер менен бирге жүрөсүңөр. Аллах мына ушинтип аят (өкүмдөрүн) баяндайт. Аллах Билүүчү Даанышман».[5]

Андан кийин мындай деп айтты:

«Күңдөр менен жаш балдарды ушул үч маалда гана уруксат сурап кирүүгө буйруду. Аллах таала айтты: «Ал эми жаш балдар балагатка жеткенде алардан чоңдор уруксат сурагандай алар да уруксат сурашсын».[6]

Абдуллах ибну Аббас акырында айтты:

«Уруксат сурап кирүү бардык адамдарга важип».[7]

---

[1] (Нур сүрөөсү, 28-аят)
[2] («Муатта» Имам Малик, 2028)
[3] («Адаб аль-Муфрад», 1098)
[4] («Адаб аль-Муфрад», 1099)
[5] (Нур сүрөөсү, 58-аят)
[6] (Нур сүрөөсү, 59-аят)
[7] («Адаб аль-Муфрад», 811)

9. СӨЗ БАШТООДОН АЛДЫН САЛАМ АЙТУУ

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:
«Бир нерсе суроодон алдын салам айтуу керек. Эгерде кимде-ким силерге салам айтуудан алдын бир нерсе сураса, анда ага жооп бербегиле».[1]

## ЖЫЙЫНДА ОЛТУРУУНУН АДЕПТЕРИ

1. ЖЫЙЫНДА ОЛТУРУУДАН АЛДЫН САЛАМ БЕРҮҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силердин бирөөңөр (адамдар олтурган) жыйынга барган болсо, анда аларга салам берсин. Эгерде отургусу келсе, отурсун. Эгерде ал жыйындан кеткиси келсе, анда салам берсин. Анткени биринчи (келгендеги) саламы кийинки (туруп жаткандагы) саламынан артык эмес».[2]

2. БОШ ЖЕРГЕ ОТУРУУ

Жабир ибну Самурат, радыяллаху анху, айтты:
«Биз Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келгенибизде бош жерге отурат элек».[3]

3. КЕЛГЕН АДАМГА ОРУН БОШОТУУ

Аллах таала айтты:
«Эй, ыйман келтиргендер! Эгер силерге (жыйында отурганыңарда) орун кеңейткиле деп айтылса, анда кеңейткиле. Аллах силерге (бейиштеги орунуңарды) кеңейтет. Эгер силерге (намазга жана бардык жакшылык иштерге) тургула деп айтылса, анда тургула. Силердин араңардан ыйман келтиргендерди жана илимдүүлөрдү Аллах даражаларын көтөрөт. Аллах силер кылып жаткан ишиңерден Кабардар».[4]

4. ЭКИ АДАМДЫН ОРТОСУНА АЛАРДЫН УРУКСАТЫ МЕНЕН ГАНА ОЛТУРУУ

Абдуллах ибну Амр, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эки адамдын ортосун алардын уруксатысыз бөлүп (олтуруп алуу) арам».[5]

Абу Дауд, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте мындай деп келет:

«Эки адамдын ортосуна алардын уруксаты менен гана отурсун».[6]

5. ТЕГЕРЕК ЖЫЙЫНДЫН ОРТОСУНА ОЛТУРБОО

Абу Мижлаз айтты:
«Бир киши тегерек жыйындын ортосуна олтуруп алды, ошондо Хузайфа, радыяллаху анху: «Тегерек жыйындын ортосуна олтурган адам Мухаммаддын тилинде каргышталган» – деп айтты же: «Аллах Мухаммаддын тилинде каргыштады» – деп айтты».[7]

---

[1] (Табарани, 128)
[2] («Муснад» Ахмад, 7142)
[3] (Сунан Тирмизи, 2725)
[4] (Мужадала сүрөөсү, 11-аят)
[5] (Сунан Тирмизи, 2752)
[6] (Сунан Абу Дауд, 4844)
[7] (Сунан Тирмизи, 2752)

6. ОЛТУРГАН ОРДУНА КЫСКА УБАКЫТТА КАЙРА КЕЛСЕ ОТУРУУГА АКЫЛУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким ордунан туруп кетип андан кийин ал ордуна кайра кайтып келсе, анда ал ошол орунга отурууга акылуу».[1]

7. БИР КИШИНИ КАРАТЫП КОЮП ЭКӨӨ ШЫБЫРАШКАН БОЛБОЙТ

Абдуллах ибну Масууд, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде бир жерде үчөөңөр болсоңор, экөө үчүнчүсүн каратып коюп шыбырашпасын. Анткени ал нерсе аны капалантат».[2]

8. КАРГЫШКА КАЛГАНДАРДЫН ОТУРГАНЫНДАЙ ОТУРГАН БОЛБОЙТ

Шарийд ибну Сувейд, радыяллаху анху, айтты:

«Мен отурсам Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, менин жанымдан өтүп бараткан эле. Мен сол колумду аркама коюп алаканым менен таянып отурган элем. Ошондо ал мага: «Сен каргышка калгандардын отурганындай да отурасыңбы?!» – деп айтты».[3]

9. СУУНУ УЗАТКАНДА ОҢ ЖАКТАН БАШТАП УЗАТУУ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:

«Бир жолу Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, колго үйрөтүлгөн койду саап келип сүтүн беришти. Ал Анас ибну Маликтин үйүндө болчу. Ал сүт Анастын үйүндөгү кудуктун суусу менен аралаштырылган эле. Кийин идишти Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, сунушту. Ал сүттөн идишти оозунан алганча тоё ичти. Сол жагында Абу Бакр, оң жагында бедуин отурган эле. Ошондо Умар Пайгамбар идишти бедуинге берип коёт деп коркуп: «Оо, Аллахтын Элчиси! Алдыңыздагы Абу Бакрга бериңиз» – деп айтты. Пайгамбар идишти оң жагындагы бедуинге берип мындай деди: «Оң жак менен, оң жак менен».[4]

10. САЛИХ ЖАКШЫ АДАМ МЕНЕН ОТУРУУ

Абу Муса аль-Ашари, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Жакшы дос менен жаман дос – атыр сатуучу менен көөрүк үйлөгөн адам сыяктуу. Атыр сатуучу менен бирге жүрсөң, ал сага атыр берет, же сен андан сатып аласың, же сага анын жагымдуу жыпар жыты сиңип калат. Ал эми көөрүкчүнүн жанында жүрсөң, ал сенин кийимиңди күйгүзүшү мүмкүн, же сага анын жагымсыз жыты сиңип калат».[5]

11. ЧОГУЛУШТА БИР ЖОЛУ БОЛСО ДА АЛЛАХТЫ ЭСТӨӨ ЖАНА ПАЙГАМБАРГА САЛАВАТ АЙТУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Адамдар кайсыл гана чогулушта отурушпасын ал жерде Аллахты эстешпесе жана Пайгамбарына салават айтышпаса, анда ал чогулуш алар үчүн өкүнүч болот. Эгерде Аллах кааласа аларды азаптайт, кааласа кечирет».[6]

---

[1] («Адаб аль-Муфрад», 1138)
[2] (Сахих Муслим, 2184)
[3] (Сунан Абу Дауд, 4848)
[4] (Сахих Бухари, 2352)
[5] (Сахих Муслим, 2628)
[6]Ким (Сунан Тирмизи, 3380)

12. ЧОГУЛУШТУН АЯГЫНДА АЙТЫЛУУЧУ ДУБАНЫ АЙТУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Кимдир бирөө бир чогулушта отуруп ал жерде пайдасы жок кеп-сөздөрдү көп сүйлөп койсо, ал ошол чогулуштан туруп кеткенге чейин: «Субаханака-Аллахумма уа би-хамдик. Ашхаду ан лаа илааха илла анта. Астагфирука уа атуубу илайк. (Оо, Аллах! Сен аруусуң жана Сага мактоо айтам. Сенден башка сыйынууга татыктуу кудай жок экендигине күбөлүк берем. Мен Сага тообо кылам жана кечирүүңдү сурайм)» – деп айтса, анда анын чогулушта кетирген кемчиликтери кечирилет».[1]

## СҮЙЛӨШҮҮ АДЕПТЕРИ

1. ЖАКШЫ СӨЗ СҮЙЛӨ ЖЕ БОЛБОСО УНЧУКПА

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким Аллахка жана кыямат күнүнө ишенсе, анда ал жакшы сөз сүйлөсүн же унчукпасын. Ким Аллахка жана кыямат күнүнө ишенсе, анда ал кошунасын сыйласын. Ким Аллахка жана кыямат күнүнө ишенсе, анда ал коногун сыйласын».[2]

2. АДАМДАРДЫН ДЕҢГЭЭЛИНЕ ЖАРАША СҮЙЛӨӨ

Абдуллах ибну Масууд, радыяллаху анху, айтты:

«Эгер сен элдерге акылдары жетпей турган сөз айтсаң, анда алардын арасында фитна (бирин-бири түшүнбөстүк) келип чыгат».[3]

3. АЙТЫЛГАН СӨЗДҮ КАЙТАЛООГО МУКТАЖДЫК БОЛСО, АНДА АНЫ КАЙТАЛОО ЗАРЫЛ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бир сөз сүйлөсө сөзү түшүнүктүү болуш үчүн аны үч жолу кайталайт эле».[4]

Абу Бакра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам:

«Силерге чоң күнөөлөр туурасында кабар берейимби?» – деп үч жолу кайталады. Ошондо сахабалар: «Албетте! Оо, Аллахтын Элчиси, кабар бериңиз» – дешти. Пайгамбар: «Аллахка ширк* кылуу жана ата-энени наараазы кылуу» – деп айтып, жамбаштап жаткан жеринен олтура калып: «Жалган сүйлөөдөн жана жалган күбөлүккө өтүүдөн сактангыла» – деп сөзүн кайра-кайра кайталап айта бергендиктен, биз акырында: «Пайгамбар токтотсо экен» – деп калдык».[5]

*Ширк – бул адамдын Аллахтан башкага сыйынуусу. Анын сыйынган нерсеси кандай гана нерсе болбосун, ал ширк болуп эсептелет. Мисалы, Аллахка жакын периште болобу же пайгамбар болобу, Аллахтын сүйүктүү пендеси болобу, аалым болобу, олуя адам болобу, атактуу башчы болобу, тоо-таш болобу, бак-дарак болобу, күн же ай болобу, алтын-күмүш болобу, же адамдын нафсиси болобу, мына ушул нерселерге Аллах менен катар сыйынган болсо, анда ширк кылган болот. Ошондой эле адамдын кудурети жетпеген нерсени Аллахтан башкадан сураса же Аллахтан башкадан жардам тилеп, андан муктаждыгын өтөөсүн сураса жана ошол нерсе ага пайда же зыян берет деп терең ишенсе же оорулуну айыктырат же жоголгонду таап берет же кыйналган адамга жардам берет деген ишенимде кылган болсо, анда Аллахка ширк кылган болот. Бирок адамдын колунан келген иште андан жардам сураганы ширкке кирбейт.

[1] (Сунан Тирмизи, 3433)
[2] (Сахих Бухари, 6018)
[3] (Сахих Бухари, 128)
[4] (Сахих Бухари, 91)
[5] (Сахих Бухари, 2654)

4. АДАМДАРГА СУРОО УЗАТЫП АЛАРДЫН КӨҢҮЛҮН БУРУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Куру жалак калган адам ким экенин билесиңерби?» – деп сурады. Ошондо сахабалар: «Биздеги куру жалак калган адам дирхамы жок жана буюм-тайымы жок адам» – деп жооп беришти. Пайгамбар, саллаллаху алейи уа саллам, айтты: «Чындыгында менин үммөтүмдүн кур жалак калган адам, ал кыямат күнү намаз, орозо жана зекети менен келет. Бирок ал ошол иш-аракеттерди аткаруу менен баланчаны сөккөн, түкүнчөгө жалаа жапкан, баланчанын акчасын жеген, түкүнчөнүн канын төккөн, баланчаны урган. Демек ал адамдын сооп иштери баланчага берилет. Качан гана ал адамдын акысын кайтарып берүүдөн алдын сооптору калбай калган болсо, анда анын күнөөлөрү анын мойнуна жүктөлүп, ал адам тозокко ыргытылат».[1]

5. СҮЙЛӨП ЖАТКАНДА ӨЗҮН ӨЗҮ МАКТАБАЙ СҮЙЛӨӨ

Аллах таала айтты:

«(Эй, Мухаммад!) Өздөрүн мактаган адамдарга карабайсыңбы?! Аллах Өзү каалаган пендесин мактайт жана алар (курманын данегин каптаган) чел кабыкчалык да зулум чегишпейт».[2]

Башка бир аятта Аллах таала айтты:

«Өзүңөрдү өзүңөр мактабагыла!».[3]

Абу Бакр, радыяллаху анху, айтты:

«Бир адам башка бир адамды Пайгамбардын алдында мактады. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Шоруң кургур! Бир тууганыңдын мойнун жулдуң го» – деп үч жолу кайталап: «Эгер силердин бирөөңөр бир адамды мактай турган болсо, анда сөзсүз түрдө мындай деп айтсын: «Баланчаны жакшы деп ойлойм, бирок аны Аллах билүүчү. Эгер макталып жаткан адам чындыгында матоого татыктуу болсо да Аллахтын астында эч бир жан макталбайт».[4]

6. ЖАМАН СӨЗДӨР МЕНЕН ТАМАШАЛАБОО

Абдуллах ибну Масууд, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

«Ыйманы толук адам акарат кылбайт, каргыш айтпайт, жаман сөз сүйлөбөйт жана уяттуу сөздөрдү да айтпайт».[5]

7. ТАЛАШЫП ТАРТЫШУУНУ ТАШТОО

Абу Умама, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

«Ким өзүнүкү туура болсо да талаш-тартышты таштаса, бейиштин ылдыйынан кан сарай берилүүсүнө жана ким тамашалашкан кезде да жалган айтпаса, бейиштин ортосунан кан сарай берилүүсүнө жана

[1] (Сахих Муслим, 2581)
[2] (Ниса сүрөөсү, 49-аят)
[3] (Нажм сүрөөсү, 32-аят)
[4] (Сахих Бухари, 6162)
[5] (Сунан Тирмизи, 1977)

ким адеп-ахлагын оңдосо, анда бейиштин жогорку жагынан кан сарай берилүүсүнө кепилдик беремин».[1]

8. СҮЙЛӨШҮҮ УЧУРУНДА БОЙ КӨТӨРБӨӨ

Ыяад ибну Химар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, күндөрдүн биринде кутба кылып жатып мындай деп айтты:

«Чындыгында Аллах мага, бирин үстүнөн бири мактанбоосу үчүн жана бирин-бири басынтып какпоо үчүн кичипейил болууңарды вахий* кылды».[2]

*Вахий – бул Аллах тааланын Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллмга, түшүргөн кабары.

9. ЖАМАН ЫСЫМДАР МЕНЕН АТАБОО

Аллах таала айтты:
«Бири бириңерди жаман ысымдар менен чакырбагыла! Ыймандуу болгондон кийин жаман ысымдар менен атоо кандай жаман!».[3]

**КОНОК ТОСУУНУН АДЕПТЕРИ**

1. КЕЛГЕН КОНОКТОРГО ЭШИКТЕРДИ АЧЫП ТУРУУ

Аллах таала бейишке кирүүчү адамдар бейиштин эшигине келишкенин мындай деп айтты:

«Качан алар бейиштин алдына келишкенде бейиштин эшиктери ачылды».[4]

Башка бир аятта мындай дейт:

«Адн бейиштеринин эшиктери аларга ачылып турчу».[5]

2. КОНОКТУ УРМАТТОО ЖАНА АНДАН ЭЧ НЕРСЕНИ АЯБОО

Аллах таала айтты:
«Алар муктаж болсо деле (мухажирлерди)* өздөрүнөн жогору коюшат. Эгерде ким нафсисинин сараңдыгынан сактана алса, анда мына ошолор ийгиликке жетишкендер».[6]

*Мухажирлер — Мекке шаары алына электен мурда Меккеден же башка жерлерден өз мекендерин, жакын туугандарын дин үчүн таштап Мадина шаарына көчүп келгендер.

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Бир киши Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: «Оо, Аллахтын Элчиси! Мага кедейликтин кыйынчылыгы келди» – деп айтканда, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бирөөнү үй-бүлөсүнө жөнөттү эле алардан да тамактанганга эч нерсе табылбады. Ошондо Аллахтын Элчиси: «Кана эми бул кишини ушул түнү конок кылса, аны Аллах ырайымына алсын» – деп айтканда ансарлардан бир киши туруп: «Оо, Аллахтын Элчиси! Мен конок кыламын» – деп айтты. Ал конокту үйнө алып барып аялына: «Аллахтын Элчисинин коногу келди. Каткан нерсеңдин баарын чыгар» – дегенде, аялы: «Аллахка ант болсун! Үйдө балдардын тамагынан башка эч нерсе жок» – деп айтты. Анда ал киши: «Балдар кечки тамакты жейбиз дешкенде аларды уктатып кой. Тамакты болсо

[1] (Сунан Абу Дауд, 4800)
[2] (Сахих Муслим, 2865)
[3] (Хужурат сүрөөсү, 11-аят)
[4] (Зумар сүрөөсү, 71-аят)
[5] (Соод сүрөөсү, 50-аят)
[6] (Хашр сүрөөсү, 9-аят)

конокко тарт да, май чыракты бир аз гана жандырып кой. А биз болсо бул түнү ачка жаталы» – деп айтты. Аялы күйөөсүнүн айтканын баарын аткарды. Эртеси күнү ал киши Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, барганда: «Чындыгында Аллах таала силерге таң калды жана бул аятты түшүрдү: «Алар (ансарлар)* муктаж болсо деле (мухажирлерди)** өздөрүнөн жогору коюшат».[1]

*Ансарлар — Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, жана мухажирлерге ар тараптан жардам берген жана кең пейил болууларына сөз берген, Мадина шаарында же ушул шаарга жакын жерлерде жашаган мусулмандар.

**Мухажирлер — Мекке шаары алына электен мурда Меккеден же башка жерлерден өз мекендерин, жакын туугандарын дин үчүн таштап Мадина шаарына көчүп келгендер.

3. ТУУРА НИЕТТЕ КОНОК ТОСУУ

Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чындыгында иш-аракеттер ниеттерге жараша болот. Жана ким кайсыл ниетти көздөп (бир иш кылса), анда ал көздөгөн ниетине жетет».[2]

4. КОНОКТУ ЖАКШЫ ТОСУП АЛУУ

Абу Зар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Мусулман тууганыңдын жүзүнө жылмайып коюуң – садака болуп эсептелет».[3]

Ибну Аббас, радыяллаху анху, айтты:

«Абдул Кайс уруусунан бир топ адамдар Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келишкенде Пайгамбар аларга: «Өкүнүч жана зыян тартпай келген жамаат кош келдиңер!» – деп айткан.[4]

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

«Биз Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, аялдары баары чогулган кезде Фатима,* радыяллаху анха, Пайгамбарга басып келди. Анын басканы Пайгамбардын басканынын дал өзү эле. Ал келгенде Аллахтын Элчиси: «Кош келдиң менин кызым» – деп оң жагына отургузду.[5]

*Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын кенже кызы болгон.

Умму Хаани*, радыяллаху анха, айтты:

«Мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, барганымда ал: «Кош келдиң Умму Хаани» – деп айтчу эле.[6]

[1] (Сахих Бухари, 4889)
[2] (Сахих Муслим, 3530)
[3] (Сунан Тирмизи, 1956)
[4] (Сахих Бухари, 4889)
[5] (Сахих Бухари, 3353)
[6] (Сахих Бухари, 344)

*Умму Хани Фахита бинту Абу Талиб, ибну Абду аль-Мутталиб аль-Кураший аль-Хашимий – белгилүү сахаба аял, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, аталаш бир тууган карындашы.

5. КОНОККО СЫЙЛУУ ТАМАК ТАРТУУ

Аллах таала айтты:

«Сен Ибрахимдин сыйлуу коноктору туурасында уктуң беле? Качан алар келишкенде: (Аллахтын) саламы болсун! – деп айтышты. (Ибрахим) да: Белгисиз адамдарга да (Аллахтын) саламы болсун!» – деп айтты. Ошентип ал үй-бүлөсүнө барып семиз торпок союп келди. Тамакты аларга сунуп «Кана албайсыңарбы?» – деп айтты».[1]

Абу Шурейх ал-Каъби, радыяллаху анху, риваят кылган Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирсе, анда коногун сыйласын. Конокту сыйлоо мөөнөтү – бир күн бир түн. Ал эми коноктоо мөөнөтү – үч күн. Андан да ашыкча коноктоо – садака болот. Конок үй ээсин ыңгайсыз абалга келгенге чейин жүрө бергени туура эмес».[2]

## ТАМАКТАНУУ АДЕПТЕРИ

1. ТАМАКТАНААРДАН АЛДЫН БИСМИЛЛАХ ДЕП АЙТУУ

Умар ибну Абу Салама, радыяллаху анху, айтты:

«Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, кол астындагы бала элем. (Тамактанууда) колум табактын ар тарабына кетет эле. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мага: «Эй, балам! Аллахтын атын ата (бисмаллах дегин), оң колуң менен же жана өз алдыңдан же!» – деп айтты. Мен ошондон бери (Аллахтын Элчиси үйрөткөндөй) тамактанам».[3]

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Эгерде бир адам үйүнө кирээрде жана тамактанаарда Аллахтын атын атабаган болсо, анда шайтан (жардамчыларына): «Силер үчүн түнөй турган жай да, кечки тамак да жок» – деп айтат. А эгерде үйүнө кирээрде Аллахтын атын атабаган болсо, анда шайтан: «Түнөй турган жай таптыңар» – деп айтат. А эгер тамактанаарда да Аллахтын атын атабаса, анда шайтан: «Түнөй турган жай да, кечки тамак да таптыңар» – деп айтат».[4]

Хузайфа ибну Яман, радыяллаху анху, айтты:

«Биз Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, менен тамакка олтурганыбызда Аллахтын Элчиси колун (тамакка) сунганга чейин биз колдорубузду сунбайт элек. Бир жолу бирге тамактанып калдык. Ошондо качып келе жаткандай болуп бир жаш кыз келди да колун тамакка суна баштады. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, анын колунан кармап токтотту. Андан кийин эле куулгандай болуп бир бедуин келип (ал да тамакка колун сунганда) анын да колунан кармап токтотту. Анан Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Чындыгында Аллахтын аты аталбаган тамактан шайтан да жей баштайт. Шайтан бул жаш кыз аркылуу тамактануу үчүн аны алып келгенде анын колунан кармап токтоттум. Ошондой эле бул бедуин аркылуу тамактануу үчүн аны алып келгенде

[1] (Зарият сүрөөсү, 24-27-аяттар)
[2] (Сахих Бухари, 5670)
[3] (Сахих Бухари, 5376;)
[4] (Сахих Муслим, 2018)

анын да колунан кармап токтоттум. Менин жаным анын колунда болгон Затка ант болсун! Чындыгында жаш кыздын колу менен шайтандын колу менин колумда эле» – деп айтты.[1]

2. ТАМАКТАНУУДАН АЛДЫН БИСМИЛЛАХ ДЕП АЙТУУНУ УНУТУП КАЛГАН БОЛСО, АНДА «БИСМИЛЛАХИ ФИИ АВВАЛИХИ УАААХИРИХИ» ДЕП АЙТСЫН

Аиша, радыяллаху анха, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силердин бирөөңөр тамакка олтурса, анда ал: «Бисмиллах» – деп айтсын. А эгер башында айтууну унутуп калса, анда: «Бисмиллахи фии аввалихи уа аахирихи. (Аллахтын аты менен баштаймын. Биринчи жана акыркы жолу унутканым болсун)» – деп айтсын».[2]

Башка риваятта Аиша, радыяллаху анха, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, алты сахабасы* менен тамактанып жатканда бир бедуин** келип тамакты эки алганда эле жеп койду. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Чындыгында ал «бисмиллах» дегенде баарыңарга жетмек» – деп айтты».[3]

*Сахабалар – Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, тирүү кезинеде көрүп, ага ыйман келтирип, аны менен дайыма бирге болгон мусулмандар. Бир адам мусулман боло электе Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, көрүп, ал дүйнөдөн көзү өткөндөн кийин ыйманга келсе же мусулман болуп андан кийин динден кайткан болсо, анда сахаба деп эсептелбейт.

** Араб тилинен «бедуин» сөзү «көчмөн» деп которулат, ал эми араб маданиятында «намыстуу, меймандостук жана эрдик» деген түшүнүктөрүнүн синоними. Арабдарда бедуиндер меймандостугу, эрдүүлүгү жана намыстуулугу менен бааланып, шаардын тургундарынан айырмаланып турат.

3. ОҢ КОЛ МЕНЕН ТАМАКТАНУУ

Ибну Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силерден кимдир бирөө тамактана турган болсо, анда ал оң колу менен жесин. Эгер иче турган болсо, анда ал оң колу менен ичсин. Чындыгында шайтан сол колу менен жеп, сол колу менен ичет».[4]

Салама ибну Акуаа, радыяллаху анху, айтты:

«Бир киши Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, алдында сол колу менен тамактанып жатканда аны: «Оң колуң менен же!» – деп буйруду. Ал киши: «Колуман келбейт» – деп жооп берди. Аллахтын Элчиси: «Колуңдан келбей калсын!» – деп айтты да: «Ага текеберлик гана жолтоо болду» – деп айтты. Кийин ал киши колун оозуна көтөралбай калды».[5]

4. ТАМАКТЫ ӨЗ ТАРАБЫНАН АЛУУ

[1] (Сахих Муслим, 2017)
[2] (Сунан Тирмизи, 1858)
[3] (Сунан Тирмизи, 1858)
[4] (Сахих Муслим, 2020)
[5] (Сахих Муслим, 2021)

Умар ибну Абу Салама, радыяллаху анху, айтты:
«Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, кол астындагы бала элем. (Тамактанууда) колум табактын ар тарабына кетет эле. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мага: «Эй, балам! Аллахтын атын ата (бисмаллах дегин), оң колуң менен же жана өз алдыңдан же!» – деп айтты. Мен ошондон бери (Аллахтын Элчиси үйрөткөндөй) тамактанам».[1]

Абдуллах ибну Буср, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, гарраа деген чоң табагы бар эле. Аны төрт киши көтөрүшчү. Таң атып, багымдат намазын окушкандан кийин ошол табакты алып келишти (ичинде эт менен нан бышырылган). Адамдар аны тегеректеп, көбөйүп калышканда Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, тизелеп олтурду. Ошондо бир бедуин*: «Бул кандай олтуруш» – деп айтат. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Чындыгында Аллах мени жөнөкөй, кичипейил пенде кылды. Беттегенин бербеген зөөкүр кылбады» – деп айтты да кийин: «Чекесинен жегиле. Ортосуна тийбегиле, ал жерде береке болот» – деп айтты».[2]

*Араб тилинен «бедуин» сөзү «көчмөн» деп которулат, ал эми араб маданиятында «намыстуу, меймандостук жана эрдик» деген түшүнүктөрүнүн синоними. Арабдарда бедуиндер меймандостугу, эрдүүлүгү жана намыстуулугу менен бааланып, шаардын тургундарынан айырмаланып турат.

5. ТАЯНЫП ОЛТУРУП ТАМАКТАНБОО

Абу Жухайфа, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Мен таянып алып тамактанбаймын».[3]

6. ТАМАКТЫН АЙЫБЫН АЙТКАН БОЛБОЙТ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, эч качан тамактын айыбын айткан эмес. Эгер тамак жакса жеген, жакпаса жебей койгон». [4]

7. ӨТӨ КӨП ТОЁ ЖЕБӨӨ

Микдам ибну Мади Кариба, радыяллаху анху, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Адам баласы толтурган идиштердин эң жаманы ашказан. Адамга тулку боюн кармап тургандай бир аз гана тамак жетиштүү. Эгер арга жок көбүрөөк жеш керек болсо, анда (ашказандын) үчтөн бирин тамакка, үчтөн бирин суусундукка, үчтөн бирин дем алууга (калтырсын)».[5]

8. ТАМАК-АШТЫ ҮЙЛӨП СУУТКАН БОЛБОЙТ

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анху, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, суусундукту жана тамакты үйлөөдөн тыйган».[6]

Башка хадисте Абу Саид аль-Худри, радыяллаху анху, мындай деп айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, суусундукту үйлөгөндөн тыйганда, бир киши: «Мен идиште кир нерсе турганын көрсөмчү?» – деп сурады. Пайгамбар: «Ал нерсени төгүп сал» – деп жооп берди. Ал киши дагы суроо берип мындай деди: «Мен суу ичип жатканда бир дем менен тойбоймбу?». Пайгамбар: «Анда сен дем алып жатканда идишти оозуңдан алыстат» – деп жооп берди».[7]

9. ЖЕРГЕ ТҮШҮП КАЛГАН ТАМАКТЫ ТАШТАБАЙ АЛУУ

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, айтты:

---

[1] (Сахих Бухари, 5376)
[2] (Сунан Абу Дауд, 3773)
[3] (Сахих Бухари, 5398)
[4] (Сахих Бухари, 3563)
[5] (Сунан Тирмизи, 2380)
[6] («Муснад» Ахмад, 2813)
[7] (Сунан Тирмизи, 1887)

«Чындыгында силер кылып жаткан ар бир иштериңерде шайтан жаныңарда болот. Жада калса тамак жеп жатканда да жанында болот. Эгерде силерден бир үзүм тамак түшүп калса, анда тамакка жабышкан кир нерселерди алып коюп, аны шайтанга калтырбай жеп койсун. Ошондой эле тамак жеп бүткөндөн кийин манжаларын жалап койсун. Анткени ал кайсы тамакта береке бар экенин билбейт».[1]

10. БИРӨӨ МЕНЕН ТАМАК ЖЕП ЖАТКАНДА ЭКИ КУРМАНЫ ЖЕ БАШКА ЭКИ НЕРСЕНИ БИР ЖЕГЕН БОЛБОЙТ

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анху, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бир адам жанындагы адамдардан уруксат сурамайынча эки курманы бир жеп салгандан тыйган».[2]

11. ТАМАКТАН КИЙИН АЛЬХАМДУЛИЛЛАХ ДЕП АЙТУУ

Абу Аюб аль-Ансари, радыяллаху анху, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, тамак жесе же суусундук ичсе мындай деп айтат эле: «Альхамду лиллахил-лази атъама уа сакоо уа саувагаху уа жаъала лаху махража. (Тамак берген жана суусундук берген Аллахка мактоолор болсун! Ошондой эле ал нерселердин сиңирүүсүн жеңил кылган жана ал нерселерге чыгаруучу жай берген Аллахка мактоолор болсун)».[3]

## **СУУСУНДУК ИЧҮҮНҮН АДЕПТЕРИ**

1. СУУСУНДУК ИЧКЕНДЕ БИСМИЛЛАХ ДЕП ИЧҮҮ

Умар ибну Абу Салама, радыяллаху анху, айтты:
«Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, кол астындагы бала элем. (Тамактанууда) колум табактын ар тарабына кетет эле. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мага: «Эй, балам! Аллахтын атын ата (бисмаллах дегин), оң колуң менен же жана өз алдыңдан же!» – деп айтты. Мен ошондон бери (Аллахтын Элчиси үйрөткөндөй) тамактанам».[4]

Имам Муслим риваят кылган хадисте Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анхума, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтканын укту:

«Эгер бир адам үйүнө кире турган болсо, анда үйүнө кирген кезде жана тамактанган кезде Аллахтын атын айтсын. Ошондо шайтан жан-жөөкөрлөрүнө: «Силерге жата турган жай жана тамак-аш да жок» – деп айтат. Ал эми үйгө кирген кезде «Бисмиллах» – деп Аллахтын аты айтылбаса, анда шайтан жан-жөөкөрлөрүнө: «Силерге жата турган жай табылды» – деп айтат. Ал эми тамактанган учурда Аллахтын атын айтпаса, анда шайтан: «Силерге жата турган жай жана тамак-аш табылды» – деп айтат».[5]

2. СУУСУНДУКТУ ОТУРУП ИЧҮҮ

Абу Саид Худри, радыяллаху анху, айтты:
«Чындыгында Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, туруп ичүүдөн тыюу салган».[6]

Ибну Аббас, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, идиштеги зам зам суусун туруп ичкен».[7]

---

[1]Ким (Сахих Муслим, 2033)
[2] (Сахих Муслим, 2045)
[3] (Сахих аль-Жами, 4681)
[4] (Сахих Бухари, 5376)
[5] (Сахих Муслим, 2018)
[6] (Сахих Муслим, 2025)
[7] (Сахих Бухари, 5617)

Сууну отуруп ичүү үчүн ыңгайлуу орун болбосо, анда туруп ичсе болот деп Ислам уламалары ушул эки хадиске түшүндүрмө беришкен.

3. ОҢ КОЛ МЕНЕН ИЧҮҮ

Хафса, радыяллаху анха, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, тамак жегенге жана суусундук ичкенге оң колун иштетет эле. Ал эми сол колун калган башка нерселерге иштетчү».[1]

4. СУУСУНДУК ИЧИП ЖАТКАНДА ИДИШТЕН ДЕМ АЛБОО

Катада, рахимахуллах, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Эгер силердин бирөөңөр (суу) ичсе, анда ичип жаткан идишине демин чыгарбасын. Эгер ажатканага барса, анда эркектик жынысын оң колу менен кармабасын жана ичдаарат алса, анда оң колу менен ичдаарат албасын».[2]

Ибну Аббас, радыяллаху анху, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, идиштен дем алып жана идишке үйлөөдөн тыйды».[3]

5. СУУСУНДУКТУ ЭКИГЕ ЖЕ ҮЧКӨ БӨЛҮП ИЧҮҮ

Сумама ибну Абдуллах, радыяллаху анху, айтты:
«Анас, радыяллаху анху, идиштеги (сууну) экиге же үчкө бөлүп ичип: «Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, үч дем менен ичкен» – деп тасдыктады». (Сахих Бухари, 5316)

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, суусундукту үч дем менен үчкө бөлүп ишчү. Идишти оозуна жакындатканда: «Бисмиллах» – деп айтчу, ал эми суусундукту ичип бүткөндө: «Алхамдулиллах» – деп үч жолу кайталачу». (Табарани, 8447)

6. ЧОҢ ИДИШТИН ООЗУНАН СУУ ИЧПӨӨ

Абу Хурайра, радыяллаху анху айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, көнөк же чаначтын оозунан ичүүдөн тыйган жана кошунасынын дубалына (зыян тийгизүүчү) шактарын таштап коюудан тыйган».[4]

7. СУУНУ ОҢ ЖАКТАН БАШТАП УЗАТУУ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:
«Бир жолу Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, колго үйрөтүлгөн койду саап келип сүтүн беришти. Ал Анас ибну Маликтин үйүндө болчу. Ал сүт Анастын үйүндөгү кудуктун суусу менен аралаштырылган эле. Кийин идишти Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, сунушту. Ал сүттөн идишти оозунан алганча тоё ичти. Сол жагында Абу Бакр, оң жагында бедуин** отурган эле. Ошондо Умар Пайгамбар идишти бедуинге берип коёт деп коркуп: «Оо, Аллахтын Элчиси! Алдыңыздагы Абу Бакрга бериңиз» – деп айтты. Пайгамбар идишти оң жагындагы бедуинге берип мындай деди: «Оң жак менен, оң жак менен».[5]

** Араб тилинен «бедуин» сөзү «көчмөн» деп которулат, ал эми араб маданиятында «намыстуу, меймандостук жана эрдик» деген түшүнүктөрүнүн синоними. Арабдарда бедуиндер меймандостугу, эрдүүлүгү жана намыстуулугу менен бааланып, шаардын тургундарынан айырмаланып турат.

8. АЛТЫН ЖАНА КҮМҮШ ИДИШТЕН СУУ ИЧПӨӨ

Хузайфа, радыяллаху анху, айтты:

---

[1] (Сунан Абу Дауд, 32)
[2] (Сахих Бухари, 153)
[3] (Сунан Тирмизи, 1888)
[4] (Сахих Бухари, 5627)
[5] (Сахих Бухари, 2352)

«Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Алтын жана күмүш идиш менен ичпегиле жана дийбаж аттуу жибек кийимдерин кийбегиле. Анткени алар бул дүйнөдө (капырлар) үчүн жана Акыретте силер үчүн болот».[1]

9. ЭЛГЕ СУУ УЗАТКАН АДАМ СУУНУ ЭЛДЕН КИЙИН ӨЗҮ ИЧҮҮСҮ

Абу Катада, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чындыгында элге суу узаткан адам өзү акырында ичет».

10. ЖАТААР АЛДЫНДА ИДИШТЕРДИ ЖАБУУ

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, рываят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Идиштерди жапкыла, суулардын оозун бекем жапкыла, эшиктерди кулптагыла жана балдарыңарды түнү сыртка чыгуудан тыйгыла. Анткени ошол учурда жиндер таркашат жана кол салышат. Жатаар мезгилде чырактарды өчүргүлө. Анткени чычкан чырактын билигин тартып үйдөгүлөр күйүп кетүүсү мүмкүн».[2]

Жабир, радыяллаху анху айтты:

«Накии өрөөнүндөгү ансарлардан болгон Абу Хумайд аттуу бир киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, бир идишке сүт алып келди. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Анын үстүнө чырпыкты коюуп болсо да жапкан белең?» – деп айтты».[3]

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Идиштин үстүн жапкыла, чанач суу идишинин оозун бекем байлагыла. Анткени бир жылда бир түн бар. Ошол түнү чума (жугуштуу оору) түшөт. Ошондо оозу жабылбаган кандай гана идиш болбосун же оозу байланбаган чанач суу идиши болбосун аларга өтүп бараткан жанагы чума (жугуштуу ооруу) түшүп калат».[4]

11. ТАМАКТАНГАНДАН КИЙИН АЛХАМДУЛИЛЛАХ ДЕП АЙТУУ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, рываят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чындыгында пенде тамактанып ал тамак үчүн Аллахка шүгүр кылса же суусундук ичип, ал суусундук үчүн Аллахка шүгүр кылса, анда Аллах ал пендеден ыраазы болот».[5]

## АТА-ЭНЕ МЕНЕН БОЛГОН АДЕПТЕР

1. АТА-ЭНЕГЕ ЫРААЗЫЧЫЛЫК БИЛДИРҮҮ

Абу Бурда ибну Абу Муса ал-Ашари, рахимахуллах, айтты:
«Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анху, Йемендик бир киши апасын артына көтөрүп алганын көрөт. Ал апасын көтөргөн бойдон Каабаны таваф кылып (тегеренип) мындай деп айтып жаткан болот: «Мен апамдын минген тайлагымын. Улоолор качса да мен баш ийип жанындамын. Курсагында көтөрүп эмизгенин жонума көтөрүп актардым. Аллах улуулуктун Ээси Раббимди даңктадым» – деген ыр саптарын айтып, Абдуллах ибну Умарга: «Айтыңызчы, мен апамдын ак сүтүн актадымбы?» – деп

[1] (Сахих Муслим, 2067)
[2] (Сахих Бухари, 3316)
[3] (Сахих Бухари, 5606)
[4] (Сахих Муслим, 2014)
[5] (Сахих Муслим, 2734)

сурайт. Анда Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анху: «Сен апаңдын бир толгоосун да актай алган жоксуң» – деп айтат».[1]

2. АТА-ЭНЕГЕ СЫЛЫК СҮЙЛӨӨ

Аллах таала айтты:

«Раббиң жалгыз Өзүнө гана сыйынууңарды жана ата-энеге жакшылык кылууну парз кылды. Эгерде алардын бирөөсү же экөөсү сенин алдыңда карылык учуруна келсе, анда аларга уфф деп айтпа жана аларды зеките бербе. Аларга сылык-сыпаа сөздөрдү айт».[2]

Тайлас ибну Мияс, рахимахуллах, айтты:

«Мага Ибну Умар, радыяллаху анху, айтты: «Сен тозоктон сактанып бейишке киргиң келеби?». Анда мен:

– Албетте – дедим.

– Сенин ата-энең тирүүбү?

– Азыр апам мени менен

– Аллахка ант болсун! Эгерде ага сылык-сыпаа сүйлөсөң, аны каржылап баксаң, анда чоң күнөөлөрдү кылбасаң эле бейишке киресиң – деп айтты.[3]

3. АТА-ЭНЕНИН УРУКСАТЫ МЕНЕН САПАР КЫЛУУ

Абдуллах ибну Амр, радыяллаху анху, айтты:

«Бир киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип согушка чыгууга уруксат сурады. Анда Пайгамбар: «Ата-энең тирүүбү?» – деп айтты. Ал: «Ооба, тирүү» – деди. Пайгамбар: «Анда ал экөөсүнө кызмат кыл» – деп жооп берди».[4]

Башка риваятта мындай деп айтылат:

«Бир киши Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: «Мен Аллахтан сооп-сыйлыкты үмүт кылып сиз менен хижрат* кылууга жана согушка чыгууга ант берем» – деп айтат. Анда Пайгамбар: «Ата-энеңдин кимиси тирүү» – деп сурайт. Ал: «Ал экөө тең тирүү» – дейт. «Сен Аллахтан сооп-сыйлыкты үмүт кыласыңбы?» – деп кайра сурайт. Ал: «Ооба» – дейт. «Андай болсо ата-энеңе бар да, ал экөөсүнө жакшылап кызмат кыл» – деп айтат.[5]

*Хижрат – бул Меккеден же башка жерлерден өз мекендерин, жакын туугандарын дин үчүн таштап Мадина шаарына көчүү.

4. АТА-ЭНЕНИН АЧУУСУНА ТИЙБӨӨ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Үч дуба сөзсүз кабыл болот. Алар: зулум чеккен адамдын дубасы, мусапыр адамдын дубасы жана атасынын баласына кылган каршы дубасы».[6]

[1] («Адаб аль-Муфрад», 11)
[2] (Исра сүрөөсү, 23-аят)
[3] («Адаб аль-Муфрад», 8)
[4] (Сахих Бухари, 3004)
[5] (Сахих Муслим, 2549)
[6] (Сунан Абу Дауд, 1536)

Абу Хурайра, радыяллаху анху, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, айтканын мындайча баяндап берет:

«…Журайж ибадатчыл болгондуктан, ал чиркөө жасатып дайым чиркөөсүндө болот. Ал намаз окуп жатканда ага энеси келип: «Эй, Журайж!» – деп чакырат. Журайж: «Оо, Раббим! Энеме жооп берейинби же намазымды окуй берейинби» – деп намазын уланта берет, энеси кайтып кетет. Эртеси дагы энеси ал намаз окуп жатканда келип: «Эй, Журайж!» – деп чакырат. Журайж: «Оо, Раббим! Энеме жооп берейинби же намазымды окуй берейинби» – деп намазын уланта берет, энеси кайра кетип калат. Анын эртеси дагы энеси Журайж намаз окуп жатканда келип: «Эй, Журайж!» – деп чакырат. Журайж: «Оо, Раббим! Энеме жооп берейинби же намазымды окуй берейинби» – деп намазын уланта берет. Ошондо апасы: «Оо, Аллах! Сойкулардын жүзүн көрмөйүнчө анын жанын алба» – деп айтат.

Исраил коому Журайж жана анын ибадаты тууралуу сүйлөп калышчу. Ошол кезде сулуулугу мисал катары айтылып жүргөн зынакор аял болгон. Ал аял: «Эгер кааласаңар Журайжты азгырып беремин» – деп айтат. Ошентип ал аял Журайжтын алдын тосуп чыкканда ал аялга карабай коёт. Айласын тапкан ал аял Журайжтын чиркөөсүндө жашаган койчуга келип ага мүмкүнчүлүк бергенде койчу аны менен зына кылат. Андан боюнда болуп төрөгөндө: «Бул (бала) Журайжтан» – деп айтат. Ошондо адамдар Журайжга келишип, аны бийик чиркөөсүнөн түшүрүшүп, чиркөөсүн талкалашат. Алар уруп башташканда Журайж: «Силерге эмне болду» – деп сурайт. Адамдар: «Сен бул сойку менен зына кылыпсың, ал сенден төрөптүр» – деп айтышканда Журайж: «Ымыркай кана» – деп сурайт, аны алып келишет. Ошондо Журайж: «Мени бош койгула, намаз окуп алайын» – деп намазын окуйт. Намазын бүткөндөн кийин ымыркайга келип, анын ичине бармагы менен түртүп ага: «Эй, бала! Атаң ким» – деп сураганда ымыркай: «Баланчы койчу» – деп жооп берет. Ошондо адамдар Журайжды өпкүлөшүп, аны сылап-сыйпап: «Чиркөөңдү алтындан куруп беребиз» – деп айтышат. Журайж: «Жок, мурда кандай болсо ошондой кылып ылайдан тургузгула» – деп айтат. Алар мурдакыдай кылып кайра тургузуп беришет…».[1]

5. АТА-ЭНЕГЕ КЫЗМАТ КЫЛУУ

Жахимат ас-Суламий Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: «Мен согушка чыгууну каалап жатам. Сиз менен кеңешүү үчүн келдим эле» – деп айтат. Анда Пайгамбар: «Сенин энең барбы» – деп сурайт. Ал: «Ооба» – дейт. Пайгамбар: «Анда анын жанында бол. Чындыгында бейиш анын таманынын астында» – деп жооп берет».[2]

6. АТА-ЭНЕНИН КӨЗҮ ӨТКӨНДӨН КИЙИН АЛАРГА ДУБА КЫЛУУ ЖАНА АЛАРГА АЛЛАХТАН КЕЧИРИМ СУРОО

Аллах таала ата-энеге дуба кылууга буюруп мындай деп айтты: «Айткын: Оо, Раббим! Мени жаш кезимде тарбиялап өстүргөндөй ата-энемди да Өз ырайымыңа ал».[3]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, рываят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгер адам баласы бул дүйнөдөн өтсө, анын бардык иш-аракеттери токтоп, үч түрдүү гана (иш-аракеттеринин) сообу жетип турат. Алар: сообу уланып турган садака, (адамдар) пайдаланган илим жана салих баласынын ата-энесине кылган дубасы».[4]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

---

[1] (Сахих Муслим, 2550)
[2] (Сунан Насаи, 3104)
[3] (Исра сүрөөсү, 24-аят)
[4] (Сахих Муслим, 1631)

«Аллах таала бейиште салих пендесинин даражасын көтөрөт. Ошондо ал: «Оо, Роббим! Бул даража мага кайдан?» – деп сурайт. Аллах: «Балаң сага истигфар айткандыгы себептүү» – деп жооп берет».[1]

7. АТА-ЭНЕ БУЛ ДҮЙНӨДӨН ӨТКӨНДӨН КИЙИН АЛАРДЫН АТЫНАН САДАКА КЫЛУУ

Аиша, радыяллаху анха, риваят кылган хадисте бир киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдан, мындай деп сурайт:

«Оо, Аллахтын Элчиси! Менин энем капыснан жан берди. Эгерде (энем өлөөрдөн алдын) сүйлөгөндө, садака кылмак деп ойлоймун. Эми мен анын атынан садака кылсам энеме сооп жазылабы?» — деп сураганда (Аллахтын Элчиси): «Ооба» — деп жооп берди».[2]

8. АТА-ЭНЕ БУЛ ДҮЙНӨДӨН ӨТКӨНДӨН КИЙИН АЛАРДЫН ТУУГАНДАРЫ ЖАНА ДОСТОРУ МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫП ТУРУУ

Абдуллах ибну Динар Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, тууралуу мындай деп айтты: «Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, Меккеге карап жолго чыкканда минип эс алганга эшеги болгон. Эгерде улоосуна олтургандан тажаса башын салган селдеси болгон. Күндөрдүн биринде ал ошол эшегин минип баратса анын жанынан бир бедуин* өтүп бараткан болот. Ошондо ал Абдуллах ибну Умар: «Сен баланчанын баласы баланча эмессиңби?» – деп сурайт. Ал бедуин: «Ооба, (ошонун баласымын)» – деп жооп берет. Абдуллах ибну Умар ага: «Муну мин» – деп эшегин берип: «Муну башыңа салып ал» – деп селдесин берет. Ага (таң калган) кээ бир шериктери: «Аллах сизди кечирсин! Бул бедуинге минип эс алган эшегиңизди жана башыңызды таңып жүргөн селдеңизди да берип койдуңуз» – деп айтышат. Абдуллах ибну Умар аларга: «Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтып жатканын уктум: «Эң жакшы жакшылыктардын бири – атасы бул дүйнөдөн өткөндөн кийин атасынын жакшы көргөн адамдары менен болгон байланышы. Бул кишинин атасы Умардын (атамдын) досу эле» – деп жооп берди».[3]

*Араб тилинен «бедуин» сөзү «көчмөн» деп которулат, ал эми араб маданиятында «намыстуу, меймандостук жана эрдик» деген түшүнүктөрүнүн синоними. Арабдарда бедуиндер меймандостугу, эрдүүлүгү жана намыстуулугу менен бааланып, шаардын тургундарынан айырмаланып турат.

9. АТА-ЭНЕ БУЛ ДҮЙНӨДӨН ӨТКӨНДӨН КИЙИН АЛАРДЫН КАБЫРЛАРЫН ЗЫЯРАТ КЫЛУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, энесинин кабырын зыярат кылып келгенде ыйлады жана айланасындагы адамдарды да ыйлатты. Анан мындай деп айтты: «Энеме кечирим суроого Раббимден уруксат сурасам мага уруксат берилбеди. Бирок кабырын зыярат кылууга уруксат сураганымда мага уруксат берди. Кабырларды зыярат кылгыла. Чындыгында ал өлүмдү эстетет».[4]

10. АТА-ЭНЕНИН АТТАРЫН АЙТЫП ЧАКЫРБОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, эки кишини көрүп алардын жашраагынан мындай деп сурады: «Бул сага ким болот?». Ал киши: «Атам болот» – деп жооп берди. Ошондо ага: «Атаңдын атын айтып чакырба, алдында да баспа жана андан алдын олтурба» – деп айтты».[5]

11. АТАСЫНЫН АТЫНАН БАШ ТАРТЫП, БАШКАЛАРДЫН АТЫН НААМ КЫЛЫП АЛБОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Атаңардан баш тартпагыла. Ким атасынан баш тартса, анда ал каапырлык*».[6]

---

[1] (Сунан Ибну Маажах, 3660)
[2] (Сахих Бухари, 1388)
[3] (Сахих Муслим, 2552)
[4] (Сахих Муслим, 976)
[5] («Адаб ал-Муфрад», 44)
[6] (Сахих Бухари, 6768)

*Атасынан баш тартуу – тозокто түбөлүккө калтыра турган каапырлык деген мааниге ээ эмес. Анткени ал иш атасынын үстүндөгү акысын четке каккандык. Андыктан ал күнөөкөр болот.

Саад ибну Абу Ваккас, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте «Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким башка бирөөнү өзүнүн атасы эмес экенин билип туруп аны ата кылып алса, анда ал адамга бейиш арам».[1]

12. АТА-ЭНЕГЕ СӨЗ ТИЙГИЗБӨӨ

Абдуллах ибну Амр, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чындыгында эң чоң күнөөлөрдүн бири – бул өз ата-энесине каргыш айтуусу. Ошондо: «Оо, Аллахтын Элчиси! Адам кантип өз ата-энесин каргыштайт?» – деп суралганда: «Адам башка адамдын атасын сөгөт. Андан кийин ал анын атасын жана апасын сөгөт» – деп жооп берди».[2]

## ТУУГАН-УРУК МЕНЕН БОЛГОН АДЕПТЕР

1. АЛАРДЫН АЛ-АКЫБАЛЫН СУРАП ТУРУУ ЖАНА ЖҮРӨКТӨРҮНӨ КУБАНЫЧ ТАРТУУЛОО

Аллах таала айтты:

«Бири-бириңерден анын (Аллахтын аты) менен суроодо Аллахтан корккула жана тууганчылык байланышты (үзүп коюудан) сактангыла».[3]

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, риваят кылат:

«Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Ким ырыскысынын көбөйүүсүн жана өмүрүнүн узаруусун кааласа, анда ал тууганчылык байланышты бекемдесин».[4]

Абдуллах ибну Салам, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Медина шаарына хижрат* кылып көчүп келгенде, адамдар шашылып аны көздөй жөнөштү. Ошондо: «Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, келди. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, келди. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, келди» – деп үч жолу айтылганда, мен дагы көрөйүн деп адамдарды аралап келдим. Мен анын жүзүн жакшылап көрөрүм менен эле чындыгында мунун жүзү жалганчынын жүзү эмес экенин билдим. Ошондо анын сөздөрүнөн менин биринчи уккан нерсем мындай болчу: «Оо, элдер! Саламды жайылткыла. Тамактандыргыла. Тууганчылык байланышты бекемдегиле. Түнкүсүн адамдар уктап жатканда намаз окугула. Ошондо силер бейишке амандыкта киресиңер».[5]

*Хижрат – бул Меккеден же башка жерлерден өз мекендерин, жакын туугандарын дин үчүн таштап Мадина шаарына көчүү.

2. ТУУГАН-УРУК МЕНЕН ТУУГАНЧЫЛЫК БАЙЛАНЫШТЫ ҮЗБӨӨ

Аллах таала айтты:

[1] (Сахих Бухари, 4327)
[2] (Сахих Бухари, 5873)
[3] (Ниса сүрөөсү, 1)
[4] (Сахих Бухари, 2067)
[5] (Сунан Ибну Маажах, 3251)

«Эгерде (Аллахтын шариятынан) жүз бурсаңар, анда жер бетинде бузукулук кылып, өз ара тууганчылык байланышты үзүшүңөр мүмкүн. Андай адамдарга Аллах каргыш айтып, кулактарын дүлөй, көздөрүн сокур кылат!».[1]

Жубейр ибну Мутим, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Тууганчылык байланышты үзгөн адам бейишке кирбейт».[2]

3. АДАШКАН ТУУГАНДАРДЫ ТУУРА ЖОЛГО ЧАКЫРЫП, ТУУГАНЧЫЛЫК БАЙЛАНШЫТЫ БЕКЕМДӨӨ

Аллах таала айтты:
«Жакын туугандарыңа (тозок азабыны) эскерт!».[3]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Жакын туугандарыңа (тозок азабыны) эскерт!» деген аят түшкөндө Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Курайш элин чакырды. Алар чогулган кезде Пайгамбар аларга жалпысына жана жекече мындай деп кайрылды: «Эй, Мурро ибну Каабтын урпактары! Өзүңөрдү тозоктон куткаргыла! Эй, Абдушамстын урпактары! Өзүңөрдү тозоктон куткаргыла! Эй, Абдуманафтын урпактары! Өзүңөрдү тозоктон куткаргыла! Эй, Хашимдин урпактары! Өзүңөрдү тозоктон куткаргыла! Эй, Абдулмутталиптин урпактары! Өзүңөрдү тозоктон куткаргыла! Эй, Фатима! Өзүңдү тозоктон куткар! Чындыгында мен Аллахтын алдында силер үчүн эч нерсеге ээлик кыла албайм. Бир гана тууганчылык байланышыңар бар аны бекемдеш керек болгондо бекемдейм».[4]

4. ТУУГАНДАРДЫН АРАСЫНДА КЕДЕЙЛЕРИ БОЛСО АЛАРГА САДАКА БЕРИП ТУУГАНЧЫЛЫК БАЙЛАНШЫТЫ БЕКЕМДӨӨ

Салман ибну Аамир, радыяллаху анху, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Кедейге берилген садака үчүн садаканын сообу берилет. Ал эми тууганга берилген садака үчүн эки сооп берилет: садака жана тууганчылык байланышты бекемдөө».[5]

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:

«Абу Талха Мадинадагы ансарлардын арасынан курма багы көп эң бай адамдардан эле. Ага байлыктарынын арасынан эң жагымдуусу Байруха деген курма багы болчу. Ал курма багы Пайгамбардын мечитине карама-каршы жайгашкан. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кээде ал курма бакка кирип таза суусунан ичип турган. Анас, радыяллаху анху, айтты: «Качан гана Аллахтан: «Силер өзүңөр жакшы көргөн нерсени (Аллах жолунда) сарптамайынча жакшылыкка жете албайсыңар» – деген аят түшкөн кезде, Абу Талха Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: «Оо, Аллахтын Элчиси! Чындыгында Аллах таала: «Силер өзүңөр жакшы көргөн нерсени (Аллах жолунда) сарптамайынча жакшылыкка жете албайсыңар» – деп айтты? Чындыгында менин байлыгымдын арасынан мага жакканы бул – Байруха (курма багы). Ал курма багым Аллах ыраазылыгы үчүн садака болсун! Ушул жакшы иш аркылуу (сооп) камдоону Аллахтан үмүт кылам. Абу Талха: «Оо, Аллахтын Элчиси! Каалаганыңыздай иштете бериңиз. (Бул ишти) Аллах көрүп турат» – деп айтты. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Эң жакшы! Бул байлык жакшы киреше алып келет, өтө кирешелүү байлык! Сен ушул (садаканы) тууган-туушкандарыңа бөлүп

[1] (Мухаммад сүрөөсү, 22-23)
[2] (Сахих Муслим, 2556)
[3] (Шуара сүөөсү, 214)
[4] (Сахих Муслим, 204)
[5] (Сунан Тирмизи, 658)

бергениңди туура көрүп турам» – деп айтты. Абу Талха: «Оо, Аллахтын Элчиси! Сиз айткандай кылам» – деп айтты да, андан кийин Абу Талха туугандарына жана агаларынын балдарына бөлүп берди».[1]

5. ЖАКЫН ТУУГАНДАРГА БЕЛЕК БЕРИП ТУРУУ

Курайб, радыяллаху анху, айтты:

«Маймуна энебиз бир күнү кол астындагы күңүн Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдан, уруксат сурабай эле азат кылып жиберет. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, аялдарынан Маймуна энебизге кезеги келгенде: «Оо, Аллахтын Элчиси! Күңдү азаттыкка чыгарып жибергенимди байкадыңызбы?» – деп сурады. Ошондо Пайгамбар: «Сен чындап эле азаттыка чыгарып жибердиңби?» – деп сурады. Маймуна эне: «Ооба» – деп айтканда, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Эгер сен ал күңдү тайкелериңе бергенде, анда сага андан дагы көп сооп берилмек» – деп айтты».[2]

6. ТУУГАНЧЫЛЫК МАМИЛЕНИ БУЗГАНДАРГА ЖАКШЫ МАМИЛЕ КЫЛЫП БАЙЛАНЫШТЫ КҮЧӨТҮҮ

Аллах таала айтты:

«(Тууганчылык мамилени) жакшырткандар Аллахтын буйругу менен (тууганчылык мамилелерин) бекемдеп жатышат. Алар Раббисинен жана жаман суракка туш болуп калуудан коркушат».[3]

Абдуллах ибну Амр, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Тууганчылык мамилени бекемдөө – бул тууганы ага кандай жакшылык кылса ага дагы жакшылык кылуу эмес, тууганчылык мамилени бузган туугандары менен жакшы мамиле түзүү».[4]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте бир адам Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип мындай деди:

«Оо, Аллахтын Элчиси! Чындыгында менин туугандарым бар. Мен алар менен тууганчылык мамилени бекемдейин деп аракет кылам, бирок алар ал мамилени бузушат. Мен аларга жакшылык кылам, алар мага жамандык кылышат. Мен аларга сылык мамиле кылам, алар мага сабатсызга мамиле кылгандай мамиле кылышат» – деп айтты. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Чындыгында сен айткандай болсо, анда сен алардын ооздорун ысык чок менен толтургандай болосуң. Эгерде сен бул айткандарыңды кыла берсең, Аллах сага алардын зыянына жардамчы жөнөтөт».[5]

7. ТАЙ ЭЖЕ ЭНЕГЕ БАРАБАР

Бараа ибну Аазиб, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Чындыгында тай эже энеге барабар (эненин ордунда)» – деп айтты.[6]

8. НИКЕ ЖҮРӨ ТУРГАН АЯЛ ЗАТЫ МЕНЕН ЖАЛГЫЗ КАЛБОО

Аллах таала айтты:

«Ыймандуу аялдарга айт: (Бөтөн эркектерди кароодон) жана жыныс мүчөлөрүн (зынадан) сакташсын! (көрсөтпөй коюга мүмкүн болбогон жеринен башка) сулуулуктарын көрсөтпөсүн. Жоолуктары менен көкүрөктөрүн жабышсын! Жана сулуулугун көргөзүшпөсүн! Бир гана күйөөлөрүнө же аталарына же,

[1] (Сахих Бухари, 2769)
[2] (Сахих Бухари, 2592)
[3] (Раад сүрөөсү, 21-аят)
[4] (Сахих Бухари, 5991)
[5] (Сахих Муслим, 2558)
[6] (Сахих Бухари, 2800)

кайнаталырына же, балдарына же, өз балдарына же, ага-инилерине же, ага-инилеринин балдарына же, эже-сиңдилеринин балдарына же өзүнүн (мусулман) аялдарына же, кулдарына же, (аялга) кызыгуусу калбаган (картайган) эркек кызматчыларына же, аялдардын ауратторынын* айырмасын билбеген жаш балдарга (көрүнсө күнөө болбойт). Жашыруун сулуулуктарын көрсөтүш үчүн буттарын жерге урбасын! Оо, ыймандуулар! Баарыңар Аллахка гана тообо кылгыла. Балким азаптан кутуларсыңар».[1]

*Адам баласынын алды жанан атркы уяттуу жерлери. Тактап айтканда эркектердин киндигинин астынан тизесинин астына чейин, ал эми аялдардын бети, эки колу, эки бутунан башка бүт денеси аурат болуп саналат.

9. ЭРКЕК КИШИ БИР ТУУГАНЫНЫН АЯЛЫ МЕНЕН ЖАЛГЫЗ КАЛУУДАН ИСЛАМ ДИНИ ӨЗГӨЧӨ ТЫЯТ

Укбат ибну Аамир, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Аялдардын үстүнө кирип баруудан сак болгула!». Ошондо ансарлардан бир киши айтты: «А эгер күйөөсүнүн эркек туугандары кирсечи?». Аллахтын Элчиси: «Күйөөсүнүн эркек туугандары – бул өлүм» – деп айтты.[2]

Ибну Аббас, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Бөтөн эркек менен жалгыз калбагыла! Бир гана (никеси жүрбөгөн) тууганчылыгы бар эркектен башка» – деп айтканда, бир адам туруп: «Оо, Аллахтын Элчиси! Аялым ажылык өтөгөнү бара жатат, а менин атым согушка баруучулардын катарына жазылып калган» – деп айтканда, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Кайткын! Барып аялың менен бирге ажылык кылгын!» – деп айтты.[3]

## КОШУНА МЕНЕН БОЛГОН АДЕПТЕР

1. КОШУНАГА ЫЗА БЕРБӨӨ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким Аллахка жана кыямат күнүнө ишенсе, анда ал кошунасын сыйласын. Ким Аллахка жана кыямат күнүнө ишенсе, анда ал коногун сыйласын. Ким Аллахка жана кыямат күнүнө ишенсе, анда ал жакшы сөз сүйлөсүн же унчукпасын».[4]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Бир киши: «Оо, Аллахтын Элчиси! Чындыгында баланча аял өтө көп намаз окуганын айтты. Бирок ал аял кошунасына тили менен ыза берет экен» – деп айтты. Ошондо Аллахтын Элчиси: «Анда ал тозокто» – деди. Анда ал киши: «Оо, Аллахтын Элчиси! Чындыгында баланча аял аз намаз окуганын жана аз орозо кармаганын айтып бир бөлүк быштак болсо да садака кылганын айтты. Бирок ал аял кошунасына ыза бербейт экен». Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Анда ал бейиште» – деди».[5]

2. КОШУНАСЫН ЖАМАНДЫКТАРДАН САКТОО

---

[1] (Нур сүрөөсү, 31-аят)
[2] (Сахих Бухари, 5232)
[3] (Сахих Бухари, 5233)
[4] (Сахих Бухари, 6018)
[5] (Сунан Ибну Маажах, 5764)

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Ким кошунасын жамандыктардан аман койбосо, анда бейишке кирбейт».[1]

3. КОШУНАНЫ СЫЙЛОО

Абу Шурайх аль-Адавий, радыяллаху анху, айтты:
«Мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын эки кулагым менен угуп эки көзүм менен көрдүм: «Ким Аллахка жана кыямат күнүнө ишенсе, анда ал кошунасын сыйласын. Ким Аллахка жана кыямат күнүнө ишенсе, анда ал коногун сыйлоо акысын берсин».

Абу Шурайх: «Оо, Аллахтын Элчиси! Коноктун акысын кандай берет?» – деп сураганда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Бир күн бир түн же үч күн сыйлоо. Эгерде андан көп сыйласа, анда ал садака болот. Ким Аллахка жана кыямат күнүнө ишенсе, анда ал жакшы сөз сүйлөсүн же унчукпасын».[2]

Абу Шурайх аль-Хузаи, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Ким Аллахка жана кыямат күнүнө ишенсе, анда ал кошунасына жакшылык кылсын. Ким Аллахка жана кыямат күнүнө ишенсе, анда ал коногун сыйласын. Ким Аллахка жана кыямат күнүнө ишенсе, анда ал жакшы сөз сүйлөсүн же унчукпасын».[3]

4. КОШУНАГА КӨҢҮЛ БУРУУ

Ибну Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Жебреил периште мага кошунаны сыйлоону кайра-кайра осуят кыла бергендиктен, ал да мурас алабы деп ойлоп кеттим».[4]

5. КОШУНАГА ТАМАК ЖЕ БАШКА НЕРСЕЛЕРДИ БЕЛЕК КЫЛЫП ТУРУУ

Абу Зар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Эй, Абу Зар! Эгерде шорпо кайнатсаң, анда суусун көбүрөөк куй да кошуналарыңа (берип) аларга көңүл буруп тур».[5]

6. КОШУНАНЫН НАМЫСЫН ЖАНА МАЛ-МҮЛКҮН САКТОО

Микдад ибну Асвад, радыяллаху анху, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, сахабаларынан зына тууралуу сурады. Сахабалар: «Ал арам. Аллах жана Анын Элчиси арам кылган» – деп айтышты. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Бир киши кошунасынын аялы менен зына кылганга караганда он аял менен зына кылгандын (азабы) жеңил» – деп айтты.

Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, сахабаларынан уурулук тууралуу сурады. Сахабалар: «Ал арам. Аллах жана Анын Элчиси арам кылган» – деп айтышты. Ошондо Аллахтын

---

[1] (Сахих Муслим, 46)
[2] (Бухари 6019)
[3] (Сахих Муслим, 48)
[4] (Сахих Муслим, 2526)
[5] (Сахих Муслим, 2625)

Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Кошунанын үйүнөн уурдаганга караганда он үйдөн уурдагандын (азабы) жеңил» – деп айтты».[1]

Ислам дини кошунанын намысын жана мал-мүлкүн чоң күнөөлөрдөн жогору коёт. Зына кылуу жана уурулук кылуу чоң күнөө. Ошондуктан кошунага ыза бергендин азабы он эсе күчтүү.

7. ЖАКЫН ЖАЙГАШКАН КОШУНАДАН БАШТАП БЕЛЕК БЕРҮҮ

Аиша, радыяллаху анха, айтты:
«Мен: «Оо, Аллахтын Элчиси! Менин эки кошунам бар. Кимисине белек берсем экен?» – деп сурадым. Анда ал: «Кимисинин эшиги сага жакын болсо, ошого бер» – деп айтты».[2]

8. КОШУНАГА СҮТ БЕРҮҮ

Урва, рахимахуллах, риваят кылган хадисте: «Аиша радыяллаху анха, мага мындай деп айтты:

«Биз жаңы айдын чыкканын жана андан кийинки чыккан жаңы айды көрөт элек. Ошентип эки айда үч жаңы айдын чыкканын көрчүбүз. Бирок ошол убакта Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, үйлөрүндө очок жагылбайт эле». Урва, рахимахуллах: «Оо, таеже! Анда сиздер эмне жеп жашайт элеңиздер?» – деп сурадым. Ал: «Суу жана курма менен күн өткөрөт элек. Бирок кээ бирде Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, кошуна болуп жашаган ансарларда сүтүн саап алуу үчүн ижарага алынган малдары болгон. Ошонун сүтүнөн Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, беришет эле. Биз ошол сүттөн ичет элек» – деп айтты».[3]

9. КОШУНАНЫН АРЗЫБАГАН БЕЛЕГИ БОЛСО ДА ЧАНБАСТАН АЛУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эй, мусулман аялдар! Бир кошуна аял башка кошунасын бергенин чанбасын. Койдун туягы болсо да алсын».[4]

10. ЭГЕР КОШУНА МУКТАЖ БОЛСО ЭКИ КОШУНАНЫН ОРТОСУНДАГЫ ДУБАЛДЫ ПАЙДАЛАНУУДАН ТЫЙБОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Кошуна кошунасыны экөөнүн ортосундагы дубалга тактай орнотуусун тыйбасын».

Абу Хурайра, радыяллаху анху, ушул хадисти айткандан кийин: «Эмнеге мен силерди бул өкүмдөн баш тартып жатканыңарды көрүп турам? Аллахка ант болсун! Эгерде ыраазы болбосоңор, тактайды дубалга эмес, ийиниңерге асамын» – деп айтты.[5]

11. ӨЗҮНӨ ЖАКШЫ КӨРГӨН НЕРСЕНИ КОШУНАГА ДА ЖАКШЫ КӨРҮҮ

Анас, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силер өзүңөргө жакшы көргөн нерсени бир тууганыңарга жакшы көрмөйүнчө толук ыймандуу боло албайсыңар».

Башка риваятта:

---

[1] («Адаб аль-Муфрад», 103, 1/50)
[2] (Сахих Бухари, 2259)
[3] (Сахих Бухари, 2567)
[4] (Сахих Бухари, 2566)
[5] (Сахих Бухари, 2463)

«Силер өзүңөргө жакшы көргөн нерсени кошунаңарга жакшы көрмөйүнчө толук ыймандуу боло албайсыңар» – деп айтылат.[1]

## ЖАЛПЫ МУСУЛМАН БИР ТУУГАНДАР МЕНЕН БОЛГОН АДЕПТЕР

1. ЖАКШЫ КУЛК-МҮНӨЗ

Абу Зар, радыяллаху анху, айтты:
«Мага Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты: «Кайда болсоң да Аллахтан корк. Жана күнөө иштин артынан аны кетирген жакшы иш-аракеттерди кыл. Ошондой эле адамдарга жакшы адеп-ахлак менен мамиле кыл».[2]

Абу Дарда, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтып жатканын уктум: «(кыямат күнү) таразага коюла турган нерселердин ичинен жакшы кулк-мүнөздөн да оор нерсе болбойт. Чындыгында кулк-мүнөздүү адам өзүнүн кулк-мүнөзү менен көптөгөн нафил орозолорду кармаган жана көптөгөн нафил намаздарды окуган адамдын даражасына жетет».[3]

2. МУСУЛМАН БИР ТУУГАНДАРДЫН АЙЫПТАРЫН ЖАШЫРУУ

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Мусулман мусулмандын бир тууганы. Ага зулум кылбайт жана жардамсыз таштабайт. Ким мусулман бир тууганынын муктаждыгын кетирсе, анда Аллах анын муктаждыгын кетирет. Ким мусулманды бир кыйынчылыктан чыгарса, анда Аллах аны кыямат күнүнүн кыйынчылыктарынын биринен чыгарат. Ким бир мусулмандын (айыбын) жашырса, анда Аллах кыямат күнү анын айыбын жашырат».[4]

3. ЖАКШЫ ДОСТОРДУ ТАНДОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Адам өз досунун growth динде болот. Андыктан ар бириңер кимди дос тутуп жатканына карасын».[5]

Абу Саид аль-Худри, радыяллаху анху, Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтып жатканын риваят кылат:

«Ыймандууну гана дос туткун жана тамагыңды такыба адам гана жесин».[6]

4. ЖАМАН АДАМДАР МЕНЕН ДОСТОШУУДАН АЛЫС БОЛУУ

Аллах таала айтты:
«Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген адамдардан Аллахка жана Анын Элчисине душмандык кылгандарды жакшы көргөндөрдү таппайсың».[7]

Аллах таала айтты:

«Биз Өзүбүздү эстөөдөн жүрөгүн бейкапар кылып койгон жана өз каалоосун гана ээрчиген адамга моюн сунба!. Анын кылган иш-аракеттери кыйрады».[8]

---

[1] (Сахих Муслим, 45)
[2] (Сунан Тирмизи, 1987)
[3] (Сунан Тирмизи, 2003)
[4] (Сахих Бухари, 2442)
[5] (Сунан Тирмизи, 2378)
[6] (Сунан Тирмизи, 3395)
[7] (Мужадала сүрөөсү, 22-аят)
[8] (Кахф сүрөөсү, 28-аят)

Аллах таала айтты:

«Аллахка тообо кылган адамдын жолун ээрчи».[1]

Абу Муса ал-Ашари, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Чындыгында жакшы дос менен жаман достун айырмасы, атыр сатуучу менен көөрүк үйлөөчү сыяктуу. Атыр сатуучу сага атырды белек кылат, же андан атыр сатып аласың, же болбосо андан жагымдуу жыт чыгып турат. Ал эми көөрүк үйлөөчүнүн жанында болсоң же кийимиңди күйгүзөт, же болбосо андан жагымсыз темирдин жыты келип турат».[2]

5. МУСУЛМАН БИР ТУУГАНДАР МЕНЕН БОЛГОН МАМИЛЕДЕ УЯТТУУЛУКТУ САКТОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ыйман жетимиштен ашуун бөлүктөрдөн турат. Алардын эң жогоркусу – «Лаа илааха иллаллах» келмеси жана эң төмөнкүсү – жолдогу зыяндуу нерсени алып таштоо. Ал эми уяттуулук – ыймандын бөлүктөрүнүн бир бөлүгү».[3]

6. ЖЫЛУУ ЖҮЗ МЕНЕН МАМИЛЕ КЫЛУУ

Абу Зар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Мусулман бир тууганыңдын жүзүнө жылмаюуң сен үчүн садака».[4]

7. УБАДАНЫ АТКАРУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Мунафыктын белгиси үчөө: Эгер сүйлөсө, жалган сүйлөйт. Аманат коюлса, ага кыянат кылат. Убада берсе, убадасын аткарбайт».[5]

8. ҮЗҮРҮН КАБЫЛ АЛУУ

Саад ибну Убада, радыяллаху анху, айтты:

«Эгерде мен аялым менен бирөөнү көрүп калсам, анда мен аны кылычтын мизи менен чаап таштамакмын» – деп айтат. Анын бул айткан сөзү Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, жетет. Ошондо ал мындай дейт: «Сааддын кызганчаактыгына таң калып жатасыңарбы? Анда мен Аллах менен касам ичип айтамын, мен андан дагы кызганчаакмын! Аллах менден да кызганчаак. Аллах кызганчаактыгынан бузукулук иштердин ашкересин да, купуясын да арам кылды. Аллахтан да кызганчаак эч ким жок. Ошондой эле үзүрдү Аллахтан да өтүп жакшы көргөн эч ким жок. Ошол себептен Аллах сүйүнчүлөөчү жана эскертүүчү элчилерди жиберген. Мактоону Аллахтан да жакшы көргөн эч ким жок. Ошол себептен Аллах (пенделерине) бейишти убада кылды».[6]

[1] (Лукман сүрөөсү, 15-аят)
[2] (Сахих Бухари, 2101)
[3] (Сахих Бухари, 9)
[4] (Сунан Тирмизи, 1956)
[5] (Сахих Бухари, 33)
[6] (Сахих Муслим, 1499)

9. МУСУЛМАН БИР ТУУГАНДАРГА ЖАРДАМ БЕРҮҮ

Амр ибну Динар Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, кээ бир сахабаларынан риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Аллахка эң сүйүктүү адам – башкаларга пайдасын көп тийгизген адам. Аллахка эң сүйүктүү иш-аракеттер; мусулмандын (жүрөгүнө) киргизген сүйүнүч же анын кайгысын кетирүү же анын карызын өтөө же анын ачкалыгын кетирүү. Мен үчүн мусулман бир тууганым менен барып анын ишин бүтүргөнүм ушул мечитте (Медина мечитинде) бир ай этикаф кылгандан көрө жакшыраак. Ким ачуусун тыйса, Аллах анын айыбын жашырат. Эгерде ким (бирөөгө болгон ачуусун) ишке ашырууну каалаunion, ал нерсени ишке ашыруу колунан келип турса да ачуусун басса, анда кыямат күнү Аллах анын жүрөгүн үмүткө толтурат. Эгерде ким мусулман бир тууганы менен анын иши бүткөнгө чейин чогу жүрсө, анда (кыямат күнү Сырот көпүрөсүндө) башкалардын буту тайып жатканда Аллах анын бутун бекемдейт. Албетте уксус балды бузгандай жаман мүнөз да иш-аракеттерди бузат».[1]

10. МУСУЛМАН БИР ТУУГАН ЖАРДАМГА МУКТАЖ БОЛСО АГА ЖАРДАМ БЕРҮҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деди:

«Ким мусулман бир-тууганын бул дүйнө кайгыларынан бирин кетирсе, Аллах аны кыямат күнүн кайгыларынан бирин кетирет. Ким мусулмандын (айыбын) жашырса, Аллах анын (айыбын) бул дүйнөдө жана акыретте жашырат. Ким кыйынчылыкка кабылган адамдын (ишин) жеңилдетсе, Аллах анын (абалын) бул дүйнөдө жана акыретте жеңилдетет. Эгерде адам мусулман бир тууганынын жардамында болсо, анда Аллах анын жардамында болот. Ким илим издеп жолго чыкса, Аллах ал себептүү анын бейишке карай жолун жеңилдетет. Кайсы бир топ адамдар Аллахтын үйлөрүнүн биринде чогулушуп Аллахтын Китебин (Куранды) окушуп, аны бири-бирине үйрөтүшсө, аларды периштелер курчап алышат жана аларга бейпилдик түшүп, Аллахтын мээрими ороп алат. Ошондой эле Аллах аларды Өзүнүн алдындагы (периштелер) алдында эскерет. Ал эми ким иш-аракеттерине кайдыгер караса, (Акыретте) анын ата-теги аны бийик даражаларга көтөрбөйт».[2]

11. МУСУЛМАН БИР ТУУГАНЫН ЗЫЯРАТ КЫЛУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Бир күнү бир адам башка айылда жашаган мусулман бир тууганын зыярат кылганы чыкканда Аллах таала бир периштеге ал адам өтө турган жерде күтүп туруусун буйруду. Качан ал адам ал жерге келгенде периште андан: «Каякка бара жатасың?» – деп сурады, ал адам: «Бул айылда жашаган мусулман бир тууганымды зыярат кылганы бара жатам» – деп жооп берди. Периште: «Сен ал адамга кандайдыр бир жакшылык кылып, эми ошол жакшылыктан бир нерсе үмүт кылып баратасыңбы?» – деп сурады. Ал адам: «Жок, чындыгында мен ал адамды Аллах үчүн жакшы көрөм» – деп айтканда, периште: «Чындыгында мен Аллах тарабынан жиберилген периштемин. Сен ал адамды Аллах үчүн жакшы көрсөң, анда Аллах дагы сени жакшы көрдү».[3]

Муаз ибну Жабал, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Аллах таала айтты: «Мен үчүн бири-бирин жакшы көргөндөрдү, Мен үчүн чогулуп отургандарды, Мен үчүн бирин-бири зыярат кылгандары, Мен үчүн бири-биринен эч нерсесин аябагандарды жакшы көрөм».[4]

---

[1] (Ас-Силсилат ас-Сахиха, 906)
[2] (Сахих Муслим, 2699)
[3] (Сахих Муслим, 2567)
[4] (Ат-Таргиб, 3020)

12. МУСУЛМАН БИР ТУУГАНЫНЫН АРКАСЫНАН ЖАМАН СӨЗ СҮЙЛӨБӨӨ

Аллах таала айтты:
«Силерден бирөөңөр өлүк бир тууганынын этин жегенди жактырабы? Жактырбайсыңар! Аллахтан корккула! Аллах тооболорду Кабыл кылуучу, Боорукер».[1]

Абу Дарда, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алехи уа саллам, айтты:

«Ким мусулман бир тууганынын абийирин сактаса (ушактабаса), кыямат күнү Аллах анын жүзүн оттон сактайт».[2]

13. ӨЗҮНӨ КААЛАГАН НЕРСЕНИ БАШКАГА ДА КААЛОО

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силер өзүңөргө жакшы көргөн нерсени (мусулман) бир тууганыңарга жакшы көрмөйүнчө ыйманыңар толук болбойт».[3]

14. МУСУЛМАН БИР ТУУГАНЫНА АЧУУЛАНБОО

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:
«Чындыгында ачуулануу – бул шайтандан. Ал эми шайтан оттон жаралган. Ал эми от суу менен өчөт. Эгер силердин бирөөңөрдүн ачуусу келсе, анда даарат алсын».[4]

15. МУСУЛМАН БИР ТУУГАНЫНА ДУБА КЫЛУУ

Абу Дарда, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Кайсы бир мусулман өзүнүн мусулман бир тууганы көзү жок кезде ага дуба кылса, анда периште: «Сага да ушундай болсун» – деп айтып турат. [5]

16. МУСУЛМАН БИР ТУУГАНЫНА КИЧИ ПЕЙИЛ БОЛУУ ЖАНА АЛАРГА БОЙ КӨТӨРБӨӨ

Ыяад ибну Химар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, күндөрдүн биринде кутба кылып жатып мындай деп айтты:

«Чындыгында Аллах мага, бирин үстүнөн бири мактанбоосу үчүн жана бирин-бири басынтып какпоо үчүн кичипейил болууңарды вахий* кылды».[6]

*Аллах тааланын Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллмга түшүргөн кабары.

17. МУСУЛМАН БИР ТУУГАНЫНЫН СЫРЛАРЫН САКТОО

Жабир, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде бир киши бир сөз айтып андан кийин бурулуп кетсе, анда анын сөзү аманат болот».[7]

18. МУСУЛМАН БИР ТУУГАНЫНА НАСААТ АЙТУУ

---

[1] (Хужурат сүрөөсү, 12-аят)
[2] (Сунан Тирмизи, 1931)
[3] (Сахих Бухари, 13)
[4] (Сунан Абу Дауд, 4784)
[5] (Сахих Муслим, 2733)
[6] (Сахих Муслим, 2865)
[7] (Сунан Тирмизи, 1959)

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:
«Дин – бул насаат». Ошондо сахабалар: «Ким үчүн?» – деп сурашты. Пайгамбарыбыз: «Аллах үчүн, Анын Китеби үчүн жана Анын Элчиси үчүн. Ошондой эле мусулмандардын башчылары жана жалпы мусулмандар үчүн» – деп жооп берди.[1]

19. МУСУЛМАН БИР ТУУГАНЫН ҮЧ КҮНДӨН КӨП МАМИЛЕ КЫЛБАЙ ТАШТАП КОЙБОО

Абу Аюб аль-Ансари, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Бир кишиге мусулман бир тууганын үч түндөн көп мамиле кылбай таштап коюусу жакшы эмес. Ал экөөсү жолукканда беркиси да жүз буруп наркысы да жүз бурат. Ал экөөсүнүн эң жакшысы саламды биринчи айтканы».[2]

20. МУСУЛМАН БИР ТУУГАНЫН АРТЫНАН УШАКТАБОО

Хузайфа, радыяллаху анху, Усман, радыяллаху анхуга, айтты:
«Мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын: «Ушакчы бейишке кирбейт» – деп айтып жатканын уктум».[3]

**ООРУЛУУ АДАМДЫ ЗЫЯРАТ КЫЛУУНУН АДЕПТЕРИ**

1. АГА АЛЛАХТАН ШЫПАА ТИЛЕП ДУБА КЫЛУУ

Аиша бинт Саад, радыяллаху анха, риваят кылган хадисте атасы Саад, радыяллаху анху, айтты:

«Күндөрдүн биринде Меккеде жүргөн кезде катуу ооруп калгандыгымдан Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мени зыярат кылып келди.

Ошондо мен Пайгамбарга айттым:

Оо, Аллахтын Пайгамбары! Мен мал-мүлкүмдү калтырып жатамын. Менде жалгыз кызым бар. Андыктан мал-мүлкүмдүн үчтөн экисин осуят кылып таратып салып, кызыма үчтөн бирин калтырсам болобу? Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам:

– Жок – деди. Мен:

– Анда мал-мүлкүмдүн жарымын осуятка берип, жарымын калтырсамчы? – десем, дагы да ал:

– Жок – деди.

– Анда мал-мүлкүмдүн үчтөн бирин осуятка берип, кызыма үчтөн экисин калтырайын?

– Үчтөн бири – деди да – Үчтөн бири да көптүк кылат – деп айтты.

Андан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, колун бешенеме койду да бетимди жана ичимди сүрттү. Анан: «Оо, Аллах! Саадка шыпаа бер. Жана анын хижратын толук кыл» – деп дуба кылды. Ошондон кийин бул дүйнөдөн өткөнгө чейин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, колунун серүүндүгү бөйрөгүмдө сезилип турду».[4]

[1] (Сахих Муслим, 55)
[2] (Сахих Бухари, 6077)
[3] (Сахих Бухари, 6056)
[4] (Сахих Бухари, 5659)

Ибну Аббас, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким бир оорулуу адамды зыярат кылып барып: «Ас алуллохаль азыима, Раббал аършиль аъзыими, ан яшфийак. (Улуу Аллахтан, улуу Арштын Ээсинен сага шыпаа берүүсүн сураймын)» – деп жети жолу айтса, анда оорулуу адам өлүм оорусунда болбосо эле Аллах аны ал оорусунан сакайтат».[1]

2. ЗЫЯРАТКА КЕЛГЕН АДАМ ООРУЛУУ АДАМДЫ САБЫР КЫЛУУГА ЧАКЫРУУСУ КЕРЕК

Аллах таала айтты:
«Сабырдууларга сүйүнчүлө! Эгерде алар кыйынчылыкка кабылышса: «Чындыгында биз Аллахка таандыкбыз жана Ага гана кайтабыз» – деп айтышат. Мына ошолор үчүн Раббиси тарабынан мактоо жана ырайым бар. Мына ошолор туура жолдогулар».[2]

Абу Муса, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде адам ооруп калса же сапарга чыкса, анда оорубай жүргөн жана сапарга чыкпаган кезде аткарган иш-аракеттеринин (сооптору) жазылып тура берет».[3]

3. ООРУЛУУ АДАМГА ЗЫЯРАТКА БАРГАНДА ЖӨӨ БАРСА ЖАКШЫ

Жабир, радыяллаху анху, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, менен Абу Бакр, радыяллаху анху, мени зыярат кылганы жөө келишти. Пайгамбар менин эсиме келбей жатканымды көрдү. Суу алдырып даарат алгандан кийин мага дааратын суусун чачканда мен эсиме келдим. Ошондо мен: «Оо, Аллахтын Элчиси! Мага мал-мүлкүмдү кандай сарптоого буйрук бериңиз?» – деп сурадым. Ошол кезде «Аллах силерге балдарыңарга (мал-мүлктү таштоодо) ушундай осуят кылат...» деген аят түшөт».[4]

Саубан, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Ким ооруу адамды зыярат кылганы барса, анда ал бейиш багында болот». Ошондо: «Оо, Аллахтын Элчиси! Бейиш багында деген кандай?» – деп сурашканда, Пайгамбар: «Бейиш мөмөлөрүн терип жүргөн болот» – деп айтты».[5]

4. ООРУП ЖАТКАН АДАМГА КОЛУН КОЮП ДЕМ САЛУУ

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, оорулуу адамга келгенде же оорулуу адамы ага алып келишкенде мындай деп айтат эле: «Азхибил бааса Раббан-нааси, ишфи уа Анта Шаафи, лаа шифаа а илла шифаауака, шифаа ун лаа яугоодиру сакома. (Жамандыкты кетир Оо, адамдардын Раббиси! Шыпаа бер, Сен шыпаа берүүчүсүң, Сенин шыпааңдан башка шыпаа жок. Ооруну калтырбаган шыпаа бер».[6]

[1] (Сунан Абу Дауд, 3106)
[2] (Бакара сүрөөсү, 155-157-аяттар)
[3] (Сахих Бухари, 2996)
[4] (Сахих Муслим, 1616)
[5] (Сахих Муслим, 2567)
[6] (Сахих Бухари, 4577)

Аиша, радыяллаху анха, башка хадисте мындай деп айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, ооруп калганда өзүнө ихлас, фалак жана нас сүрөөлөрүн окуп дем салат эле. Оорусу катуу күчөгөн кезде мен ага окуп колунун берекесин үмүт кылып өз колу менен сүртөт элем».[1]

5. ООРУЛУУ АДАМГА ООРУП ЖАТКАН ЖЕРИНЕ КОЛУН КОЮП ДУБА КЫЛУУСУН ЭСКЕРТҮҮ

Усман ибну Абу Аас, радыяллаху анху, Ислам динине киргенден бери денесинен бир жерин ооруп жүргөнүн айтып Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, келгенде ал мындай деп айтты:

«Колуңду денеңдин ооруган жерине коюп: «Бисмиллах» – деп үч жолу айт. «Аьуузу биллахи уа кудротихи мин шарри маа ажиду уа ухазиру. (Аллахтан жана Анын кудуретинен мендеги оорунун жана мен сактанып жаткан нерселердин жамандыгынан коргоо сураймын)» – деп жети жолу айт».[2]

6. ООРУЛУУ АДАМДЫН АБАЛЫН ЖАКЫНДАРЫНАН СУРОО

Али ибну Абу Талиб, радыяллаху анху, Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын күйөө баласы болгандуктан калган сахабалар андан Пайгамбардын абалын сурашат эле.

Али ибну Абу Талиб, радыяллаху анху, Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бул дүйнөдөн өтүүсүнө себеп болгон оорусу менен ооруп жатканда анын жанынан чыгат. Ошондо адамдар:

«Эй, Абу Хасан!* Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, кандай таң атырды?» – деп сурашат. Ал: «Аллахка мактоолар болсун, оорусу жеңилдеп эсине келген абалда таң атырды» – деп жооп берди. Ошондо Аббас ибну Абдулмутталиб анын колунан кармап ага мындай деп айтты: «Аллахка ант болсун! Сен үч (күндөн) кийин башка бирөөгө көз каранды болосуң. Аллахка ант болсун! Мен Аллахтын Элчиси ушул оорусунан көз жумат деп турам. Чындыгында мен Абдулмутталибтин урпактары өлүм алдында жүздөрү кандай боло орун билемин. Бизди Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, алып барсаң биз андан бул иш**Кимге каларын сурайлы. Эгер биздин арабызда болсо билип алабыз. А эгер биздин арабызда болбосо, аны да билип алабыз, бизге осуят кылып кетет». Ошондо Али, радыяллаху анху: «Аллахка ант болсун! Чындыгында биз аны Аллахтын Элчисинен сурап анан бизди андан тыйган болсо, кийин аны адамдар бизге бербейт. Аллахка ант болсун! Мен аны Аллахтын Элчисинен сурабаймын» – деп айтты».[3]

*Абу Хасан – Али ибну Абу Талиб, радыяллаху анху.

**Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын жолун жолдоп, мусулмандарды баршкаруу иши халифалык.

7. ООРУУНУН КӨҢҮЛҮН КӨТӨРҮҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, дене температурасы көтөрүлүп ооруп жаткан бир кишини зыярат кылып ага мындай деп айтты:

---

[1] (Сахих Бухари, 5016)
[2] (Сахих Муслим, 2202)
[3] (Сахих Бухари, 4447)

«Сүйүнө бер, чындыгында Аллах айтты: «Ал (температура) Менин тозогум. Аны күнөөкөр пендеме жиберем анын тозоктон үлүшү болгондугу үчүн».[1]

Аллах таала мээримдүүлүгү менен жакшы көгөн мусулмандын күнөөлөрүн бул дүйнөдө оору себебинен кечирип бейшишине киргизет.

## ӨЛҮМ ТӨШӨГҮНДӨ ЖАТКАН АДАМГА КАМ КӨРҮҮНҮН АДЕПТЕРИ

1. ӨЛҮМ ТӨШӨГҮНДӨ ЖАТКАН АДАМГА ОСУЯТ КЫЛУУСУН ЭСЕКРТҮҮ

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Мусулман адамдын эки түнү өтсө, анда жанында калтыра турган осуяты жазылып туруусу керек».[2]

Саад ибну Абу Ваккас, радыяллаху анху, катуу ооруп жатканда Аллахтын Элчисине, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Оо, Аллахтын Элчиси! Мал-мүлкүмдүн баарын осуят* кылып жиберейин?». Пайгамбар: «Жок» – дейт. «Жарымынчы?» – деп айтат. Пайгамбар: «Жок» – дейт. «Анда үчтөн бирин осуят кылайын?» – деп айтат. Пайгамбар: «Үчтөн бири жарайт. Бирок үчтөн бири да көптүк кылат. Анткени сен туугандарыңды элден суранып муктаж абалда таштаганга караганда бай кылып таштаганың жакшы».[3]

*Осуят – мусулман адамга өлүм келээрден алдын мал-мүлкүнөн үчтөн бирин өзү каалаган тарапка берүүсүн артында калган урпактарына айтуусу. Калган байлыгын урпактары шарият көргөзгөн өлчөм менен бөлүп алышыт.

2. ӨЛҮМ ТӨШӨГҮНДӨ ЖАТКАН АДАМГА АЛЛАХТЫН ЫРАЙЫМЫН ЖАНА ЖАКШЫЛЫГЫН ЭСКЕРТИП ТУРУУ

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, айтты:

«Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, көз жумганга үч күн калганда мындай деп айтканын уктум: «Силердин бирөөңөр жан берип жатканда Аллах таалага жакшы ойдо болсун».[4]

Анас, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, өлүм алдында жаткан бир жигитке келип: «Абалың кандай?» – деп сурады. Ал: «Аллахка ант болсун! Оо, Аллахтын Элчиси! Мен Аллахтан үмүт кыламын жана күнөөлөрүмдөн коркуп турамын» – деп айтты. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам,: «Мына ушул абалда пенденин жүрөгүндө ушул эки сезим чогулса, анда Аллах анын үмүт кылганын берет жана коркуп жаткан нерсесинен аман калтырат» – деп айтты.[5]

3. ЖАН БЕРИП ЖАТКАН АДАМДЫН ЭРИНДЕРИН ЖАНА ТАМАГЫН СУУЛАП ТУРУУ

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, (өлүм алдында) жатканда териден болгон идиште суу турган. Ал сууга колун салып кийин бетин сүртүп: «Лаа илааха иллаллах, чындыгында өлүм

[1]Ким (Сунан Тирмизи, 2088)
[2] (Сахих Бухари, 2738)
[3] (Сахих Бухари, 2742)
[4] (Сахих Муслим, 2877)
[5] (Сунан Тирмизи, 983)

алдында жан сыздаткан ооруулар болот» – деп айтып жатты. Андан кийин колун жогору каратып: «Жогорку жамаат менен бирге кыл» – деп дуба кылып жатып жан берди. Колу да жерге түштү».[1]

4. ЖАН БЕРИП ЖАТКАН АДЫМГА КҮБӨЛҮК КЕЛМЕСИН ЭСКЕРТИП ТУРУУ

Абу Саид аль-Худрий, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Жан берип жаткан адамыңарга Лаа илааха иллаллах келмесин кайталап тургула».[2]

Муаз ибну Жабал, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Кимдин акыркы сөзү «Лаа илааха иллаллах» сөзү болсо, анда ал бейишке кирет».[3]

5. ЖАН ЧЫККАНДА ЭКИ КӨЗҮН ЖУМДУРУП АГА ДУБА КЫЛУУ

Умму Салама, радыяллаху анха, айтты:

«Абу Салама, радыяллаху анху, көз жумганда Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, үйгө кирди. Абу Саламанын көздөрү ачык бойдон калган эле. Анын көздөрүн жумдурду да: «Качан адамдын жаны чыкканда эки көз аны ээрчип карап калат» – деп айтты. Ошол замат анын туугандары бакырып ыйлап киришти. Аларга Пайгамбар: «Силер өзүңөргө жакшылыкты айтып гана дуба кылгыла. Анткени силердин айтканыңарга периштелер «Амиин» деп турушат». Андан кийин: «Оо, Аллах! Абу Саламанын күнөөсүн кечир. Даражасын көтөрүп туура жолду кармангандар менен бирге кыл. Анын артында калган жакындарын Өзүң көзөмөлдө. Бизди жана аны кечиргин, оо, ааламдардын Раббиси! Анын кабырын кең жана нурлуу кылгын» – деп ага дуба кылды».[4]

6. МАРКУМДУН МУУНДАРЫН ОРДУНА КЕЛТИРҮҮ

Аиша, радыяллаху анха, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Өлгөн адамдын сөөгүн сындыруу – тирүү адамдын сөөгүн сындырганга барабар».[5]

7. МАРКУМДУ МҮРЗӨГӨ КОЙГОНДО ЖҮЗҮН КЫБЫЛА ТАРАПКА КАРАТЫП КОЮУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ыйык Кааба – ал тирүүлөрдүн жана өлүктөрдүн кыбласы».[6]

8. МАРКУМДУ КИЙИМДЕРИН ЧЕЧИП ЖУУНТУУ

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, (каза болгондон) кийин аны жууда адамдар: «Аллахка ант болсун! Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, кадимки өлгөн адамдардай эле чечинтип жуунтабызбы же кийими менен жуунтабызбы?» – деп айтышты. Алар ушинтип тартышып чече албай жатышканда Аллах аларга уйку жиберет. Алардан бир кишинин ээги көкүрөгүнө тийип калганча катуу уктап калышат. Ошол кезде үй тараптан белгисиз бирөө: «Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, кийими менен жуугула» – деп айтат. Алар ал ким экенин билишпейт. Ошентип Пайгамбар,

[1] (Сахих Бухари, 4449)
[2] (Сахих Муслим, 916)
[3] (Сунан Абу Дауд, 3116)
[4] (Сахих Муслим, 920)
[5] (Сунан Абу Дауд, 3207)
[6] (Сунан Абу Дауд, 2874)

саллаллаху алейхи уа салламды, кийими менен жуушат. Кийиминин үстүнөн суу куюп, денесине колдорун тийгизбестен кийиминин үстүнөн сүртүшүп жуушат».

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

«Жуула турган жерин жууп жаттым. (Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды,) аялдары гана жуушту».[1]

9. МАРКУМДУ МҮРЗӨГӨ КОЙГОНДО БЕТИН АЧЫП КОЮУ

Ибну Аббас, радыяллаху анху, айтты:
«Арафатта турган кезибизде бир адам төөдөн жыгылып моюну сынып көз жумду. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Ал адамды суу жана сидр** менен жууп, эки ором кепин менен кепиндегиле. Башын ачык калтырып, кепинине жана денесине жыпар жыт сүртпөгүлө. Чындыгында Аллах ал адамды кыямат күнү «Лаббайкаллаху» деп талбия* айткан абалда тирилтет».[2]

**Араб жарым аралында өскөн сидр дарагынын жалбырагы.

*Талбия – бул «Лаббайка Аллахумма лаббайк, лаббайка лаа шариика лака лаббайк, иннал хамда, уал ниьмата, лака уал мулк, лаа шариика лак».

10. МАРКУМДУ ЖАКШЫ КЕПИН МЕНЕН КЕПИНДӨӨ

Жабир, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгер силердин бириңер (мусулман) бир тууганын кепиндей турган болсо, анда ал (мусулман) бир тууганына жакшы кепин даярдасын».[3]

11. МАРКУМДУ ЭРТЕРЭЭК МҮРЗӨГӨ КОЮУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алехи уа саллам, айтты:

«(Маркумду көмүүгө) шашылгыла. Эгер ал жакшы адам болгон болсо, анда силер аны жакшылыгына алып барган болосуңар. Эгер ал жаман адам болсо, моюнуңарга көтөргөн жамандан эртерээк кутулгула».[4]

Али ибну Абу Талиб, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эй, Али! Үч нерсени кечиктирбөө керек: намаздын убактысы келгенде, өлгөн адамды кепиндеп жерге узатууда, жесир аялдын теңи чыкса теңинен калтырбай узатууда».[5]

## МАРКУМДУ УЗАТУУНУН АДЕПТЕРИ

1. ӨЛГӨН АДАМДЫН КАБАРЫН ЖАР САЛБОО

Хузайфа ибну Яман, радыяллаху анху, айтты:

[1] (Сунан Абу Дауд, 3141)
[2] (Сахих Бухари, 1265)
[3] (Сахих Бухари, 1284)
[4] (Сахих Бухари, 1315)
[5] (Сунан Тирмизи, 171)

«Эгер мен көз жумсам мени элге жарялабагыла. Мен жар салгандык болуп калуудан коркомун. Анткени мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, өлүм туурасында жар салуудан тыйганын укканмын».[1]

2. МАРКУМДУН ЖАКЫНДАРЫ ЖААКТАРЫН ЧАПКЫЛАП КИЙИМДЕРИН ЖЫРТУУДАН АЛЫС БОЛУУСУ

Абдуллах, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Жаагын чапкылап, кийимин жырткан жана жахилияттын* адаттарына чакырган бизден эмес»**.[2]

*Исламга чейинки караңгылык доору.

**Исламга чейинки доордо маркумдун жакындары табытты узатып жатканда кийимдерин жыртышып, чачтарын жулгулашып, беттерине чапкылашып, үндөрүн бийик көтөрүшүп ыйлашкан. Исламга чейинки бул адаттарды Ислам келгенден кийин баарын тыйган. Ислам шариятында Аллах жазган тагдырга баш ийбей бул адаттарды аткаруу күнөө болуп саналат.

3. КОШОК АЙТУУДАН АЛЫС БОЛУУ

Умму Атыя, радыяллаху анха, айтты:
«Биз (Исламга кирген кезде) Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, кошок айтпайбыз деп ант бергенбиз».[3]

Абу Малик ал-Ашари, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Үммөтүм жахилияттын* төрт нерсесин калтырбайт. Алар ата-теги менен мактануу, тегине тил тийгизүү, жылдыздардан жамгыр суроо жана кошок айтуу».

Жана Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кошумчалап мындай деп айтты:

«Эгерде кошок айтып ыйлаган адам өлгөнгө чейин тообо кылбаса, анда кыямат күнү кайнаган кара майдан көйнөк жана денесин котур кылган желек кийгизилет».[4]

*Исламга чейинки караңгылык доору.

4. ЖАНАЗА НАМАЗЫНДА КӨП АДАМ БОЛГОНУ МУСТАХАБ

Мустахаб – жакшы иш-аракеттерге карата айтылат. Башкача айтканда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кээде аткарып, кээде аткарбаган иш-аракеттер. Мустахаб иш-аракеттерин аткарса сооп болот, аткарбаса күнөө болбойт.

Аиша, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Кайсыл бир адамдын жаназасында мусулмандардан жүздөй адам болуп алардын баары ага дуба кылса, анда алардын дубасы кабыл болот».[5]

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анху, айтты:

---

[1] (Сунан Тирмизи, 986)
[2] (Сахих Бухари, 1294)
[3] (Сахих Бухари, 1306)
[4] (Сахих Муслим, 934)
[5] (Сахих Муслим, 947)

«Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, айтканын уктум: «Эгерде кайсыл бир мусулман каза болуп, анын жаназасына Аллахка ширк келтирбеген кырк киши турса, анда алардын өлгөн адам үчүн кылган дубалары кабыл болот».[1]

5. ТАБЫТТЫ ЭРКЕКТЕР ГАНА КӨТӨРӨТ

Абу Саид ал-Худри, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Жаназа бүтүп табытты кишилер мойнуна көтөргөн кезде өлгөн адам солих болсо: «Мени тезирээк алып баргыла» – деп айтат. А эгерде бузуку адам болсо, анда: «Шорум кургур! Мени кайда алып бара жатышат?» – деп айтат. Анын үнүн адамдардан башка бардык жандыктар угушат. Эгерде адамдар угушса, эстерин жоготушат».[2]

6. ӨЛҮКТҮ КАБЫРГА ЫЛДАМ БАСЫП АЛЫП БАРУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте «Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Өлгөн адамды тезирээк алып баргыла. Эгерде ал солих болсо, анда жакшы жерге алып бара жатасыңар. А эгерде жаман адам болсо, анда аны тезирээк мойнуңардан аласыңар».[3]

7. ИСЛАМДА ЖОК НЕРСЕЛЕР МЕНЕН ТАБЫТТЫ УЗАТУУ БОЛБОЙТ

Ибну Шамаса аль-Махри, радыяллаху анху, айтты:
«Биз Амр ибну Аас, радыяллаху анхуну, өлүм төшөгүндө жатканда аны көрүү үчүн келдик. Ал бетин дубал тарапка буруп көпкө чейин ыйлады. Ошондо баласы атасына: «Оо, атаке! Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бейиш менен сүйүнчүлөбөдү беле? Оо, атаке! Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бейиш менен сүйүнчүлөбөдү беле?» – деп айтканда, атасы баласын карап мындай дейт: «Биз акыретке даярдаган иш-аракеттердин эң жакшысы «Лаа илааха иллаллах уа анна Мухаммадар расуулуллах» – деп күбөлүк берүү. Чындыгында мен бул жашоодо үч абалды башымдан өткөрдүм. Ислам динин кабыл алганга чейин Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламды, менден да көбүрөөк жек көргөн эч ким болгон эмес эле. Ошол кезде мага мүмкүнчүлүк болгондо аны өлтүрүп коюу мен үчүн эң жакшы иштерден болгон. Эгерде мен ошол абалда көз жумганымда тозок ээлеринен болмокмун. Андан кийин Аллах жүрөгүмдү Ислам нуру менен нурлантты. Ошондо мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип мындай деп айттым: «Оң колуңузду бериңиз, сизге баят берейин». Пайгамбар, саллаллаху алайхи уа саллам, оң колун сунганда колун бекем кармадым. Ал менден: «Эй, Амр! Сага эмне болду?» – деп сураганда: «Менин бир өтүнүчүм бар эле» – деп айттым. Ал мага: «Кандай өтүнүчүң бар?» – деп кайрадан сураганда: «Менин ушул күнгө чейинки күнөөлөрүмдүн кечирилүүсүн суранам» – деп жооп бердим. Пайгамбарыбыз, саллаллаху алейхи уа саллам: «Албетте, Ислам өзүнөн мурдагы күнөөлөрдү жууп кетирүүсүн жана хижрат менен ажылык кылуу да өзүнөн мурдагы күнөөлөрдү жууп кетирүүсүн билбейт белең?» – деп айтты. Ошондон кийин мен үчүн Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдан, да өткөн сүйүктүү жана андан да өткөн урматтуу инсандын жоктугун билдим. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламды, урматтаганымдан көзүнө тик карай алчу эмесмин. Менден «Пайгамбарыбыз кандай инсан болгон» – деп сурашканда, өзүмдү кармай албай калчумун. Мен ушундай абалда көз жумуп, бейиш ээлеринен болууну үмүт кыламын. Бирок биз бир канча убакыт бийлик кылдык. Ал бийлик тууралуу суралганымда кандай абалда калаарымды билбейм. Силерге айтаар насаатым, эгер мен көз жумсам артымдан өкүрүп ыйлоочуларды жалдабагыла. Эгер мени көмүүгө киришсеңер топуракты таштап, андан соң кабырымдын жанында менин күнөөлөрүмдү

[1] (Сахих Муслим, 948)
[2] (Сахих Бухари, 1314)
[3] (Сахих Бухари, 1315)

кечирүүсүн Аллахтан сурап күтө тургула. Раббимдин элчилери болгон, кабырдагы сурак алуучу периштелерге эмне деп жооп берүү үчүн даярдык көрөйүн».[1]

8. ТАБЫТТЫ ЖЕРГЕ КОЁРДОН МУРДА ОЛТУРБОО

Абу Саид аль-Худри, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгер табытты көрсөңөр анда, ордуңардан тургула. Ким табытты ээрчисе, анда табыт коюлганча олтурбасын».[2]

9. МАРКУМГА ИСТИГФАР ЖАНА ДУБА КЫЛЫП ТУРУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, сахабаларына Эфиопияанын падышысы Нажаши каза болгон күнү: «Бир тууганыңар үчүн истигфар айткыла» – деп айтты.[3]

10. МАРКУМ МАКТООГО ТАТЫКТУУ БОЛСО, АГА ЖАКШЫ СӨЗДӨРДҮ АЙТУУ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:
«Сахабалар бир табыттын жанынан өтүшкөндө ага жакшы сөздөрдү айтышты. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Важиб болду» – деп айтты. Андан кийин эле сахабалар башка табыттын жанынан өтүшкөндө ага жаман сөздөрдү айтышты. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ошондо да: «Важиб болду» – деп айтты. Умар, радыяллаху анху: «Эмне важиб болду?» – деп сурады. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Силер жакшы сөздөрдү айткан бул маркумга бейиш важиб болду. Ал эми силер жаман сөздөрдү айткан бул маркумга тозок важиб болду. Силер жердеги Аллахтын күбөлөрүсүңөр» – деп айтты.[4]

11. МАРКУМДУ КАБЫРГА КОЮУЧУ АДАМ БИСМИЛЛАХ, УА АЪЛА СУННАТИ РОСУЛИЛЛАХ ДЕП АЙТСЫН

Ибну Умар, радыяллаху анху, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, маркумду кабырга коюп жатканда: «Бисмиллахи уа аъла суннати росулиллах. (Аллахтын ысмы менен жана Аллахтын Элчисинин сүннөтүнө ылайык)» – деп айтат эле».[5]

## МАРКУМДУН ТУУГАНДАРЫНА КӨҢҮЛ АЙТУУНУН АДЕПТЕРИ

1. СҮННӨТТӨ КЕЛГЕН ДУБАЛАРДЫ АЙТУУ

Умму Салама, радыяллаху анха, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Абу Саламага кирип келгенде анын көзү чоң ачылып калган болот, ошондо анын көзүн жумдуруп мындай деп айтты: «Жан чыккан кезде аны көз ээрчийт». (Ошондо туугандары Абу Саламанын жаны үзүлгөндүгүн билишип) ыйлап башташат. Аллахтын Элчиси: «Өзүңөргө жакшылыкты гана тилегиле. Чындыгында периштелер силер айтып жаткан сөзүңөргө «аамиин» (кабыл болсун) деп турушат» – деп айтып, бир аздан кийин мындай деп айтты: «Оо, Аллах! Абу Саламаны кечир, аны туура жолдогулар менен даражасын көтөр, артында калгандарды Өзүң көзөмөлүңө ал. Оо, ааламдардын Раббиси! Бизди жана аны кечиргин, кабырын кең кылгын жана кабырын нурлуу кылгын».[6]

2. ӨЛГӨН АДАМДЫН ЖАКЫНДАРЫНА ТАМАК ЖАСАП БАРУУ

---

[1] (Сахих Муслим, 121)
[2] (Сахих Бухари, 1310)
[3] (Сахих Бухари, 3880)
[4] (Сахих Бухари, 1367)
[5] (Сунан Абу Дауд, 3213)
[6] (Сахих Муслим, 920)

Абдуллах инбу Жафар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Жафардын туугандарына тамак жасагыла. Чындыгында алардын башына аларды алек кылган нерсе келди».[1]

3. ЖЕТИМДИН БАШЫНАН СЫЛОО ЖАНА АГА ЖАКШЫЛЫК КЫЛУУ

Абдуллах ибну Жафар, радыяллаху анху, айтты:

«Мен жана Аббастын эки баласы Кусама менен Убайдуллах болуп жаш кезибизде ойноп жүрөт элек. Биздин жаныбыздан Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, улоосу менен өтүп бара жатып: «Муну мага көтөргүлө» – деп мени көтөрүп алдына отургузду. Анан Кусамага: «Муну да мага көтөргүлө» – деп аны да артына учкаштырды. Убайдуллах Кусамага караганда (атасы) Аббаска сүйүктүрөөк эле. Пайгамбар Кусаманы учкаштырып Убайдуллахты таштап койгондугу үчүн атасынын агасы Аббастан уялган жок. Андан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, башымды үч жолу сылап ар бир сылаганында: «Оо, Аллах! Жафарды баласы менен ордун толукта» – деп айтты».[2]

## КАБЫРЛАРДЫ ЗЫЯРАТ КЫЛУУ АДЕПТЕРИ

1. КАБЫРЛАРДЫ ЗЫЯРАТ КЫЛУУ СҮННӨТ

Бурайда, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллалалху алейхи уа саллам, айтты:

«Мен силерди кабырларды зыярат кылуудан тыйган элем. Эми силер зыярат кыла бергиле. Мен силерди курбандыктын этин үч күндөн ашык сактагандан тыйдым эле. Эми силер каалашыңарча сактай бергиле. Ошондой эле кээ бир идиштерде ачытылган ичимдиктерди ичүүдөн тыйган элем. Эми каалаган идишиңерден иче бергиле. Бирок мас кылган ичимдиктерди ичпегиле».[3]

2. КААПЫР БОЛУП ӨТКӨН АДАМДАРГА ДУБА КЫЛЫП КЕЧИРИМ СУРОО БОЛБОЙТ

Аллах таала айтты:

«Мушриктердин тозоку болгону белгилүү болгондон кийин алар жакын туугану болсо да, Пайгамбар менен ыйман келтиргендер алар үчүн кечирим сурап дуба кылуусу болбойт».[4]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Раббимден энем үчүн кечирим суроого уруксат сурадым, Ал мага уруксат берген жок. Ошондо мен энемдин кабырын зыярат кылууга уруксат сурадым, Ал мага уруксат берди».[5]

3. МҮРЗӨДӨ ЖАТКАНДАРГА САЛАМ БЕРҮҮ

Бурайда, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мүрзөгө (зыяратка) барганда сахабаларга мындай деп айтууну үйрөтчү: «Ассалааму алайкум, ахлад-дияр мин аль-муьминиина уа аль-муслимиина, уа ин наа ин шаа Аллах ла лаахикууна. Ас алуллаха ланаа уа лакумул аафия. (Ыймандуу жана мусулман кабыр ээлери! Ассаламу алейкум. Аллах кааласа, албетте биз силердин артыңардан барабыз. Өзүбүз үчүн жана силер үчүн Аллахтан амандыкты сурайм)».[6]

---

[1] (Сунан Абу Дауд, 3132)
[2] («Муснад» Ахмад, 1763)
[3] (Сахих Муслим, 977)
[4] (Тауба сүрөөсү 113)
[5] (Сахих Муслим, 976)
[6] (Сахих Муслим, 975)

4. МАРКУМГА ДУБА КЫЛУУ

Аллах таала айтты:

«Алардан (мухажирлер жана ансарлардан)* кийин келген адамдар мындай дешет: «Оо, Раббибиз! Бизди жана бизден мурун ыйман келтирген бир туугандарыбызды кечир! Биздин жүрөгүбүзгө ыйман келтиргендерге болгон жек көрүүнү салба! Оо, Раббибиз! Өзүң Ырайымдуу, Боорукерсиң!».[1]

*Ансарлар — Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, жана мухажирлерге ар тараптан жардам берген жана кең пейил болууларына сөз берген, Мадина шаарында же ушул шаарга жакын жерлерде жашаган мусулмандар.

**Мухажирлер — Мекке шаары алына электен мурда Меккеден же башка жерлерден өз мекендерин, жакын туугандарын дин үчүн таштап Мадина шаарына көчүп келгендер.

Абу Хурайра, радыяллаху анху, рываят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгер адам баласы бул дүйнөдөн өтсө, анын бардык иш-аракеттери токтоп, үч түрдүү гана (иш-аракеттеринин) сообу жетип турат. Алар: сообу уланып турган садака, (адамдар) пайдаланган илим жана салих баланын ата-энесине кылган дубасы».[2]

5. ӨЛГӨН АДАМДАРДЫ ТИЛДЕБӨӨ

Аиша, радыяллаха анха, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Өлгөн адамдарды сөкпөгүлө! Чындыгында алар аткарган иштерине жооп берүү алдында турушат».[3]

6. МҮРЗӨНҮН ҮСТҮНӨ ШАМ ЧЫРАКТАРДЫ КОЙБОО

Ибну Аббас, радыяллаху анху:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кабырды зыярат кылган аялдарга жана кабырды сыйынуучу жай кылып, кабырдын үстүнө шам күйгүзгөндөргө наалат болсун» – деп айтты.[4]

7. КАБЫРДЫ ШАРИЯТ КӨРГӨЗГӨН ТАРТИП МЕНЕН ЗЫЯРАТ КЫЛУУ

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анхума, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, көзү кызарып, үнү көтөрүлүп, аябай ачууланган абалда жана «Эртең менен душман басып келет же кечинде басып келет» – деп эскертип жаткан аскер күзөтчүсүнүн абалына түшкөн абалда кутба кылып жатып, сөөмөйү менен ортоңку манжаларын бириктирип көрсөтүп: «Мен кыямат менен ушундай аралыкта жөнөтүлдүм» – деп айтты. Андан кийин: «Чындыгында сөздүн эң жакшысы – Аллахтын Китеби. Туура жол – Мухаммаддын жолу, иштердин эң жаманы – жаңыдан пайда болгону, бардык бидат (жаңыдан пайда болго иш-аракеттер) адашуу» – деп айтты.[5]

8. КАБЫРДЫН ҮСТҮНӨ ОТУРБОО ЖАНА ЖАТПОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

---

[1] (Хашр сүрөсү 10)
[2] (Сахих Муслим, 1631)
[3] (Сахих Бухари, 1393)
[4] (Сунан Тирмизи, 320)
[5] (Сахих Муслим, 867)

«Силердин бирөөңөр чоктун үстүнө олтуруп, ал чок кийимин күйгүзүп андан өтүп денесин кошо күйгүзгөнү кабырдын үстүнө олтургандан жакшыраак».[1]

9. МЕЧИТТЕРДИ КАБЫРЛАРДЫН ҮСТҮНӨ КУРБОО

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, өлүм төшөгүндө жатканда бетине кийимин таштап, кыйналып кеткендиктен кайра бетинен алып жатты. Ал ошондой абалда жатып: «Жөөттөр менен христиандарга Аллахтын каргышы болсун! Алар пайгамбарларынын кабырларын мечит кылып алышты» – деп алардын бул кылган иштерин эскертип жатты».[2]

10. ӨЛГӨН АДАМДАН ЖАРДАМ СУРАБОО

Ибну Аббас, радыяллаху анхума, айтты:

«Бир күнү Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, аркасында учкашып турган кезимде, ал мындай деп айтты: «Эй, балакай! Сага бир сөздөрдү үйрөтөйүн: Аллахты эсте, Ал сени коргойт. Аллахты эсте, Ал сенин жаныңда болот. Эгер сурасаң Аллахтан гана сура. Эгер жардам сурасаң Аллахтан гана сура. Билгиниң! Эгер бардык адамдар чогулуп сага пайда беребиз дешсе, Аллах тагдырыңа жазганчалык гана пайда берише алат. Эгер алар чогулуп сага зыян келтиребиз дешсе, Аллах тагдырыңа жазып койгончолук гана зыян келтирише алат. Калемдер көтөрүлгөн жана барактар кургаган».[3]

## НИКЕНИН АДЕПТЕРИ

1. ЖУБАЙ ТАНДООДО ЭКИ РЕКЕТ НАМАЗ ОКУП АЛЛАХТАН СУРОО

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бизге Курандан бир сүрөө үйрөткөн сыяктуу эле бардык иштерде да истихара намазын үйрөтүп мындай деп айткан: «Качан силердин бирөөңөр кандайдыр бир ишти аткарууну кааласа, анда эки рекет намаз окуп, андан соң мындай деп дуба кылсын: Оо, Аллах! Сен билесиң, ошон үчүн Сага истихара кыламын (жакшылык сураймын). Сенин кудуретиңден күч сураймын жана Сенин улуу пазилетиңден сураймын. Чындыгында Сен Кудуреттүүсүң, мен кудуреттүү эмесмин. Сен билесиң, мен билбеймин жана Сен кайыптарды Билүүчүсүң. Оо, Аллахым! Эгерде ушул иш (өзүнүн муктаждыгын айтып) менин диниме, жашоомо жана ишимдин аягыны пайдалуу деп билсең, аны мага тагдыр кылып жеңил кыл, андан соң аны мага берекелүү кыл. А эгерде ушул иште мен үчүн динимде, жашоомдо жана ишимдин акыбетин жаман деп билсең, аны менден, мени андан алыс кыл. Мага кайда болсо да жакшылыкты тагдыр кыл. Андан соң ушул жакшылык менен мени ыраазы кыл».[4]

## ИСТИХАРА ДУБАСЫНЫН ТРАНСКРИПЦИЯСЫ:

«Аллахумма инни астахирука би илмика, уа астакдирука би кудратика, уа ас алука мин фадликал азым, фа иннака такдиру уа лаа акдиру, уа тааламу ва лаа ааламу, уа Анта аллямуль гуюби! Аллахумма ин кунта тааляму анна хазал амра (өзүнүн муктаждыгын айтат) хайрун ли фи дини, уа маъааши, уа аакибати амри, факдурху ли, уа йассирху ли, сумма барик ли фихи, уа ин кунта тааляму анна хазаль амра шаррун ли фи дини, ва маъаши ва аакибати амри, фасрифху анни васрифни анху, вакдур лияал хойро хайсу каана, сумма ардини бихи».

2. ЖУУЧУЛУККА БАРГАНДА БОЛОЧОК ЖУБАЙЫН КӨРҮҮ

---

[1] (Сахих Муслим, 971)
[2] (Сахих Бухари, 4444)
[3] (Сунан Тирмизи, 2516)
[4] (Сахих Бухари, 7390)

Мугира ибну Шууба, радыяллаху анху, бир аялдын колун сурап барганда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам:

«Аны көргүн! Анткени экөөңдүн ортоңордо сүйүү болуусу үчүн (сен аны көргөнүң) жакшыраак» – деп айтты.[1]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Мен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, менен турганымда бир киши келип Пайгамбарга Ансар уруусунан болгон бир аялга үйлөнүүсүн айтты. Ошондо Аллахтын Элчиси: «Сен аны көрдүңбү?» – деп сурайт. Ал: «Жок» - дейт. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Баргын да аны карап көргүн. Анткени Ансар уруусунун аялдарынын көздөрү бир аз башкача болот».[2]

3. ДИНДИ КАРМАНГАН КЫЗДАРГА ҮЙЛӨНҮҮ

Бул тууралуу Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

«Аялга төрт нерсесине карап үйлөнүшөт: байлыгына, ата-тегине, сулуулугуна жана динине карап. А сен динди карманганын тандагын, жакшылыктарга жетесиң».[3]

Абдуллах ибну Амр, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Бул дүйнө жашоосу убактылуу гана ырахат. Ал эми дүйнө ырахаттарынын эң жакшысы – салиха аял».[4]

4. КЫЗГА ҮЙЛӨНҮҮ

Жабир, радыяллаху анху, айтты:

«Мен бир аялга үйлөнүп андан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга келдим. Ал менден: «Эй, Жабир! Үйлөндүңбү?» – деп сурады. Мен: «Ооба»,– дедим. «Кызгабы же жубангабы?» – деп сурады. «Жубанга»,– дедим. Ал: «А эмнеге кызга үйлөнбөдүң? Сен аны эркелетип, ал да сени эркелетмек» – деп айтты».[5]

5. КӨП БАЛА ТӨРӨЙ ТУРГАН ЖАНА КҮЙӨӨСҮН ЖАКШЫ КӨРГӨН АЯЛГА ҮЙЛӨНҮҮ

Маакал ибну Ясар, радыяллаху анху, айтты:

«Бир киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: «Мен мансаптуу, сулуу аялды таптым. Бирок ал төрөбөйт экен. Ага үйлөнсөм болобу?» – деп сурадым. Ал: «Жок» деди. Андан кийин бир киши ошол эле аялды экинчи жолу алып келгенде да кайтарды. Үчүнчү ирет алып келгенде: «Силер көп бала төрөй турган жана күйөөсүн жакшы көргөн аялга үйлөнгүлө! Анткени мен силердин көптүгүңөр менен (мурдагы өткөн) үммөтөргө сыймыктанам» – деп айтты».[6]

6. КЫЗДЫН КОЛУН АТА-ЭНЕСИНЕН ЖЕ ТУУГАНДАРЫНАН СУРОО

Аиша, радыяллаху анха, риваят кылан хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Кайсы гана аялга валийден* уруксат суралбай нике кыйылса, анда анын никеси туура эмес, анда анын никеси туура эмес, анда анын никеси туура эмес. Эгерде ошол никесинде жакындык кылган болсо, анда аялды никелеп алгандыгы үчүн аялга калыңы берилет. Эгерде аялдын туугандары

---

[1] (Сунан Тирмизи,1087)
[2] (Сахих Муслим, 1424)
[3] (Сахих Муслим, 1466)
[4] (Сахих Муслим, 1467)
[5] (Сунан Насаи, 3219)
[6] (Сунан Насаи, 3227)

(никелеп берүүгө) бир пикирге келишпей калышса, анда ошол жердин башчысы валийи жокторго валий* боло алат».[1]

*Валий бул – кыздын атасы же ал жок болсо, кыздын жоопкерчилигин алган жакын эркек туугандары. Эгерде кыздын жакын туугандары да жок болсо, анда ал жердин башчысы кыздын валийси боло алат.

Абу Муса ал-Ашари, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Нике кыздын валийи аркылуу гана кыйылат».[2]

7. КАЛЫҢДЫ ӨТӨ КӨП СУРАБОО

Абу Ажфа, рахимахуллах, айтты:

«Умар ибну ал-Хаттаб, радыяллаху анху, айтты: «Көңүл бургула! Аялдардын калыңдарын көтөрбөгүлө. Анткени бул дүйнөдө Аллахка эң урматтуу жана Ага эң такыба киши – ал Пайгамбар болгон. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, аялдарына үйлөнгөндө же кыздарын турмушка бергенде он эки уукиядан* көп алган эмес. Чындыгында бир киши үйлөнө турган жубайынын калыңын кымбаттатып алат да (төлөп жатканда) ичинде аялга болгон жек көрүүнү пайда кылып алат. Ошентип «Мен сага муну төлөймүн деп кандай гана кыйналдым» деп да айтканга барат».[3]

*Уукия бул – Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, убагындагы акча өлчөмү.

8. АЯЛЫ МЕНЕН КҮЙӨӨСҮ БИРИ-БИРИНЕ ЫРААЗЫ БОЛУУСУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Аял өзү талап кылмайынча турмушка берилбейт. Ал эми кыздан уруксат алынмайынча турмушка берилбейт». Ошондо: «Оо, Аллахтын Элчиси! Кыздын уруксат бергени кандай?» – деп сурашты. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Унчукпай туруусу» – деп айтты».[4]

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

«Бир кыз Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: «Оо, Аллахтын Элчиси! Атам мени агасынын баласына үйлөп салды. Атам мени никелеп берүү менен өзүн абройлуу көргөзгүсү келди» – деп айтат. Ошондо Пайгамбар ал кызга никесин өзү чечүүгө ыктыяр берет. Анда ал кыз: «Атам мага кылган мамилесине макул болоюн, бирок аялдар билип алышсын деп айтып жатам. Аталар никеде кыздарынын ыраазылыгысыз эч нерсеге ээ боло алышпайт» – деп айтты».[5]

9. КЕДЕЙ БОЛСО ДА КЫЗЫН САЛИХ БАЛАГА БЕРҮҮ

Сахл ибну Саад, радыяллаху анху, айтты:

«Бир киши Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, алдынан өтүп бара жатканда Пайгамбар жанында отурган кишиге: «Бул адамга оюң кандай?» – деп сурайт. Ал: «Бул адамдардын урматтуусу. Аллахка ант болсун! Бул киши кыздын колун сурап барса, кызын ушуга берүүгө бул татыктуу киши. Эгерде бул бирөөгө ортомчу болсо, анда мунун сөзү өтөт» – деп айтты. Аллахтын Элчиси унчукпай турду. Бир аздан кийин дагы бир киши өтүп калды. Пайгамбар жанындагы кишиге: «Ал эми бул туурасында оюң кандай?» – деп сурады. Ал: «Оо, Аллахтын Элчиси! Бул киши мусулмандардын кедейлеринен. Бул кыздын колун сурап барса, анда ага кызын берүүгө татыктуу

[1] (Сунан Тирмизи, 1102)
[2] (Сунан Абу Дауд, 2085)
[3] (Сунан Абу Дауд, 2106)
[4] (Сахих Бухари, 5136)
[5] («Муснад» Ахмад, 23892)

эмес. Бул бир иште ортого түшсө, мунун сөзү да өтпөйт» – деп айтты. Ошондо Аллахтын Элчиси: «Жер бети толо байлыгы болса да, тигил кишиге караганда бул киши жакшы» – деп айтты».[1]

10. ЖАТ ЭРКЕК МЕНЕН АЯЛДЫН ЖАЛГЫЗ КАЛУУСУ АРАМ

Абдуллах ибну Аббас, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салам, айтты:

«Аял жат эркек менен махрамсыз* жалгыз калбасын».[2]

*Аял кишинин махрамы: күйөөсү, атасы, чоң атасы, бойго жеткен балдары, бир тууган ага-инилери.

11. НИКЕ КЫЙЫЛГАНДАН КИЙИН АЯЛДЫН БЕШЕНЕСИНЕ КОЛДУ КОЮП БЕРЕКЕ ТИЛЕП ДУБА КЫЛУУ

Абдуллах ибну Амр ибну ал-Аас, радыяллаху анху, риваят кылган хадсите Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силердин кайсы бириңер бир аялга үйлөнгөн болсо же кызматчы сатып алган болсо, анда мындай деп айтсын: «Оо, Аллах! Чындыгында мен мунун жакшылыгын сураймын жана андагы Сен жараткан жакшылыктарды сураймын. Ошондой эле анын жамандыгынан жана андагы Сен жараткан жамандыктардан Сенден коргоо сураймын». Эгер төө сатып алса, анда анын өркөчүнүн чокусунан кармап ушинтип айтсын».[3]

Сунан Абу Дауд, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте мындай деп келген:

«Аял жана кызматчы кул алганда бешенесинен кармап береке тилеп дуба кылсын».[4]

12. АДАМДАРГА ТАМАК БЕРҮҮ СҮННӨТ

Анас ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Абдурахман ибну Ауф, радыяллаху анхунун, атыр себингенин байкап андан: «Бул эмне?» – деп сурайт. Ал: «Оо, Аллахтын Элчиси! Мен курманын данегинин салмагынчалык алтын берип бир аялга үйлөндүм» – деп айтат. Ошондо Аллахтын Элчиси: «Анда Аллах сага береке берсин! Бир кой союп болсо да той бер» – деп айтты».[5]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Эң жаман тамак – кедейлер чакырылбай байлар чакырылган тойдун тамагы. Ким чакырууга жооп бербесе, анда ал Аллах жана Анын Элчисине баш ийбеген болот».[6]

13. АЯЛЫ МЕНЕН БИРИНЧИ ТӨШӨККӨ ЖАТААРДАН АЛДЫН АНЫ МЕНЕН БИРГЕ ЭКИ РЕКЕТ НАМАЗ ОКУУСУ

Абу Усайддын кулу Абу Саид мындай деп айтты:

«Мен кул кезимде үйлөндүм. Анан Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, сахабаларынан бир тобун чакырдым. Алардан Абу Масууд, Абу Зар жана Хузайфа алар мага мындай деп үйрөтүп жатышты: «Сага аялың киргенде эки рекет намаз окугун. Кийин сага аялыңдын жакшылыктарын Аллахтан сура. Андан кийин анын жамандыктарынан коргоо сура. Андан кийин өз ишиңерди кыла бересиңер».[7]

---

[1] (Сахих Бухари, 6447).
[2] (Сахих Бухари, 5233)
[3] (Сунан Абу Дауд, 2160)
[4] (Сунан Абу Дауд, 2160)
[5] (Сахих Бухари, 3781)
[6] (Сахих Бухари, 5177)
[7] (Сахих Бухари, 3781)

**ЧҮЧКҮРҮҮДӨГҮ АДЕПТЕР**

1. ЧҮЧКҮРГӨН МУСУЛМАНГА ЖООП КАЙТАРУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Мусулмандын мусулманга болгон беш акысы бар. Алар: (Салам берсе) алик алуу, ооруну зыярат кылуу, жаназага баруу, чакырган жерге баруу, чүчкүргөнгө «ярхамукаллах» (Аллах сени ырайымына алсын) деп айтуу».[1]

Башка бир хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Мусулмандын мусулманга болгон алты акысы бар. Алар: Эгерде ага жолуксаң, анда салам айткын, эгер сени чакырган болсо, анда баргын, эгерде сенден кеңеш сураса, анда кеңешиңди бергин, эгерде чүчкүрүп (алхамдулиллах деп) Аллах таалага шүгүрлөр болсун деп айтса, анда ага: (ярхамукаллах, Аллах сени ырайымына алсын) деп айткын, эгер ооруп калган болсо, анда аны зыярат кылгын, эгер көз жумса, анда жаназасына баргын».[2]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

«Аллах таала чүчкүргөндү жакшы көрөт, (оозун ачып) эснегенди жаман көрөт. Эгер силердин бирөөңөр чүчкүрүп: (Алхамдулиллах деп) Аллах таалага шүгүр айтса, анда аны уккан мусулманга: (Ярхамукаллах) Аллах сени ырайымына алсын деп жооп кайтаруу милдеттүү болуп калат. Ал эми эснөө бул – шайтандан. Эгерде силердин бирөөңөр эснегиси келсе, анда мүмкүн болушунча кайтарып салсын. А эгерде силердин бирөөңөр оозун ачып эснесе анда ага шайтан күлөт».[3]

2. ЧҮЧКҮРГӨН АДАМ АЛЛАХКА МАКТОО АЙТСЫН

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде силердин бириңер чүчкүрсө анда: «Алхамдулиллах» (Аллахка шүгүрлөр болсун) деп айтсын. Ага жанындагы мусулман бир тууганы же досу: «Ярхамукаллах» (Аллах сени ырайымына алсын) десин. Эгерде ага «Ярхамукаллах» деп айтса, анда ал: «Яхдиикумуллаху уа юслиху баалакум» (Аллах сени туура жолго салсын жана абалыңды оңдосун) деп айтсын».[4]

3. ЧҮЧКҮРГӨН АДАМ «АЛХАМДУЛЛИЛЛАХИ АЪЛАА КУЛЛИ ХААЛ» ДЕП АЙТСА ДА БОЛОТ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде силердин бирөөңөр чүчкүрсө, анда: «Алхамдуллиллахи аълаа кулли хаал» (Бардык абалдарда Аллахка мактоолор болсун) десин. Ага жанындагы мусулман бир тууганы «Ярхамукаллах» (Аллах сени ырайымына алсын) деп айтсын. Ошондо чүчкүргөн адам ага: «Яхдиикумуллаху уа юслиху баалакум» (Аллах сени туура жолго салсын жана абалыңды оңдосун) деп айтсын».[5]

4. КИМ ЧҮЧКҮРГӨНДӨ АЛЛАХКА МАКТОО АЙТПАСА АНДА АГА ЖООП КАЙТАРЫЛБАЙТ

Анас, радыяллаху анху, айтты:

«Эки киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, алдында чүчкүрүп жиберишти. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бирөөсүнө жооп кайтарып экинчисине кайтарбады. Ошондо жооп

[1] (Сахих Бухари,1240)
[2] (Сахих Муслим, 2162)
[3] (Сахих Бухари, 6223).
[4] (Сахих Бухари, 6224)
[5] (Сунан Абу Дауд, 5033)

кайтарылбаган киши: Баланча чүчкүргөндө жооп кайтардыңыз, а мен чүчкүргөндө жооп кайтарбадыңыз?» – деп сурады. Пайгамбар ага: «Ал Аллах таалага алхамдулиллах деп мактоо айтты, а сен болсо айткан жоксуң» – деп жооп берди».[1]

5. ЧҮЧКҮРГӨНДӨ АЛЛАХКА МАКТОО АЙТУУДАН БАШКА СӨЗ КОШКОН БОЛБОЙТ

Ибну Умар, радыяллаху анхунун, алдында бир киши чүчкүрүп: «Алхамдуллиллах, уас салааму аълаа расуулиллах (Аллахка мактоолор болсун жана Пайгамбарга саламдар болсун!)» – деп айтты. Анда Ибну Умар: «Мен сага айтайын: «Пайгамбар: «Алхамдуллиллах уас салааму аълаа расуулиллах (Аллахка мактоолор болсун жана Пайгамбарга саламдар болсун!)» – деп бизге үйрөткөн эмес. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, бизге: «Алхамдуллиллахи аълаа кулли хаал» – деп айткыла деп үйрөткөн».[2]

6. ЧҮЧКҮРГӨНДӨ АЙТЫЛУУЧУ СӨЗДӨР

Ибну Умар, радыяллаху анху, айтты:
«Эгер силердин бирөөңөр чүчкүрсө, анда ага: «Ярхамукуллах» (Аллах сени ырайымына алсын) – деп айткыла. Ал силерге (жооп катары): «Ярхамуналлаху уа иякум» (Аллах бизди жана силерди Өз ырайымына алсын) же «ягфируллаху лана уа лакум» (Аллах бизди жана силерди кечирсин) – деп айтсын.[3]

7. ЧҮЧКҮРГҮСҮ КЕЛГЕН АДАМ КОЛУ МЕНЕН ЖЕ КИЙИМИ МЕНЕН ООЗУН ЖААП ҮНҮН КАТУУ ЧЫГАРБАСТАН ЧҮЧКҮРСҮН

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, чүчкүргөн кезде бетин колу менен же кийми менен жаап, үнүн жай чыгырып чүчкүрөт эле».[4]

8. ЭГЕРДЕ ҮЧ ЖОЛУ КАТАРЫ МЕНЕН ЧҮЧКҮРСӨ, АНДА АЛ АДАМДЫН ООРУП КАЛГАНДЫГЫНЫН БЕЛГИСИ

Имам Муслим риваят кылат.

Салама ибну Акваъ, радыяллаху анху, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жанындагы бир адамдын чүчкүргөнүн угуп ага: «Ярхамукаллах» – деп айтты. Андан кийин ал адам дагы чүчкүрдү. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Бул адам тумоолоп калыптыр» – деп айтты.[5]

Башка бир риваятта Салама, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, жанында бир адамдын чүчкүргөнүн көрдүм. Пайгамбар ага: «Ярхамукаллах» – деп айткандан кийин, ал адам экинчи жана үчүнчү жолу чүчкүрүп жиберди. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам ага: «Ярхамукаллах. Бул адам тумоолоп калыптыр» – деп айтты.[6]

9. ЭГЕР МУСУЛМАН ЭМЕС АДАМ ЧҮЧКҮРГӨН БОЛСО, ЯХДИКУМЛЛАХУ УА ЮСЛИХУ БААЛАКУМ ДЕП АЙТУУ

Абу Муса аль-Ашари, радыяллаху анху, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, жанында яхудийлер чүчкүргөн кезде, алар Пайгамбардан суранышып бизге да: «Ярхамукаллах» – деп айтчы дешет эле. Бирок Пайгамбар,

[1] (Сахих Бухари, 6221)
[2] (Сунан Тирмизи, 2738)
[3] («Муатта» Имам Малик, 1800)
[4] (Сунан Абу Дауд, 5029)
[5] (Сахих Муслим, 2993)
[6] (Сунан Абу Дауд, 5037)

саллаллаху алейхи уа саллам, алар чүчкүргөн кезде: «Яхдийкумллаху уа юслиху баалакум» (Аллах селерди туура жолго салсын жана абалыңарды оңдосун) – деп айткан». [1]

## ЭСНӨӨНҮН АДЕПТЕРИ

1. ООЗУН АЧЫП ҮН ЧЫГАРЫП ЭСНЕГИСИ КЕЛГЕНДЕ ТОКТОТУП КАЛУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Чындыгында Аллах таала чүчкүрүүнү жакшы көрөт, (оозду чоң ачып) эснегенди жаман көрөт. Эгер бир адам чүчкүрүп «алхамдулиллах» деп айтса, анда ар бир уккан мусулман адам ага «ярхамукаллах» деп жооп кайтарууга милдеттүү болот. Ал эми (оозду чоң ачып) эснөө – ал шайтандан. Ошондуктан мүмкүн болушунча эснөөсүн кайтарсын. А эгер «аах» деп (үн чыгарып) эснесе ага шайтан күлөт» – деп айтты.[2]

2. ЭСНЕГЕН УЧУРДА ООЗДУ КОЛУ МЕНЕН ТОСУУ

Абу Саид аль-Худри, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

«Эгерде силердин бирөөңөр (оозду чоң ачып) эснесе, анда колу менен оозун жапсын. Антпесе шайтан (оозунан) кирип кетет».[3]

3. НАМАЗ ОКУП ЖАТКАНДА ЭСНЕСЕ ООЗУН КОЛУ МЕНЕН ЖАБУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

«Оозду чоң ачып эснөө шайтандан. Эгерде силердин бирөөңөр (оозду чоң ачып) эснесе, анда мүмкүн болушунча токтотууга аракет кылсын».[4]

4. ҮН ЧЫГАРЫП ЭСНЕБӨӨ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам:

«Эгерде силердин бирөөңөр эснесе мүмкүн болушунча эснөөсүн кайтарсын. Анткени «аах» деп (үн чыгарып) эснесе ага шайтан күлөт» – деп айтты.[5]

## БУТ КИЙИМ КИЙҮҮНҮН АДЕПТЕРИ

1. БУТ КИЙИМ КИЙГЕНДЕ ОҢ БУТТАН БАШТАП КИЙҮҮ

Аиша, радыяллаху анха, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, даарат алганда, чачын тараганда жана бут кийимин кийгенде оң жактан баштаганды жакшы көрөт эле».[6]

2. БУТ КИЙИМДИ ЧЕЧКЕНДЕ СОЛ БУТТАН БАШТАП ЧЕЧҮҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

---

[1] (Сунан Абу Дауд, 5038)
[2] (Сахих Бухари, 6223)
[3] (Сахих Муслим, 2995)
[4] (Сахих Муслим, 2994)
[5] (Сахих Бухари, 6223)
[6] (Сахих Бухари, 168)

«Силердин бирөөңөр бут кийимин кийгенде оң бутунан баштап кийсин. Ал эми чечкенде сол бутунан баштап чечсин. Оң бут кийим биринчи кийилип акырында чечилсин».[1]

3. БУТ КИЙИМДИ ОЛТУРУП КИЙҮҮ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бут кийимди туруп кийүүдөн тыйды».[2]

4. БУТ КИЙИМДИН БИР ТҮГӨЙҮН КИЙИП ЖҮРБӨӨ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силердин бирөөңөр бут кийиминин бир түгөйү менен басып жүрбөсүн. Эки түгөйүн тең чечип жүрсүн, же эки түгөйүн тең кийип жүрсүн».[3]

Жабир, радияллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Силердин бирөөңөрдүн бут кийиминин боосу үзүлүп калса, же бир бут кийиминин боосу үзүлүп калса, анда боосун оңдомойунча жалгыз бут кийими менен жүрбөсүн жана жалгыз маасысы менен да жүрбөсүн...».[4]

5. КЭЭДЕ ЖЫЛАҢАЯК БАСУУ СҮННӨТ

Абдуллах ибну Бурайда риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, сахабаларынын бири Мисирде башчы болуп турган Фудала ибну Убайдты көздөй сапар тартып ага келет. Ал сахаба төөсүнө чөп салып жатып Фудала ибну Убайдка «Мен сени зыярат кылганы келгеним жок. Мага Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдан, бир хадиси жетти, ошол хадис жөнүндө сени билээр деп үмүт кылып келдим» – деп, анын жүдөгөнүн көрүп: «Сен шаардын башчысы болсоң да жүдөп турганыңды көрүп турам?» – деп айтат. Ага Фудала ибну Убайд: «Аллахтын Элчиси (сыланып таранууда) чектен ашыра алек болуудан тыйган» – деп жооп берет. Кийин бут кийими жок жүргөнүн көрүп калып: «Эмнеге жылаңаяк жүрөсүң? – деп сураганда: «Аллахтын Элчиси кээде жалаңаяк жүрүштү буйруган» – деп жооп берет.[5]

## ИЛИМ АЛУУНУН АДЕПТЕРИ

1. АЛЛАХТЫН ЫРААЗЫЛЫГЫН КААЛАП ЧЫН ЫКЛАСТАН ИЛИМ АЛУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Чындыгында кыямат күнү адамдардын арасынан эң биринчи сурак бере турган адамдардын бири шейит болгон адам. Аны сурак берген жерге алып келишкенден кийин Аллах ага берген нээматтарын эстетет. Ал баарын эстеп мойнуна алат. Ошондо Аллах андан: «Сен ал нээматтарды эмне кылдың?» – деп сурайт. Ал: «Шейит болгончо Сен үчүн согушуп жүрдүм» – дейт. Аллах таала: «Жалган айттың! Элдер сени эр жүрөк деп айтышы үчүн согуштуң. Ал сөз айтылып (тилегиң ишке ашты)» – деп айтат. Андан соң аны (тозокко ыргытууга) буйрук берет. (Периштелер) аны бети менен сүйрөп барып тозокко ыргытышат. Ошондой эле (кыямат күнү эң биринчи сурак бере турган адамдардын бири) илим алып аны үйрөткөн жана Куран окуган адам. Аны сурак берген жерге алып келишкенден кийин Аллах ага берген нээматтарын эстетет. Ал баарын эстеп мойнуна алат. Ошондо Аллах андан: «Сен ал

[1] (Сахих Бухари, 5856)
[2] (Сунан Ибну Маажах, 3618)
[3] (Сахих Бухари, 5855)
[4] (Сахих Муслим, 2099)
[5] (Сунан Абу Дауд, 4160)

нээматтарды эмне кылдың?» – деп сурайт. Ал: «Илим алдым жана аны үйрөттүм, ошондой эле Сен үчүн Куран окудум» – деп айтат. Аллах таала: «Жалган айттың! Адамдар сени аалым деп айтышы үчүн илим алгансың. Ошондой эле сени каары* деп айтышы үчүн Куран окугансың. Ал сөздөр айтылып (тилегиң ишке ашты)» – деп айтат. Андан соң аны (тозокко ыргытууга) буйрук берет. (Периштелер) аны бети менен сүйрөп барып тозокко ыргытышат. Ошондой эле (кыямат күнү эң биринчи сурак бере турган адамдардын бири) Аллах ырыскысын кең кылып, бардык мал-мүлктүн түрүн берип койгон (бай) адам. Аны сурак берген жерге алып келишкенден кийин Аллах ага берген нээматтарын эстетет. Ал баарын эстеп мойнуна алат. Ошондо Аллах андан: «Сен ал нээматтарды эмне кылдың?» – деп сурайт. Ал: «Сен мал-мүлктүн сарпталуусун жакшы көргөн кандай гана жаат болбосун, мен ошол жакка Сен үчүн мал-мүлкүмдү сарптадым» – деп айтат. Аллах таала: «Жалган айттың! Адамдар сени берешен деп айтышы үчүн сарптагансың. Ал сөздөр айтылып (тилегиң ишке ашты)» – деп айтты. Андан соң аны (тозокко ыргытууга) буйрук берет. (Периштелер) аны бети менен сүйрөп барып тозокко ыргытышат».[1]

*Кары – бул Куранды жатка окуган адам.

Башка бир риваятта Абу Хурайра, радыяллаху анху, мындай дейт:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Ким Аллах тааланын жүзүн каалап ала турган илимди дүнүйөгө жетүү максатында ала турган болсо, анда ал кыямат күнү бейиштин жытын жыттабайт».[2]

2. ИЛИМ АЛУУ ҮЧҮН САПАРГА ЧЫГУУ

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, айтты:

«Бир киши Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдан, бир хадисти уккандыгы туурасында мага кабар жетти. Ошондо мен бир төө сатып алдым да ага жүктөрүмдү артып сапарга чыгып бир ай бою жол жүрдүм. Акырында Шам жергесине жетип бардым. Ал киши Абдуллах ибну Унайс экен. Анын үйүн кайтарып турган кишиге: «Жабир эшигиңдин алдында турат деп айткын» – деп айттым. Ал: «Абдуллахтын баласы Жабирби?» – деп сурады. Ооба, – дедим. Ошондо ал (шашкалактап) кийиминин бир бурчун баскылаган абалда үйүнөн чыга келди. Аны менен кучакташып көрүшкөндөн кийин: «Сен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдан, касас (өч алуу) тууралуу бир хадисти уккандыгың мага жетти. Андыктан ал хадисти сенден укпай бул дүйнөдөн экөөбүздүн бирөөбүз өтүп кетүүдөн коркуп келип отурам» – деди. Ошондо ал мындай деп айтты: «Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын укканмын: «Кыямат күнү адамдар жылаңач, сүннөткө отургузулбаган жана эч бир нерсеси жок абалда келишет. Андан кийин Аллах жакындагылар жана алыстагылар да бирдей уккан үн менен аларга мындай деп жар салат: «Мен Падышамын, Мен сурак Алуучумун! Тозокко кире турган адамдарда бейишке кире турган адамдардын акылары болсо, анда Мен алардын өчүн алып бермейинче алар тозокко киришпейт. Ошондой эле бейишке кире турган адамдарда тозокко кире турган адамдардын бирөөсүнүн акысы болсо, анда Мен алардын өчүн алып бермейинче бейишке киришпейт. Жада калса алакан менен чапкан болсо да өчүн алат» – деп айтты. Ошондо биз Аллахтын Элчисине: «Кантип акыларын алышат, ал күнү биз Аллах таалага жылаңач, сүннөткө отургузулбаган жана эч бир нерсебиз жок абалда келебиз го?» – деп сурадык. Пайгамбар: «Сооптордон жана күнөөлөрдөн алынат» – деп жооп берди».[3]

3. ИЛИМ ЖЫЙЫНЫНЫН ОРТОСУНА ОТУРУП АЛБОО

Абу Мулжаз, рахимахуллах, айтты:

[1] (Сахих Муслим, 1905)
[2] (Сунан Абу Дауд, 3664)
[3] («Муснад» Ахмад, 16042)

«Бир киши илим жыйынынын ортосуна отуруп алганда Хузайфа, радыяллаху анху, айтты: «Ким илим жыйынынын ортосуна отуруп алса, анда Аллах ага Мухаммад Пайгамбардын тили аркылуу каргыш айтты».[1]

4. ТОЮП ТАМАКТАНБОО

Микдам ибну Маади Якриб, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтып жатканын уктум: «Адамдын толтурган нерселеринин эң жаманы курсак. Адам баласынын белинеКим күч болгон аз гана тамак жетиштүү болот. Эгер сөзсүз жеш керек болсо, анда (ашказанын) үчтөн бирин тамак үчүн, үчтөн бирин суусундук үчүн, калган үчтөн бирин деп алуусу үчүн калтырсын».[2]

5. ФАТВА БЕРЕРДЕ ТАКТАП АЛУУ

Фатва сөзүн лексикалык мааниси – Суроого жооп берүү, мейли ал суроо шариатка тийиштүү болсун, же башка нерсе тууралу болсун.

Ал эми фатва сөзүнүн терминдеги мааниси: Диний маселелер боюнча узатылган суроолорго жооп берүү, же диний өкүм чыгаруу. Фатва берүү ооз эки да болот, жазма түрүндө да болот. Фатва берген аалым же муфтий суроолорго жооп берип, кандай кылса болот, кандай кылса болбойт, кайсы иш важиб, кайсы нерсе арам экенин аныктап берет.

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким билимсизден фатва сураган болсо, анда анын күнөөсү билимсиз фатва берген адамга болот. Ким бирөөгө бир иш тууралуу кеңеш сурап барса, ал билип туруп туура эмес нерсеге кеңеш берсе, анда ага кыянат кылган болот».[3]

6. КҮНӨӨЛӨРДӨН АЛЫС БОЛУУ

Аллах таала айтты:

«Аллахка такыбалык* кылгыла – Аллах силерге үйрөтөт. Аллах бардык нерсени Билүүчү».[4]

*Такыбалык кылуу – бул Аллах тыйуу салган нерселерди таштоо, буйруктарын толук аткаруу жана күнөөлөрдөн сактануу.

Аллах таала айтты:

«Эй, ыйман келтиргендер! Эгерде силер Аллахка такыбалык кылсаңар, анда Ал силерди (акыйкат менен жалганды) айырмалоочу кылып коёт. Жана жаман иш-аракеттериңерди кетирип (күнөөңөрдү) кечирет. Аллах улуу пазилет Ээси».[5]

## САПАРГА ЧЫГУУНУН АДЕПТЕРИ

1. САПАРГА ЧЫГАРДАН АЛДЫН ЭКИ РЕКЕТ НАМАЗ ОКУП АЛЛАХТАН СУРОО

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, бизге истихара намазын бардык иштен (алдын аткарууга) Курандан бир сүрөө үйрөткөндөй эле үйрөтүп мындай деп айткан: «Качан силердин

[1] (Сунан Тирмизи, 2753)
[2] (Сунан Тирмизи, 2380)
[3] (Сунан Абу Дауд, 3657)
[4] (Бакара сүрөөсү, 282-аят)
[5] (Анфал сүрөөсү, 29-аят)

бирөөңөр кандайдыр бир ишти аткарууну кааласа, анда эки рекет намаз окуп, андан соң мындай деп дуба кылсын:

Оо, Аллах! Мага Өзүңдүн кең илимиң менен (эки иштин туурасына) багыт берүүңдү сураймын. Өзүңдүн кудуретиң менен мага күч-кубат берүүңдү сураймын жана Сенин улуу пазилетиң менен суранамын. Чындыгында Сен Кудуреттүүсүң, мен кудуреттүү эмесмин. Сен билесиң, мен билбеймин жана Сен кайыптарды Билүүчүсүң. Оо, Аллах! Эгерде ушул ишти (өзүнүн муктаждыгын айтып) менин диниме, жашоомо жана ишимдин аягына пайдалуу деп билсең, анда аны мага тагдыр кылып жеңил кыл, андан соң аны мага берекелүү кыл. Оо, Аллах! Эгерде ушул ишти менин диниме, жашоомо жана ишимдин акыбетине жаман деп билсең, анда аны менден, мени андан алыс кыл. Мага кайда болсо да жакшылыкты тагдыр кыл. Андан соң мени ошол (тагдырга) ыраазы болгондордон кыл».[1]

**ИСТИХАРА ДУБАСЫНЫН ТРАНСКРИПЦИЯСЫ:**

«Аллахумма инни астахийрука би илмика, уа астакдирука би кудратика, уа ас алука мин фадликал азыйм, фа иннака такдиру уа лаа акдиру, уа таламу ва лаа ааламу, уа Анта аллямуль гуюби! Аллахумма ин кунта тааляму анна хазал амра (өзүнүн муктаждыгын айтат) хайрун ли фи дийни, уа маъааши, уа аакибати амри, факдурху ли, уа йассирху ли, сумма барик ли фийхи, уа ин кунта таъляму анна хазаль амра шаррун лий фи дийни, ва маъаши ва аакибати амри, фасрифху анни васрифни анху, вакдур лияал хойро хайсу каана, сумма роддини бихи».

2. ОСУЯТ ЖАЗЫП КАЛТЫРУУ

Осуят – бул мусулман адамга өлүм келээрден алдын мал-мүлкүнөн учтөн бирин өзү каалаган тарапка берүүсүн артында калган урпактарына айтуусу. Калган байлыгын урпактары шарият көргөзгөн өлчөм менен бөлүп алышыт.

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Мусулман адамдын осуят кылуучу мал-мүлкү болсо, анда эки түндөн ашык өтпөстөн ал нерселерине осуят жазып коюусу туура болот».[2]

3. САПАРГА ЖАЛГЫЗ ЧЫКПАГАН ЖАКШЫ

Амр ибну Шуайб, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Жалгыз сапарга чыгуу бул – шайтандын иши. Ошондой эле эки киши болуп чыгуу да шайтандын иши. Ал эми үч киши – бул жамаат».[3]

4. ЖАКШЫ АДАМ МЕНЕН САПАРГА ЧЫГУУ

Абу Саид аль-Худри, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Жакшы адам менен гана бирге жүр. Жана тамагыңды такыба адам гана жесин».[4]

5. АЛЫСКА САПАРГА ЧЫГАРДАН АЛДЫН ҮЙ-БҮЛӨ, ЖОРО-ЖОЛДОШТОР МЕНЕН КОШТОШУУ

Саалим, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анху, сапарга жөнөп жаткан бир кишиге мындай деп айтты:

---

[1] (Сахих Бухари, 7390)
[2] (Сахих Бухари, 2738)
[3] (Сунан Тирмизи, 1674)
[4] (Сунан Абу Дауд, 4832)

«Мага жакын кел, мен сени менен Аллахтын Элчиси коштошкондой кылып коштошоюн. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, биз менен коштошуп жатканда мындай деп айтат эле: «Мен Аллахтан сенин диниңди, аманатыңды сактоосун жана акыркы иш-аракетиңдин жакшы болуусун сураймын. (Астаудиъуллаха динака, уа амаанатака, уа хауаатима амалик)».[1]

6. САПАРГА ЧЫККАНДА АЙТЫЛА ТУРГАН ДУБА

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анхума, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, эгер унаага отура турган болсо, анда үч жолу «Аллаху акбар» деп айтып, андан соң бул дубаны айтчу: «Субхааналлази саххара лана хаза уа маа кунна лаху мукриниин уа инна ила Раббина ламункалибуун». (Бизге ушуну моюн сундурган Аллах (кемчиликтүү сыпаттардан) Аруу-Таза! (Эгер Ал моюн сундурбаса) өзүбүздүн кудуретибиз жетмек эмес. Жана биз Раббибизге кайтып барабыз). Андан кийин бул дубаны айтчу: «Аллахумма иннаа насалука фи сафарина хааза албирро уа таква, уа минал амали маа тардоо. Аллахумма хаввин алайна сафарана хаазаа, уатви аннаа буъдах. Аллахумма анта ассаахибу фиссафари уа халийфату фи ахли». (Оо, Аллах! Чындыгында мен Сенден бул сапарымда чынчылдыкты, такыбачылыкты жана Сен ыраазы болгон иш-аракеттерди сурайм.Оо, Аллах! Биздин бул сапарыбызды жеңил кыл, алысты жакындат! Оо, Аллах! Сапарда жолдош, үй-бүлөгө кепил Сенсиң!).[2]

7. САПАРГА ЧЫГААРДАН АЛДЫН ААЛЫМ ЖАНА ТАКЫБА ИНСАНДАРДАН АКЫЛ-НАСААТ СУРОО

Анас, радыяллаху анху, айтты:
«Бир адам Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: «Оо, Аллахтын Элчиси! Мен сапарга жөнөп жатам, мага дуба берип коёсузбу!» – деп айтканда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Аллах сага такыбалык* берсин». Ал адам: «Дагы кошумчалаңыз» – деп айтты. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Аллах сенин күнөөлөрүңдү кечирсин». Ал адам: «Дагы кошуңуз» - деди. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Кайсыл жерде болсоң да Аллах ишиңди жеңил кылсын» – деп айтты.[3]

*Такыбалык – бул Аллах тыйуу салган нерселерди таштоо, буйруктарын толук аткаруу жана күнөөлөрдөн сактануу.

8. БЕЙШЕМБИ КҮНҮ САПАРГА ЧЫГУУ МУСТАХАБ

Мустахаб – жакшы иш-аракеттерге карата айтылат. Башкача айтканда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, кээде аткарып, кээде аткарбаган иш-аракеттер. Мустахаб иш-аракеттерин аткарса сооп болот, аткарбаса күнөө болбойт.

Кааб ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:
«Пайгамбар башка күндөрү сапарга аз чыгат эле. Эгер сапар кыла турган болсо, бир гана бейшемби күнү сапарга чыкчу».[4]

Башка бир риваятта Кааб ибну Малик, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, табук согушуна төртүнчү күнү чыккан. Жана Пайгамбар сапарга төртүнчү күнү чыкканды жакшы көрчү».[5]

9. БИР ТОП АДАМ САПАРГА ЧЫГА ТУРГАН БОЛСО, ӨЗДӨРҮНӨ БАШЧЫ ШАЙЛАП АЛЫШСЫН

Абу Саид аль-Худри, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

[1] (Сунан Тирмизи, 3443)
[2] (Сахих Муслим, 1342)
[3] (Сунан Тирмизи,3366 )
[4] (Сахих Бухари, 2949)
[5] (Сахих Бухари, 2950)

«Эгерде үч адам сапарга чыга турган болсо, анда алар өздөрүнүн арасынан бир адамды башчы кылып шайлап алышсын».[1]

10. ЧЫНДЫГЫНДА САПАР МУЗЫКАНЫН ЖАНА КОҢГУРООНУН КОШТООСУ МЕНЕН БОЛБОЙТ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам:

«Коңгуроо шайтандын чоору» – деп айтты.[2]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган башка бир хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ит жана коңгуроо менен жүргөн адамга периште жолобойт».[3]

11. САПАРДА БИЙИККЕ БАСЫП БАРА ЖАТКАНДА ТАКБИР ЫЛДЫЙЛАП БАРА ЖАТКАНДА ТАСБИХ АЙТУУ

Такбир – бул Аллаху акбар (Аллх Улуу) деп айтуу. Тасбих – бул субханаллах (Аллахты бардык кемчиликтен аруулаймын) деп айтуу.

Абу Муса, радыяллаху анху, айтты:
«Биз Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, менен бирге (сапарда элек). Биз бийик өрөөнгө карай өрлөп бара жатканыбызда катуу үн менен тахлил (лаа илааха иллаллах) жана такбир (Аллаху акбар) деп айтат элек». Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Оо адамдар! Өзүңөрдү аягыла. Анткени силер дүлөй жана бизден кабарсыз Затка дуба кылган жоксуңар. Чындыгында Аллах силер менен. Ал Угуучу Көрүүчү. Анын ысымы улуу жана Анын улуулугу бийик».[4]

12. САПАРДА ӨЗҮНӨ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨСҮНӨ ДУБА КЫЛУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, мындай деп айтты:

«Үч түрлүү дуба кабыл болот. Алар – зулум чеккен адамдын дубасы, мусапырдын дубасы жана атанын баласына кылган каргыш дубасы».[5]

13. БИР ЖЕРГЕ БАРГАНДА АНЫН ЖАМАНДЫГЫНАН КОРГОО СУРАП АЛЛАХКА ДУБА КЫЛУУ

Хаулата бинту Хаким айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Ким бир жерге келип, андан кийин: «Аьуузу би калиматиллахит тааммати мин шарри маа холак». (Аллахтын толук, кемчиликсиз сөздөрү менен (Куран) бардык макулуктардын жамандыгынан коргоо сураймын) – деп айтса, анда ага ошол жерден кеткенче эч нерсе зыян бербейт».[6]

14. КУРАН КИТЕБИ МЕНЕН ДУШМАНДАРДЫН ЖЕРИНЕ САПАР КЫЛБОО

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анху, айтты:
«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Куран менен душмандардын жерине сапар кылууга тыюу салган».[7]

Башка бир хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам:

[1] (Сунан Абу Дауд, 2608)
[2] (Сахих Муслим, 2114)
[3] (Сахих Муслим, 2113)
[4] (Сахих Бухари, 2992)
[5] (Сунан Тирмизи, 3448)
[6] (Сахих Муслим, 2708)
[7] (Сахих Бухари, 1990)

«Куран менен сапар кылбагыла. Анкени Куранды душмандар алып (тепселеп) салууларынан кабатырланып турам» – деп айткан.[1]

15. АЯЛДАР МАХРАМЫ МЕНЕН САПАРГА ЧЫГШАТ

Аял кишинин махрамы: күйөөсү, атасы, чоң атасы, бойго жеткен балдары, бир тууган ага-инилери.

Ибну Аббас, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Аялдар махрамы менен сапар кылат жана ал махрамы менен болсо гана бөтөн эркек ал (турган бөлмөгө) кире алат». Ошондо бир киши: «Оо, Аллахтын Элчиси! Мен аскерге баруунү каалаадым эле. Аялым ажы кылууну каалап жатат» – деп айтты. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ага: «Аны менен ажыга бар» – деп айтты.[2]

## БЕЛЕК БЕРҮҮНҮН ЖАНА АЛУУНУН АДЕПТЕРИ

1. АРЗЫБАГАН БЕЛЕК БОЛСО ДА КАБЫЛ АЛУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде койдун шыйрагын же кар жилигин даярдап мени конокко чакырса дагы бармакмын. Эгерде койдун шыйрагын же кар жилигин белек кылса, анда кабыл алмакмын».[3]

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, аялдарга: «Эй, мусулман аялдар! Кошуна аял кошунасына койдун шыйрагын берсе да аз деп санабасын» – деп айтты».[4]

2. ЭГЕРДЕ БЕЛЕК БӨЛҮНӨ ТУРГАН БОЛСО, АНДА СЕНИ МЕНЕН КЕЛГЕН АДАМДАР МЕНЕН БӨЛҮШКҮН

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Мен кээде ачкачылыктын айынан өзүмдү жоготуп кулап түшчүмүн. Кээде болсо ачкачылыктан курсагыма таш байлап жүрчүмүн. Ошентип жүрүп бир күнү адамдар өткөн жолдун четинде олтурдум. Бир убакта Абу Бакр өтүп калды. Андан мени конокко чакыруу үчүн гана Аллахтын Китебиндеги бир аят туурасында сурадым. Бирок ал мени конокко чакырган жок. Андан кийин Умар өтүп калды. Андан да мени конокко чакыруу үчүн гана Аллахтын Китебиндеги бир аят туурасында сурадым. Бирок ал да мени конокко чакырган жок. Андан кийин Абул Касим, (Пайгамбар) саллаллаху алейхи уа саллам, өтүп калды. Ал мени көргөндө жылмайып менин абалымды жүзүмдөн байкады да: «Эй, Абу Хирр» – деп айтты. Оо, Аллахтын Элчиси! Мен кызматыңызга даярмын дедим. Пайгамбар: «Мени менен жүр» – деп үйүнө алып барды да кирүүгө уруксат сурады. Кирүүгө уруксат берилгенден кийин үйүнө кирдик. Бир идиште сүт турган экен Пайгамбар: «Бул сүт кайдан?» – деди. Ага: «Сизге баланча белек кылып жибериптир» – деп айтышты. «Эй, Абу Хирр» – деп айтты. Мен Оо, Аллахтын Элчиси кызматыңызга даярмын дедим. Пайгамбар: «Ахлу Суффадагы адамдарга барып чакырып кел» – деди. Ахлу Суффанын адамдары Исламдын коноктору эле».[5]

---

[1] (Сахих Муслим, 1871).
[2] (Сахих Бухари, 1862)
[3] (Сахих Бухари, 2568)
[4] (Сахих Бухари, 2566)
[5] (Сахих Бухари, 6452)

3. МАМИЛЕНИ БЕКЕМДӨӨ ҮЧҮН БЕЛЕК БЕРҮҮ

Абдуллах ибну Абу Мулайка айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, жибектен токулган жана топчулары алтындан болгон чепкендер белекке берилди. Ошондо ал сахабаларына таратып салды. Ал чепкендердин бирин Махрама ибну Науфалга алып калды. Махрама баласы менен Пайгамбардын үйүнө келип: «Мага Пайгамбарды айтып чыкчы» – деп айтты. Анын үнүн Пайгамбар угуп колуна чепкенди алып аларды тосуп алды. «Эй, Абу Мисвар! Муну сага мен даярдап койдум. Эй, Абу Мисвар! Муну сага мен даярдап койдум» – деп айтты. Абу Мисвардын кулк-мүнөзү катуу эле».[1]

Бул хадистеги окуя мусулмандарга жибек кийүү жана алтын колдонуу тыюу салына электе болгон.

4. БЕЛЕК БЕРГЕНГЕ ЫРАХМАТ АЙТУУ

Жабир ибну Абдуллах, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Кимге белек берилсе, анда анын кайтарганы белеги болсо, анда кайтарсын. Эгерде болбосо аны мактасын. Ошондо ким аны мактаган болсо, ал ырахматын айткан болот. А эгерде жашырган болсо, анда четке каккан болот».[2]

Усама ибну Зайд, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Эгерде ким жакшылык көрсө, анда ал жакшылык кылган адамга: «Жазакаллаху хайран» (Аллах сени жакшылык менен сыйласын) – деп айтса, аны жетиштүү мактаган болот».[3]

5. БЕЛЕКТИ ЖАКЫН ЖАЙГАШКАН КОШУНАДАН БАШТАП БЕРҮҮ

Аиша, радыяллаху анха, айтты:

«Мен «Оо, Аллахтын Элчиси! Менде эки кошунам бар. Кимисине белек берейин?» – деп сурадым. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Сага Кимисинин эшиги жакын болсо, ошого бер» – деп айтты».[4]

6. РАЙХАН ЖАНА ЖЫПАР ЖЫТТУУ АТЫРЛАР БЕЛЕК КАТАРЫ БЕРИЛСЕ КАЙТАРБОО

Анас ибну Малик, радыяллаху анхуга, атырларды белек кылып беришкенде кайтарган эмес. Жана ал: «Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, атырлар белек катары берилгенде кайтарбаган» – деп айтты.[5]

7. АР КАНДАЙ СЕБЕПТЕР МЕНЕН БЕЛЕКТИ АЛБАЙ КАЙТАРСА БОЛОТ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

[1] (Сахих Бухари, 3127)
[2] (Сунан Абу Дауд, 4813)
[3] (Сунан Тирмизи, 2035)
[4] (Сахих Бухари, 2259) .
[5] (Сахих Бухари, 2582)

«Аллахка ант болсун! Мен бүгүндөн баштап эч кимден белек кабыл албаймын. Бир гана хижрат кылган Курайш уруусундагы адамдардан же Ансарлардан, же Даус уруусунан, же Сакаф уруусунан гана кабыл аламын».[1]

Абу Хурайра радыяллаху анху айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, Фузаро уруусунан бир киши төө белек кылат. Андан кийин Пайгамбар да ага кээ бир нерселерди белек кылып кайтарганда Ал киши нараазы болуп калат. Ошондо мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, минбарда мындай деп айтканын уктум: «Четте жашаган арабтардын кээ бирлери белек беришет. Кийин аларга өзүмдө бар болгон нерселерден белек кылып берсем, нараазы болушат. Мына ошол мен берген белектин айынан мага капа болуп жүрөт. Аллахка ант болсун! Мен бүгүндөн баштап эч кимден белек кабыл албаймын. Бир гана хижрат кылган Курайш уруусундагы адамдардан же Ансарлардан, же Даус уруусунан, же Сакаф уруусунан гана кабыл аламын».[2]

## УКТООНУН АДЕПТЕРИ

1. КУПТАН НАМАЗЫНАН АЛДЫҢ УКТАБОО ЖАНА КУПТАНДАН КИЙИН КЕРЕКСИЗ СӨЗДӨР МЕНЕН АЛЕК БОЛБОО

Абу Барза, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, куптан намазынан алдың уктоону жана куптан намазынан кийин сүйлөшүүнү жактырган эмес».[3]

2. ДААРАТ МЕНЕН УКТОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким даарат алып уктай турган болсо, анда түнү бою анын кийиминде бир периште болот. Ал адам ар бир ойгонгон сайын (же оодарылган сайын) периште: «Оо, Аллах! Бул пендеңди кечиргин. Анткени ал даарат алып уктады» – деп айтып турат.[4]

Муааз ибну Жабал, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Кандай гана мусулман болбосун, даарат алып уктаса, андан кийин түн ичинде уйкусунан ойгонуп кетип Аллахтан бул дүйнөнүн жакшылыктарын жана Акыреттин жакшылыктарын сураса, анда анын сураганын Аллах сөзсүз берет».[5]

3. УКТААРДАН АЛДЫҢ ТӨШӨГҮН КАГЫП ОҢ ЖАК МЕНЕН ЖАТУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгерде силердин бирөөңөр уктай турган болсо, анда ыштанын бир тарабы менен «Бисмиллах» деп жаткан жуурканын каксын. Анткени ал жуурканына эмнелерди таштап кеткенин билбейт. Андан кийин уктоону кааласа, анда оң жагы менен жатсын да мындай деп айтсын: «Оо, Раббим! Сенин

[1] (Сунан Абу Дауд, 3537)
[2] («Адаб аль-Муфрад», 614)
[3] (Сахих Бухари, 568)
[4] (Сахих Ибну Хиббан, 1051)
[5] (Сунан Абу Дауд, 542)

атың менен денемди (жуурканга) койдум. Жана Сени атың менен турамын. Эгерде жанымды алып калсаң, анда ырайым кыл. А эгерде жанымды кайра денеме жөнөтсөң, анда салих пенделериңди сактагандай мени да сакта. (Бисмика рабби вадаъту жанби уа бика арфаъух ин амсакта нафси фархамха уа ин арсальтаха фахфазха бима тахфазу бихи иъбадакас салихин)».[1]

4. УКТААРДАН АЛДЫН ЭКИ АЛАКАНЫН БИРИКТИРИП КУРАНДАГЫ АКЫРКЫ ҮЧ СҮРӨӨНҮ ОКУП ДЕМ САЛЫП ДЕНЕСИНЕ СҮРТҮҮ

Аиша, радыяллаху анху, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, уктоо үчүн төшөгүнө келгенде дайыма эки алаканын бириктирип Ихлас, Фалак жана Наас сүрөөлөрүн окуп алаканына үйлөп денесине алаканы жеткен жерине чейин сүртөт эле. Биринчи башынан баштап сүртүп келип бетин сүртүп андан кийин денесине сүрткөн. Ушинтип үч ирет кайталаган».[2]

5. АЯТАЛЬ-КУРСИ АЯТЫН ОКУП ЖАТУУ

Аяталь-Курси – бул Бакара сүрөөсүнүн 255-аяты.

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:

«Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, орозодо зекеттен чогулган азык-түлүккө мени кароолчу кылып койгон эле. Түндөсү бир киши келип, зекеттен чогулган азык-түлүктөн уучтап-уучтап ала баштады. Мен аны кармап алдым да: «Мен сени Аллахтын Элчисине алып барам» – деп айтсам, ал мага: «Мен абдан муктажмын. Менин бала-чакам бар. Мен өтө кыйын абалдамын» – деп мага өзүнүн оор абалын билдирди. Мен ага боорум ооруп, коё бердим. Эртеси таң атканда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, менден: «Сен кечээки туткунуңду эмне кылдың?» – деп сурады.

– Мен: «Оо, Аллахтын Элчиси! Ал мага өзүнүн оор абалын, бала-чакасын айтып даттанды эле, мен ага боорум ооруп коё бердим» – деп жооп бердим. Менин жообумду уккандан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Ал сага жалган айтыптыр. Бирок ал кайра кайтып келет» – деп айтты. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мага ошентип айткандан кийин мен анын кайра келээрин билип, аны аңдып турдум. Пайгамбар айткандай эле ал түндөсү кайра келип азык-түлүктөн уучтап-уучтап уурдай баштады.

– Мен аны кармап алып: «Мен сени Аллахтын Элчисине алып барам» – деп айтсам, ал: «Мени коё берчи. Мен чын эле муктажмын. Балдарым да бар. Экинчи кайтып келбеймин» – деп жалдырады. Мен ага боорум ооруп, кайра коё берип койдум. Эртеси эртең менен Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, менден: «Эй, Абу Хурайра! Сен туткунуңду эмне кылдың?» – деп сурады.

– Мен: «Оо, Аллахтын Элчиси! Ал мага өзүнүн оор абалын, бала-чакасын айтып жалдырады эле, мен ага боорум ооруп, кайра коюп жибердим» – деп жооп бердим.

– Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Ал сага жалган айтты. Бирок ал дагы кайтып келет» – деди.

Үчүнчү түнү мен аны аңдып отурсам, ал кайра келип азык-түлүктөн уучтап-уучтап ала баштады. Мен аны кармап алып: «Мен сени Аллахтын Элчисине алып барам. Сен ушуну менен үчүнчү жолу келбейм деп убада берип, кайра эле келип жатасың» – деп айттым.

Ал: «Мени коё бер. Эгер мени коё берсең, мен сага ушундай сөздөрдү үйрөтөм, ал сөздөр сага Аллахтын алдында пайдасын тийгизет» – деди.

Мен таң калып: «Ал кандай сөздөр?» – деп сурадым.

Ал: «Кечинде жатаарда аяталь-Курсини башынан аягына чейин окуп жат. Эгерде аяталь-Курсини окуп жатсаң, ал түнү таң атканча сен Аллахтын коргоосунда болосуң жана сага эч бир шайтан жолой албайт» – деп айтты. Ал ошентип айткандан кийин мен аны өз жолу менен коё бердим.

[1] (Сахих Муслим, 2714)
[2] (Сахих Бухари, 5018)

Эртеси таң атканда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, менден: «Сен кечээ түнү туткунуңду эмне кылдың?» – деп кайра сурады.

– Мен: «Оо, Аллахтын Элчиси! Ал мага Аллахтын алдында пайдасы тие турган сөздөрдү үйрөтөм деп айтканынан, кайра коё бердим» – деп айттым.

– Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Ал кандай сөздөр экен?» – деп сурады.

– Мен: «Ал мага: «Кечинде жатаарда аяталь-Курсини башынан аягына чейин окуп жат. Эгерде аяталь-Курсини окуп жатсаң, ал түнү таң атканча сен Аллахтын коргоосунда болосуң жана сага эч бир шайтан жолой албайт» – деди» – деп жооп бердим. Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Чындыгында ал жеткен жалганчы. Бирок бул жолкусунда ал сага чындыкты айтыптыр» – деп ал кишинин сөздөрүн тастыктап, менден: «Эй, Абу Хурайра! Сен үч күндөн бери ким менен сүйлөшүп жатканыңды билесиңби?» – деп сурады. Мен: «Жок. Ал ким экенин билбейм» – деп жооп бердим. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, мага: «Сен үч күндөн бери сүйлөшүп жаткан киши – шайтан болчу» – деп айтты.[1]

6. СУБХАНАЛЛАХ, АЛХАМДУЛИЛЛАХ, АЛЛАХУ АКБАР СӨЗДӨРҮН АЙТЫП ЖАТУУ

Али, радыяллаху анху, айтты:

«Фатима жаргылчакты көп тартып колдору кабырып кеткендиктен, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, арызданып барат. Ал Фатима Пайгамбарга кулдар келгенин уккан болот. Бирок Пайгамбарга барганда аны таппай Аиша, радыяллаху анхага, келген максатын айтып кайра кетет. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, үйүнө келгенде Аиша, радыяллаху анха, Пайгамбарга Фатиманын келгенин айтат. Ошондо Пайгамбар биз кеч кирип уктоо үчүн жатып алганыбызда биздин үйгө келди. Биз туралы деп аракет кылганыбызда: «Ордуңарда жата бергиле» – деп айтты. Ошентип Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, (үйгө кирип) Фатима менен менин ортомо отурду. Пайгамбар мага жакын отургандыктан буту ичиме тийип турду. Мен анын бутунун суугун сезип турдум. Ошондо ал: «Мен силердин сураган нерсеңерден да жакшы нерсени айтайынбы? Уктоо үчүн жатканда 33 жолу «Субханаллах» деп айткыла, 33 жолу «Алхамдулиллах» деп айткыла жана 34 жолу «Аллаху Акбар» деп айткыла. Мына бул экөөң үчүн кызматчыдан да жакшы» – деп айтты».[2]

7. КЕЧИНДЕ ЖАТАР АЛДЫНДА ОТТУ ӨЧҮРҮП ЖАТУУ

Абдуллах ибну Умар, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Жатарга камынганыңарда үйүңөрдөгү отту өчүргүлө».[3]

Абу Муса, радыяллаху анху, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга:

«Мадинадагы үйүбүз кечинде өрттөнүп кетти» – деп айтканда Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Чындыгында бул от – силердин душманыңар. Эгер кечинде жата турган болсоңор, анда отту өчүрүп жаткыла» – деп айтты.[4]

8. УКТААР АЛДЫНДА ЭШИКТЕРДИ ЖАНА ИДИШ-АЯКТАРДЫН ҮСТҮН ЖААП КОЮ

[1] (Сахих Бухари, 2311)
[2] (Сахих Бухари, 5361)
[3] (Сахих Бухари, 5361)
[4] (Сахих Бухари,6294)

Жабир, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Эгер кеч кирген болсо, балдарыңарды үйдөн чыгарбагыла (же өзүңөргө жакын кармагыла). Чындыгында ошол убакытта жин-шайтандар жер бетине тарашат. Ал эми ошол убакыт өткөндөн кийин балдарыңарды коё бергиле. Эшигиңерди Аллахтын атын эстеп «БисмиЛлах» деп жапкыла, чындыгында шайтан (Аллахтын аты аталып жабылган) эшикти ача албайт. Аллахтын атын эскерип «БисмиЛлах» деп чаначыңардын оoздорун байлагыла. Ал эми идиш-аяктарды жапканы же байлаган эч нерсе жок болсо, анда бир нерсени болсо да туурасынан таштап койгула. Жана шам чырактарыңарды өчүргүлө».[1]

Жабир, радыяллаху анху, риваят кылган башка бир хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Идиш-аяктарыңардын беттерин жаап жана чаначтарыңардын оoздорун байлагыла. Чындыгында бир жылдын ичинде бир түн бар. Ал түнү бир ооруу түшөт. Ал бети жабылган жана оозу байланган идиштердин башкасынан баарына түшөт».[2]

9. ЖУНУП АБАЛЫНДА ДААРАТ АЛЫП УКТОО

Жунуп – эркек менен аялдын жыныстык байланышынан кийинки абал, же балгатка жеткен уул жана кыз балдардан түшүркөп же кандайдыр бир ыкмалар менен дүүлүгүп бел сууларынын атырылып чыккандан кийинки абал.

Аиша, радыяллаху анха, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, жунуп абалында жата турган болсо, анда ич даарат* алып андан кийин намазга даарат алгандай даарат алчу».[3]

*Чоң зара жана кичи зара чыгуучу орундарды жубуу

Умар, радыяллаху анху, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдан:

«Биздин арабыздан бирөө жунуб абалында жатса болобу? – деп сурады Ошондо Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Ооба, эгер силерден бирөө жунуб болуп калса, анда даарат алып жатсын» – деп жооп берди».[4]

10. УКТАРДА ИЧИН БАСЫП ЖАТПОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, айтты:
«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ичин басып жаткан бир адамды көрүп: «Чындыгында Аллах бул жатышты жакшы көрбөйт» – деп айтты.[5]

11. ТҮН ИЧИНДЕ ОЙГОНГОН АДАМ ДУБА КЫЛСЫН

Убада ибну Самит, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Ким түнкү уйкусунан ойгонуп кетип, андан кийин: «Лаа илааха иллаллаху уахдаху, лаа шариика лаху, лахул мулку, уа лахул хамду, уа хуа алаа кулли шайин кадир. Алхамдулиллах, уа субханаллах, уа лаа

[1] (Сахих Бухари, 6294)
[2] (Сахих Муслим, 2014)
[3] (Сахих Бухари, 288)
[4] (Сахих Бухари, 287)
[5] («Муснад» Ахмад, 8028)

илааха иллаллах, уаллаху акбар. Уа лаа хаула уа лаа куввата илла биллах». «Жалгыз Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Анын шериги жок, бардык мүлк жана бардык мактоолор Ага гана таандык, Ал бардык нерсеге кудуреттүү. Бардык мактоолор Ага гана болсун, Аллах айып-кемчиликтерден аруу, Аллахтан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Аллах улуу, Андан башка эч ким де күч-кубат жок» — деп, андан кийин: «Оо, Аллах! Күнөөлөрүмдү кечир деп дуба кылса, анда дубасы кабыл болот, даарат алып намаз окуса, анда намазы да кабыл болот».[1]

## НАПСИНИ ТАРБИЯЛОО АДЕПТЕРИ

1. ӨЗ НАПСИҢ МЕНЕН ЭСЕПТЕШИП ТУР

Аллах таала айтты:

«Эй, ыйман келтиргендер! Аллахтан корккула! Ар бир адам эртеңкиге эмне даярдагандыгын карасын! Жана Аллахтан корккула! Чындыгында Аллах силердин эмне кылып жатканыңардан кабардар».[2]

2. ДҮЙШӨМБҮ ЖАНА БЕЙШЕМБИ КҮНҮДӨРҮ ОРОЗО КАРМАП НАПСИҢДИ ТАРБИЯЛА

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылат. Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Иш-аракеттер дүйшөмбү жана бейшемби күнү (Аллахка) көтөрүлөт. Мен орозо абалымда иш-аракеттеримдин көтөрүлүүсүн жакшы көрөм».[3]

3. НАПСИНИ ТАХАЖУД НАМАЗЫНА КӨНДҮРҮҮ

Тахажуд намазы түн ичинде окулуучу намаз. Эки рекеттен окуп баштоо мустахаб сооптуу амалдардан.

Аиша энебиз радыяллаху анха, айтты:

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, тахажуд намазын окуу үчүн турганда, алгачкы эки рекетин кыска сүрөөлөр менен баштайт эле».

Тахажуд намазы нафил намаз. Эгер аны окубай таштаган болсо, анда күнөөкөр болбойт. Бирок ошону менен биргеликте көп убакытка таштап коюу туура эмес. Себеби тахажуд намазы туурасында ыйык Куранда жана Пайгамбардын хадистеринде, мусулмандар үчүн өтө маанилүү экендиги баяндалган.

Аллах Таала айтты:

«Эй, кийимине оронуп алган! Түндөрдү ибадат менен өткөр да, бир аз бөлүгүн уйкуга бөл. Жарымын, же андан да бир аз азайт. Ага кошуп кырааты менен Куран оку. Жакында биз сага салмактуу сөз түшүрөбүз».[4]

Аиша, радыяллаху анху, айтты:

«Чындыгында Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, түндөсү көп намаз окугандыктан буттары шишип кетет эле».

---

[1] (Сахих Бухари, 1154)
[2] (Хашр сүрөөсү, 18-аят)
[3] (Сунан Тирмизи, 747)
[4] (Муззаммил сүрөөсү, 1-5 аяттар)

Күндөрдүн биринде Аиша, радыяллаху анха: «Оо, Аллахтын Элчиси! Аллах таала сиздин өткөн жана келерки күнөөлөрүңүздү кечирген эле го, эмне үчүн мындай кыласыз?» – деп айтканда: «Мен да Аллахтын көп шүгүр кылган пенделеринен болсом болбойбу?» – деп айтты. Качан гана буттарын шишиги көбөйгөндө олтуруп окуп, рүкү кылгысы келгенде туруп Куран окуп андан кийин рүкү кылат эле».[1]

4. ЭРТЕҢ МЕНЕНКИ ЖАНА КЕЧКИ ЗИКИРЛЕРДИ АЙТУУГА НАПСИНИ КӨНДҮРҮҮ

Шаддад ибну Аус, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Истигфарлардын эң улугу бул: «Аллахумма Анта Рабби, лаа илааха илла Анта, холактани уа ана ъабдука, уа ана аълаа аъхдика уа уаъдика мас-татоъту, аъузу бика мин шарри маа санаъту, абуу-у лака биниъматика аълаййа, уа абуу-у бизанбии, фагфирлии, фа иннаху лаа ягфируз зунууба илла Анта». «Оо Аллах! Сен менин Раббимсиң. Сенден башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Мени жараттың, мен Сенин кулуңмун. Мен Сенин милдеттериңди, Сага берген убадаларымды алым жетишинче аткарамын. Кылган нерселеримдин жамандыгынан Сенден коргоо сураймын. Мага берген нээматтарыңды мойнума аламын. Күнөөлөрүмдү да мойнума аламын, мени кечир! Сенден башка күнөөлөрдү эч ким кечирбейт» – дегенден кийин мындай деди: «Ким ушуну күндүзү толук ишенген абалда айтып, ошол күнү жан берсе, анда ал бейиш ээлеринен болот. Түндөсү толук ишенген абалда айтып, ошол түнү жан beресе, анда ал бейиш ээлеринен болот».[2]

5. ЖҮРӨКТҮ ТАЗАЛОО

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Албетте Аллах силердин келбетиңерге жана байлыгыңарга карабайт. Бирок силердин жүрөгүңөргө жана иш-аракетиңерге карайт».[3]

6. АДАЛ МЕНЕН АЗЫКТАНУУ

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты:

«Чындыгында Аллах таала таза. Ал тазадан башка эч нерсени кабыл кылбайт. Чындыгында Аллах таала элчилерге буйруган нерсени ыймандууларга да буйруду».

Андан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Аллах тааланын бул сөзүн окуду: «Эй, Элчилер! Адал ырыскылардан жегиле жана жакшы иш-аракеттерди кылгыла. Албетте Мен силердин эмне кылганыңарды Билүүчүмүн».[4]

Жана Аллах таала айтты: «Эй, ыйман келтиргендер! Биз силерге ырыскы кылып берген нерселердин адалдарынан жегиле».[5]

Андан кийин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, үстүн чаң баскан, чачтары жүдөгөн, алыскы сапардан келе жаткан адам туурасында мындый деп айтты. Ал адам колун асманга көтөрүп:

[1] (Сахих Бухари, 4837)
[2] (Сахих Бухари, 5831)
[3] (Сахих Муслим, 2564)
[4] (Муъминуун, 51-аят).
[5] (Бакара сүрөөсү, 172-аят).

«Оо, Раббим! Оо, Раббим!» – деп дуба кылат. Бирок анын жегени арам, ичкени арам, кийгени арам, ал арам менен азыктанган. Анан анын дубасы кантип кабыл болмок эле?!» – деп айтты».[1]

[1] (Сахих Муслим, 1015)